**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Диссертациялык кеңеш Д 12.20.614**

*Кол жазма укугунда*
*УДК 343.97(575.2)(04)*

**СУЛАЙМАНОВА АЙНУРА ЭРТАБЫЛДЫЕВНА**

# ВАНДАЛИЗМДИН ТАРЫХЫЙ-УКУКТУК АСПЕКТИЛЕРИ

12.00.01 – мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы, мамлекет жана укук жөнүндө окуулардын тарыхы

Юридика илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган
д и с с е р т а ц и я

Илимий жетекчи:
юридика илимдеринин доктору,
профессор Джоробекова А.М.

**Жалал-Абад, 2021**

**МАЗМУНУ**

КИРИШ......................................................................................................3

**1 ГЛАВА. ВАНДАЛИЗМ МЕНЕН КҮРӨШҮҮНҮН РЕТРОСПЕКТИВАЛЫК ЖАНА САЛЫШТЫРМАЛУУ-УКУКТУК АНАЛИЗИ**

1.1. Вандализмдин социалдык маңызы....................................................10

1.2. Вандализм үчүн жоопкерчилик тууралуу мыйзамчыгаруучулуктун калыптануусу жана өнүгүүсү: суроонун тарыхы........................................36

1.3. Вандализм үчүн жоопкерчилик тууралуу бүгүнкү күндөгү чет мамлекеттердин мыйзамчыгаруучулугунун нормаларынын салыштырмалуу-укуктук анализи..................................................................71

**2 ГЛАВА. ВАНДАЛИЗМ МЕНЕН КҮРӨШҮҮНҮН ТЕОРИЯСЫ ЖАНА ПРАКТИКАСЫ**

2.1. Вандализмдин бүгүнкү абалы жана масштабдары...............................91

2.2. Вандализм үчүн мүнөздүү болгон факторлордун социалдык шартталгандыгы..........................................................................................108

2.3.Вандализмдин өзгөчөлүктөрү жана анын башка чектеш коомдук кооптуу кылмыштардан чектөө..................................................................126

ТЫЯНАКТАР...........................................................................................147

КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАРДЫН ТИЗМЕСИ....................................151

# КИРИШ

**Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Кыргызстандын коомдук жашоосунун түрдүү чөйрөлөрүндө орун алган социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр социалдык корголбогондукка шарт түзүп, аны менен биргеликте жаштардын асоциалдык жүрүм туруму менен байланышкан көйгөйлөрдү, алардын алсыз коомдук адаптациясын, имараттарды, курулуштарды, тарыхтын, маданияттын эстеликтерин негизсиз кордоодо, коомдук адептүүлүктү акарат кылган сүрөттөө жана башка жолдор менен жасалган аракеттерде, жана ошондой эле транспортто же башка коомдук жайларда мүлктү бузуу, материалдык-маданий баалуулуктарды бузууда чагылдырылган ачуулукту жана нараазычылыкты ачыктады.

Бүгүнкү мезгилде вандализм коомдук кооптуу көрүнүш катары биздин коомдо уланып келгендигин жана жазык жоопкерчилиги тууралуу мыйзамчыгаруучулугунда жоопкерчиликтин камтылгандыгына карабастан зыянын тийгизгендиги белгилеп кетүү зарыл. Вандализмдин кесепеттери материалдык зыянында гана эмес, ошондой эле социалдык чыңалууларда да байкалып келет. Жашы жетелектердин жана жаштардын арасында бул кылмыштык аракеттердин жайылгандыгын жана ошондой эле бул аракеттердин жайылуусунун жаңы формаларынын жана ыкмаларынын пайда болуусун эске алуу менен аларды алдын алуучу чараларды жасоо керек. Ошондуктан мамлекеттик органдардын, коомдук жана бей өкмөттүк уюмдардын, жана ошондой эле жарандардын ишмердүүлүгүнүн башкы багыты болуп вандализмди алдын алуу эсептелет.

Кыргызстанда жүргүзүлүп жаткан соттук укуктук реформа кылмыштарды алдын алуунун мамлекеттик саясатынын негиздерин түздү. Мамлекеттин укуктук системаны бекемдөө, моралдык адептик тарбиялоо,

вандализм менен байланышкан коомдук кооптуу аракеттерди жасоого алып келген, социалдык негативдик факторлорду жокко чыгарган, өзүн өзү өнүктүрүү жана жеке өсүү үчүн шарттарды түзүү боюнча аракеттери жетишсиз. Вандализмди алдын алуу системасы менен негативдик белгилерди курган коомдун бардык чөйрөлөрүн өзүнө камтыйт.

Вандализм көйгөйлөрү тиричилик чөйрөсүнөн сыртка чыкты, анткени, тилекке каршы, мындай аракеттердин кесепеттеринин таасири чоң. Себеби мындай бузуучулук аракеттер көптөгөн себептер менен түшүндүрүлүп, көп учурда адамдын аң-сезиминде жашынып, инсандын социалдык психологиялык кемчиликтеринин симптомдорун түзөт. Себептик кесепеттик көз карандылыкка, коомдук аң-сезимде максатсыз, эч нерсе менен негизделбеген антикоомдук аракет катары болгон вандалдык аракеттердин мотивдерин аныктоого көңүл бөлүү керек. Мисалы, социалдык баалуулуктардын деформациясы жүргөн, бекитилген нормалардын түрдүү бузулууларына алып келген керектөөнүн кыйырлоосу орун алган социалдык институттарды аныктоо абзел.

Биздин жазык мыйзамчыгаруучулугубузда каралган бул аракеттердин белгилери салыштырмалуу абстракттык түшүнүктөр менен аныкталып, юрист теоретиктер жана практикалык бөлүктөрдүн кызматкерлери менен бирдик түшүнүүгө алып келбейт. Ошону менен биргеликте, биздин республикабызда вандализмдин жаратылышы жана көйгөйлөрүн атайын изилдөөлөрдүн жоктугу, вандализмдин маңыздуу мүнөздөмөсү менен байланышкан социалдык психологиялык аспектилерди эске албай туруп бул көрүнүштү кеңири кароо, аны чектеш кылмыштардын курамынан чектөө боюнча иштелген методдордун жетишсиздиги бул коомдук кооптуу аракеттер менен күрөшүүнүн натыйжалуулугуна терс таасирин тийгизет.

Жогоруда аталган бул теманын актуалдуулугун тастыктап, укуктук жаратылышынын изилденүүсүнүн маанилүүлүгүн, жана ошондой эле

теоретикалык жана практикалык маңызы менен шартталган вандализмдин мүнөздөмөсү менен байланышкан көйгөйлөрдү белгилейт.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар менен болгон байланышы.** Бул диссертациялык изилдөө инициативдүү болуп эсептелип, жождун ИИИнин планына кирбейт.

**Изилдөөнүн максаты жана маселелери.** Диссертациялык изилдөөнүн максатын вандализмдин комплекстик тарыхый укуктук изилденүүсү түзөт.

Коюлган максаттарды ишке ашыруу үчүн төмөнкү **маселелер** белгиленет:

- вандализмдин социалдык маңызын ачыктоо;
- вандализм үчүн жоопкерчилик тууралуу мыйзамчыгаруучулуктун калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн ретроспективалык талдоосун жүргүзүү;
- вандализм үчүн жоопкерчилик жөнүндө чет өлкөлөрдүн мыйзамчыгаруучулугунун нормаларынын салыштырмалуу укуктук талдоосун жүргүзүү;
- вандализмдин заманбап абалын жана жайылгандыгын изилдөө;
- вандализм үчүн мүнөздүү болгон факторлордун социалдык шартталгандыгын аныктоо;
- вандализмдин анын окшош коомдук кооптуу аракеттерден чектөөчү белгилерин аныктоо.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы.** Бул диссертациялык изилдөө Кыргыз Республикасында вандализмдин тарыхый укуктук аспектилерин комплекстик талдоого арналган биринчи иштерден болуп саналат.

Эмгекте вандализмдин социалдык маңызы жүргүзүлгөн, вандализм үчүн жоопкерчилик жөнүндө мыйзамчыгаруучулуктун калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн суроолору изилденген, вандализм үчүн жоопкерчилик жөнүндө чет өлкөлөрдүн мыйзамчыгаруучулугунун нормаларынын

салыштырмалуу укуктук талдоосу каралган, вандализмдин заманбап абалы жана жайылгандыгы изилденген, вандализмдин факторлору жана алардын социалдык шартталгандыгы изилденген, вандализмди башка чектеш коомдук кооптуу аракеттерден айырмалаган өзгөчөлүктөр каралган, жана ошондой эле изилденип жаткан көйгөй боюнча тыянактар жана сунуштар берилген.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү** жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында алынган жана иштелген илимий практикалык жоболор Кыргыз Республикасынын жазык мыйзамчыгаруучулугуна анын андан аркы жакшыртылуусу үчүн өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү максатында колдонулуусунун мүмкүн болгондугу менен аныкталат. Андан сырткары, автор тарабынан иштелген сунуштар жана тыянактар вандализмдин көйгөйлөрү боюнча андан кийинки изилдөөлөрдү жүргүзүүдө илимий изилдөө ишмердүүлүгүндө, юридикалык багыттагы окуу жайларында адистерди окутуу жана даярдоо процессинде, «Мамлекеттин жана укуктун теориясы», «Жазык укугу», «Криминология», «Укук бузууларда алдын алуу» сабактарын окутууда окуу процессинде колдонулуусу мүмкүн.

## ЖАКТООГО ЧЫГАРЫЛГАН ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР:

1. Коомдук кооптуулук вандализмдин социалдык маңызы катары түрдүү факторлордун таасири астында инсандын калыптануу процессинде куралган ички деструктивдик багыттамалардан көз карандылыгы тууралуу негизделген тыянак. Ошону менен биргеликте, негативдик мамилени билдирүү менен, өзүн өзү бекитүүнү каалоо менен, укук бузуунун оор көрүнүштөрүнө айлана турган өзү кабыл алган антисоциалдык аракеттерин демонстрациялоо менен, өзүнүн агрессиясын жалпы колдонуудагы мүлктүн жана буюмдардын маанисиз бузулуусуна,

кордолуусуна же тарыхый маданий эстеликтердин бузулуусуна багыттап, анын натыйжасында мүлктүк мамилелерге зыян тийгидүү түрүндөгү коомдук кооптуу кесепеттер орун алуусу мүмкүн.

2. Жасалган изилдөө бирөөнүн мүлкүн бузуу жана ага зыян тийгизүү менен байланышкан анти коомдук аракеттер узак мезгилдеги тарых ичинде мамлекеттин өнүгүүсүнүн түрдүү мезгилдеринде тергөөчүлүк укуктук тажрыйбада коллизиялык абалдарды түзүү менен кылмыштардын чектеш курамдарынын мазмунунда бул аракеттердин белгилеринин бекитилгендигине байланыштуу түрдүү укуктук баалоого жана квалификацияланууга ээ болгондугун көрсөттү. Кыргыз Республикасынын мыйзамчыгаруучулугунун өнүгүүсү жазык мыйзамынын түзүмүндө вандализмдин бирдиктүү курамына мүлктүн кордолуусу жана бузулуусу үчүн жазык жоопкерчилигин кошкон жобону иштеп чыгууга шарт түздү жана бүгүнкү күндө бул норманын предметтеринин тизмесин кеңейтүү жолу менен андан аркы жакшыртылуусу аткарылууда.

3. Көптөгөн өлкөлөрдү вандализм менен байланышкан аракеттердин жайылгандыгы жана ошондой эле жогорку латенттүүлүгүнүн мүнөзү боюнча вандализмге жакын болгон коомдук кооптуу аракеттерге мыйзамчыгаруучулук менен тыюу салууга жана ал үчүн жоопкерчиликти жазык мыйзамчыгаруучулугунун өз алдынча нормасында жана бир нече беренелеринде имараттардын жана курулуштардын булгоо, коомдук транспортто же башка коомдук жайларда мүлктү бузуу жана кол салуунун предметинин тизмеси, жана ошондой эле жогорку көңүлдүн жана мамлекет тарабынан бул анти коомдук көрүнүшкө алдын алуу чараларын кабыл алуунун зарылдыгын тастыктаган жазанын чаралары менен айырмалаган башка курамдардын камтылуусу үчүн мүмкүнчүлүк жараткандыгы тууралуу теоретикалык тезис.

4. Вандализм тууралуу маалыматтын так эместиги анын латенттүлүгүнүн себебинен мамлекеттик, муниципалдык жана жеке

болгон менчиктин формаларына коомдук транспортто жана башка жайларда мүлктү бузуу, имараттарды, курулуштарды, тарыхый маданий эстеликтерди бузууга багытталган жасалып жаткан укукка каршы аракеттердин алдындагы бул аракеттердин реалдуу масштабын тастыктабагандыгы тууралуу тыянак аргументтелген, бирок ошол эле учурда ал мамлекеттик органдар, коомдук жана бей өкмөттүк уюмдар, жарандар тарабынан каршылык көрсөтүүнүн натыйжалуу чараларын өз убагында жана биргеликте иштелүүсүн талап кылган кол салуунун кооптуу формаларына айлануу перспективасына ээ болгон туура жолдон кайтарган жүрүм турумдун бузуучулук белгилерине көрсөтөт.

5. Вандализм социалдык көрүнүш катары коомдогу толкунданууларга жооп бергендиги жана протест белгиси катары коомдук тынчтыктын жана укуктук тартиптин түрдүү бузулууларында байкалгандыгы аныкталган. Коомдук тартипти камсыз кылуунун көйгөйлөрү коомдук мамилелердин стабилдүүлүк абалы, инсандын социалдык укуктук корголгондугу, мыйзамдуулук менен тыгыз байланышта болгондугун белгилеп кетүү зарыл. Коомдук мамилелер чөйрөсүндө жасалган вандалдык аракеттер кылмыштык аракеттер катары жалпы эрежелерден сырткары, анткени мыйзам менен каралган нормаларды бузат. Ошол эле учурда социалдык, социалдык психологиялык жана психикалык көз караш менен каралган күнөөлүүлөрдүн бул аракеттери мыйзамчыгаруучулук нормалары менен гана эч качан камтылып кетпейт. Ошол себеп менен вандализмдин гана эмес, ошондой эле ага коштош болгон социалдык көйгөйлөрдүн, бул социалдык феномендин коомдук мамилелерин изилдөөнүн маанилүүлүгү аныкталат.

6. Вандализмге мүнөздүү болгон аны коомдук мүлккө зыян тийгизген аракеттердин жасалуусунун ыкмасы, интенсивдүүлүгү, узактыгы менен чектөөгө мүмкүнчүлүк түзгөн өзгөчөлүктөрдүн жасалган изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталгандыгы негизделген. Предметтин

(имарат же курулуштар, коомдук транспортто жана башка жайлардагы мүлк) вандализмдин милдеттүү белгиси болгондугу белгиленет. Аракеттин жүрүшүндө мүлккө зыяны тийип, жыйынтыгында мүлктүн сапаттык абалы жана пайдалуулугу начарлагандыгы менен мүнөздөлгөн кылмыштын жасалуусунун механизми өзгөчө. Ошону менен биргеликте, мүлктүк мамилелерге зыянын тийгизүү факты күнөөлүүнүн аракеттеринде бул аракеттердин белгилерин аныктоочу критерий болуп саналат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** диссертациялык иштин даярдалуу процессинде диссертант тарабынан жоболор, тыянактар жана изилдөөнүн жыйынтыктары жеке түрдө иштелип чыккандыгы менен түшүндүрүлөт.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы** эл аралык жана илимий практикалык конференцияларга катышууга жана баяндоого даярдык процессинде, КР УАК сунуштаган журналдарында жасалган изилдөөнүн жүрүшүндө алынган негизги жыйынтыктарды жана жоболорду жарыкка чыгаруу, жана ошондой эле изилдөөнүн бул жыйынтыктарын мамлекеттин жана укуктун теориясы, жазык укугу, криминология, укук бузууларды алдын алуу сабактары боюнча курсанттарды жана угуучуларды КР ИИМдин Академиясында окутуу процессинди колдонуу аркылуу жүргүзүлгөн.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын чагылдырылуусунун толуктугу.** Иштелип чыккан жоболор, алынган жыйынтыктар жана диссертациялык изилдөөнүн тыянактары диссертант тарабынан 10 илимий эмгектерде басылып чыгарылган.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү** зарыл болгон талаптарга жооп берет жана киришүүнү, алты бөлүмдү камтыган эки главаны, тыянактарды, жана ошондой эле иште колдонулган булактардын тизмесин бириктирет.

# ГЛАВА 1. ВАНДАЛИЗМ МЕНЕН КҮРӨШҮҮНҮН РЕТРОСПЕКТИВАЛЫК ЖАНА САЛЫШТЫРМАЛУУ-УКУКТУК АНАЛИЗИ

## 1.1. Вандализмдин социалдык маңызы

Вандализм тартипти орнотуу боюнча коомдук мамилелердин чөйрөсүндө адамдын бузуучу жүрүм турумунун бир формасы болуп, акыркы жылдары жалпы коомчулук тарабынан активдүү талкууланып жана четке кагылып келет, анткени кылмыш-жаза мыйзамы менен корголуучу коомдук мамилелерге чоң зыянын тийгизет. Ал эми вандал катары бирөөгө же коомго таандык болгон мүлккө зыянын атайын же шалаакылык менен тийгизген адам түшүндүрүлөт[1, 240б.]. Бул мааниде вандализм түшүнүгү күндөлүк бейбаштыктын көрүнүштөрүнө окшош болуп таратылууда. Ал окуу жайларында, транспортто жабдыктарга, коомдук, жеке мүлккө зыян тийгүзүүнү, дубалдарга сүрөттөрдү жана жазууларды жана башкаларды түшүндүрө баштады.

Вандализм сөзүнүн пайда болуусу тарыхый түрдө вандалдардын уруулары менен байланышып, алар төртүнчү жүз жылдыктын ортосунда Римди талап тоноп, христиандык жана байыркы маданияттын эстеликтерин бузган [2, 140б.]. Вандализмдин бүгүнкү түшүнүгү – бул тарыхый, маданий эстеликти же болбосо табигый объектти коомдук адеп-ахлакка доо кетирген жазуулар, сүрөттөр же башка ыкма менен булгоо, буга тете эле транспортто же башка коомдук жерлерде мүлктү бузуу [3]. Мындай иштерди жасаган адамдарды вандал деп аташат.

Вандалдар өзгөчө оройлук менен айырмаланышып, ыйык буюмдарды жана храмдарды жөн эле бузуу менен чектелбестен, бул иштерди өзгөчө кемсинтүү формасында ишке ашырган. Мындан соң он

тогузунчу жүз жылдыкта вандализм сөзү маданияттын чыгармасынын жыйынтыктарын жана архитектуранын эстеликтерин бузуу же коргоо катары кеңири колдонулган. Окшош талкуулар бүгүнкү ата мекендик маалымат булактарындарда жана сөздүктөрдө кездештирилип, вандализ маданий жана материалдык баалуулуктардын эч бир маанисисиз бузулуусун түшүндүргөнү белгиленип, бузуучунун аракеттеринин тийгизген зыянынын иррационалдуулугуна өзгөчө көңүл бөлүнөт [1, 241б.].

Заманбап англис тилиндеги булактарда вандализмдин укуктук аспектисине көңүл бөлүнүп, вандал өзүнө жат болгон мүлктү атайын же одонолуктун кесепетинен бузган адам болгондугу белгиленет. Вандализмдин юридикалык аныктамалары түрдүү мамлекеттерде окшош болбогондугун белгилеп кетүү зарыл. Мындан сырткары, бирөөнүн мүлкүн бузуу менен байланышкан аракеттер, ыйык жайларга жана нерселерге болгон төмөн мамилелер түрдүү юридикалык баага ээ болуусу мүмкүн.

Вандализм тууралуу кеп кылып отуруп, изилдөөчүлөр бузуучунун түрдүү аракеттерин түшүнүшөт: паркты таштандылар менен булгоодон жана газон чөбүн тепселөөдөн тартып массалык тартип бузуулар учурунда магазиндерди тоноого чейин. Аныктаманын иштелип чыгуусунда кыйынчылыктар коомго деструктивдик мүнөздөгү бузуулардын индивидуалдык, топтук жана социалдык нормалар тарабынан түшүнүүсү менен байланышып, бири бирине туура келбейт [4, 141б.].

Орус тилинин сөздүгүндө вандализм маанисиз-катаал түрдөгү тарыхый эстеликтердин жана маданий баалуулуктардын бузулуусу жана варвардык катары каралып келет [5, 73б.]. Башка аныктама улуу орус тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө камтылып, бул түшүнүктүн кеңири түшүндүрмөсү берилген. Ага ылайык, вандализм орой агартууга, билим алууга каршы болгон аракеттерди түшүндүрөт[6, 163б.]. Мындан башка

кыска болгон аныктамалар да бар, ага ылайык вандализм бул жапайы орой каракчылыкты билдирет[7]. Башка изилдөөчүлөр вандализмдин эч бир маанисисиз катаал түрдө тарыхый эстеликтердин жана маданий баалуулуктардын бузулуусу катары мүнөздөлгөндүгүнө көңүл бөлүшөт.

Вандализмдин түшүнүгүнүн бир нече варианттарынын орун алгандыгын белгилеп кетүү маанилүү жана күнүмдүк колдонууда көркөм адабияттарда жана публицистикада бул сөз өзүнүн атайын юридикалык маанисин жоготуп, бул сөздүн кеңири мааниси болгон жалпы түрдө колдонулулат. Бул термин публицистикалык жана илимий адабияттарда аскердик-тарыхый темаларды тийиштүү тарыхый тилден сырткары болгон чындыктарды, көрүнүштөрдү, тарыхый фактыларды жана саясий катаклизмдерди сүрөттөш үчүн колдолуп, бул сөздүн тамырынын этимологиясы менен түшүндүрүлөт. Бул сөздүн маңызынын варианты психологиялык компонент менен байланышкан, себеби бул мааниде адамдын аракеттеринин маанисинин, рационалдуулугунун, адептигинин жоктугун, катаалдыктын же агрессиянын бар болгондугун көрсөтүү үчүн колдонулат. Бул сөз социологиялык мааниде материалдык жана рухий баалуулуктарды маанисиз бузуу, зыян тийгизүү түрүндө болгон социалдык көрүнүштөрдү билдирүү үчүн колдонулат. Бул учурда «вандализм» сөзү кеңири мааниге ээ болуп, кылмыштар гана эмес, ошондой эле административдик укук бузуулар жана башка окшош укук каршы аракеттерди өзүнө камтыйт.

Вандализм кесепети бирөөнүн мүлкүн, жаратылыш же электрондук-маалыматтык объектилерди же рухий жана маданий баалуулуктарды бузуу же ага зыян тийгизүү болгон агрессивдик мүнөздөгү кылмыштардын жыйындысы катары каралат. Мындай учурда бул термин криминологиялык мааниде каралат[8, 222-225б.].

Каралып жаткан көрүнүш тигил же бул аракеттерди вандализм катары түшүнүүдөн жана ошондой эле бул көрүнүштүн кандай илимий

көз карашы менен каралып жаткандыгынан жана укукка каршы аракеттерге болгон мамиледе субъектинин ойногон ролунуну кесепетине байланыштуу түрдүү түшүнүктөргө ээ болуусу мүмкүн. Албетте, жабырлануучу вандализм актында ага зыян тийгизген атайлап жасаган кылмышты көрөт. Ал эми вандализм жасаган адам тарабынан анын аракетери оюн же референттик топто анын ролун жана статусун аныктоого зарылдык катары же жаман ниетте эмес, анын ичинде жардам көрсөтүү, жасалган аракеттер катары кабыл алынат. Деструктивдик актыларды вандалдык аракеттерге таандыгын аныктоодо эң көп кыйынчылыктар вандалдык аракеттердин түрлөрүн жана анын көрүнүштөрүнүн түрлөрүн аныктоодо аморфтуулукту жаратат[9, 24-25б.].

Маданий чөйрөдө жана диний ишмерлердин чөйрөсүндө «вандализм» термини дагы да кеңири каралып, маданий баалуулуктардын түздөн түз бузулуусун гана эмес, ошондой эле маданий баалуулуктардын кыйын бузуу учурларын да өзүнө камтыгандыгын белгилеп кетүү зарыл. Анын ичинде руханий баалуулуктарды жана ориентирлердин бузулуусу же агартуудагы, маданияттагы, чыгармачылыктагы ачык болгон жетишсиздиктердин, ага бул чөйрөдөгү билимдеринин жоктугу кирип, кесепети мындай аракеттердин себептерине кирип, башка аморалдык жана башка негативдик болгон чыгармачылыктагы, маданияттагы эксперименттери (новациялары) вандализмди жасоого түрткү жаратат.

Коомдук аң сезимде мотивдерге ээ эмес, максатсыз, маанисиз жүрүм турумдар ошондой эле вандализм катары кабыл алынуусу мүмкүн. Көрүнүштөрдүн себептерин жана ошондой эле вандализмдин негизги мотивдерин аныктоо бул көйгөй боюнча биринчи маалыматтарынын пайда болгон моментинен тартып социалдык изилдөөчүлөрдүн негизги маселелерин түздү. Адабияттарда вандализмдин көрүнүштөрүнүн жана мотивдеринин алты тиби айтылат[10, 245б.]: - тактикалык вандализм, бул учурда бузуу башка максаттарга жетүү үчүн каражат катары колдонулат.

Мисалы, дүң жана чекене баалардын төмөндөөсүн болтурбоо максатында товарлардын чоң өлчөмү бузулат; - вандализм бир нерсеге ээ болуунун методу катары, бузуунун негизги мотиви материалдык пайда болуп саналат. Маңызы боюнча вандализмдин бул формасы уурулуктун бир түрүн түзөт. Мындай көрүнүштөрдүн мисалдарын түрдүү мамлекеттерде бүгүнкү күндүн көрүнүштөрүндө кыйынчылыксыз кездештирсе болот. Мындай учурларда баалуу түстүү металлдарды камтыган бардык жабдыктарга биринчинде зыян тийгизилгендиги баарына белгилүү. Эшиктин кармагычтары, көрсөткүчтөрдүн доскалары жана түрдүү түзүлүштөр, мемориалдык доскалар үлгү катары мисал боло алат. Вандализмдин мындай формасы мүрзөлөрдүн территорияларында кеңири таратылып, гүлдөр, алтындан жазылган жазылмалар, эстелик доскалар урдалат; вандализм оюн же өзүн көрсөтүү максатында колдонулган формасы жаш балдардын арасында колдонулуп, өзүнүн теңдештеринин арасында шамдагайлыгын, эрдигин, күчүн көрсөтүү менен өзүнүн социалдык статусун көтөрүү мүмкүнчүлүгү катары каралат. Бул жерде вандализм актыларын жасоого негизги түрткү катары кызыгуу, мелдешүү, күчүн жана шамдагайлыгын көрсөтүү эсептелет[11, 4б.]; - идеологиялык вандализм, бузуучу белгилүү саясий же социалдык максаттарды көздөп, бузуунун объектиси, эреже катары, ачык көрсөтүлгөн жана жашырылбаган символикалык мааниге ээ жана бийликтин түрүн, улуттук же социалдык топту, социалдык институттарды түшүндүрөт. Буга чейинки бардык социалдык революцялар жана катаклизмдер, эреже катары, идеологиялык вандализдин күчөтүлүүсү менен коштолгондугу мурун эле далилденген. Улуу француз революциясына кайрылуу менен архитектуранын эстеликтеринин бузулуусу антимонархиялык, антикатоликалык жана антифеодалдык мүнөзгө ээ болгондугун көрсө болот. Дал ушул символдор өзгөчө интенсивдүүлүк менен көп бузулуп, мисалы, монастырлар, чиркөөлөр, иконалар жана башкалар 1917-жылдагы

Октябрь революциясынан кийин буга чейинки түзүлүштүн символдору катары бузулууга дуушар болгон; - вандализм өч алуунун формасы катары, бузууга тарынтууга же жеке кемсинтүүгө жооптун кесепети катары эсептелет. Бул форманын өзгөчөлүгү мүлктүн бузулуусу каршы тараптын аракеттерине кечиктирилген жооп катары жасалып, эреже катары, анонимдүү бойдон калат. Тарынуусу өзү ойлоп тапкандай болуусу мүмкүн, ал эми бузулуунун объектиси душмандыктын биринчи булагы менен символикалык түрдө гана байланышы мүмкүн. Өч алуунун мындай формасы өтө кызыктуу жана эмоционалдык планда натыйжалуу болуп, бирок жеке кагылышууга алып келүүсү мүмкүн. Бул предметтердин бузулуусу конкреттүү адамга өч алууну түшүндүрүп, бузуу тарынтууга же кемсинтүүгө жооп реакциясын билдирет; - жаман ниеттеги вандализм башка адамдарга душмандык, зыяндык, жактырбоо сезимдери менен чакырылып, тийгизген зыяндан моралдык канааттануу алынат. Ошону менен бирге, объект маанилүү эмес болуп, өч алуунун вандализминин учурундай бул душмандыктын комбинациясы болуп, анын жыйынтыгында күнөөлүү жабырлануучунун эсебинен канааттануу сезимине ээ болуусу вандализмдин көптөгөн учурларында кездешип, коомдук жайларда даараткналарды бузууда, суу магистралдарын бузууда колдонулат. Мисалы, 1977-жылы бир киши классикалык сүрөттүн чыгармачылыгы болгон 23 көркөм сүрөттөрүн кислотанын жардамы менен бузган. Мындай аракеттердин себеби эмнеде болгондугу тууралуу суроого, мындай деп жооп берген: «Башкаларга баалуу болгон нерселерди бузуу мен үчүн зарыл болгон»[12, 21-24б.].

Вандалдардын дал ушул уруусунун өкүлдөрүн өзгөчө белгилүү үчүн бүгүнкү күндөгү тарыхчыларда так маалыматтардын жок болгондугуна карабастан, он эки жүз жылдыктын литографиларында жана сүрөттөрүндө вандалдар орой, таза эмес, кийимдери жыртылган, сакалдуу каракчылар, атайын жалданган кылмышкерлерди эстеткен адамдар катары белгиленет.

Социалдык-психологиялык жана социологиялык изилдөөлөргө кайрылып, бул феномендин мындан да кеңири талкуулануусун аныктайбыз. Изилдөөчүлөр вандализм жөнүндө кеп кылып, бузуу аракеттеринин түрдүү топторун түшүнүшөт: имараттарга, маданияттын жана тарыхтын эстеликтерине жазуудан баштап, коомдук мүлктүн бузулуусу жана паркты таштандылар менен толтурууга чейин жана башкалар. Орун алган кыйынчылыктарга карабастан вандализмдин негизги маңыздуу элементтерин белгилеп кетсе болот. Ошентип, ниети, деструктивдүүлүгү жана бузулган объектке болгон жеке менчик укугу белгиленет. Ошого байланыштуу, вандализм катары бирөөнүн мүлкүн атайын бузуу актысы түшүндүрүлгөндүгү тууралуу аныктама иштелип чыгат[13, 25б.].

Дал ушул бузуунун түз ниети бул түшүнүктү колдонуудагы негизги кыйынчылыктарды жана түрдүүлүктөрдү жаратат. Мындай аракеттердин айырмалоочу белгиси болуп адамдардын өздөрүнүн аракеттеринин кесепеттерин түшүнбөгөндүгү эсептелип, анын натыйжасында өздөрүнүн жоопкерчилигин сезишпейт. Практикада атайын ниеттеги жана атайын эмес бузуулардын айырмачылыгын чыгаруу кыйынчылыктарды жаратат, анткени алардын жыйынтыктары бирдей – материалдык зыян жана айлана чөйрөнүн деградациясы, жана көп учурда башка адамдарга олуттуу моралдык зыян. Кээ бир изилдөөчүлөр айтылып кеткен түрлөрдү вандализмдин формаларына киргизишет. Мисалы, бирөө ээсинин же аны башкаруучунун макулдугу жок анын мүлкүнүн физикалык формасын өзгөртсө, анда бул вандализм экендиги жөнүндө аныктама берилет. Акыркысы анын максаты менен эмес колдонуунун, кызыгуунун, проектирлеген адамдын пландарынын жана колдонуучунун каалоосунун туура келбегендигинин жыйынтыгы болуп эсептелет[14. 74-76б.].

Ошону менен бирге чет өлкөлүк криминологдордун көз карашын карап чыгуу өзгөчө кызыгууларды жаратып, вандализм укукка каршы

агрессивидик аракеттерди түшүндүрүп[15, 223б.], вандализди агрессивдик кылмыштардын түрүнө киргизген бүгүнкү күндүн окумуштуулары тарабынан колдоого ээ. Акыркылардын мазмуну атайын ниеттеги деструктивдик тенденцияга ээ субъектинин адамдарга, коомго жана буюмдарга болгон душмандыгын, кооптуулукту түзгөн шарттарды билдирет. Кылмыштуулук бузуунун бардык түрлөрү атайын себеп менен айкын көрсөткөн көрүнүштөрдү бириктирет (мисалы, массалык маалымат каражаттарында ачыкталбаган маалыматтарды таратуу максатында) жана аларды тактикалык катары кабыл алса болот.

Идеологиялык вандализмди, өч алуу максатында жасалган вандализмди, материалдык пайда көрүүнү көздөгөн вандализм болгон түрлөрүн карап отуруп, кээ бир авторлор анын экологиялык вандализм болгон түрүн белгилейт. Аларга дарактарда жана тоолордогу таштарда жазылган жазуулар; концерт залдарынын дубалдарындагы жазылмалар, сынган терезелер, стадиондордун трибуналарындага отургучтардын бузулуусу түрүндөгү музыкалдык жана спорттук фанаттардын вандализми; автобустук аялдамалардын жана көчөлөрдөгү жарыктандырууларлардын бузулуусу түрүндөгү көрүнүштү жараткан кичи архитектуралык формаларга жасалган вандализм; электрондук чөйрөдөгү вандализм[16, 157-158б.].

Берилген классификацияда вандализмдин түрлөрүнүн бузууда байкалган конкреттүү белгилери өз алдынча белгиленбейт. Ошону менен бирге, жогоруда көрсөтүлгөн классификацияда камтылган вандализм актыларынын көрүнүштөрүнүн көптүгү өз алдынча топтор катары түзүлөт жана алар жасалган кылмыштын мотиви жана ыкмасы, кол салуунун субъектиси же предмети болгон жалпы белгилер менен бириктирилген.

Белгилүү жагдайларда мамлекет өзү вандализм сыяктуу көрүнүштүн пайда болуусуна түрткү жасоосу мүмкүн, мисалы, коомдогу саясий келишпестик орун алган учурда. Вандализм актыларын колдонуу көз

карашы боюнча эң активдүү күч болуп мамлекеттеги башкаруу формасы же болбосо анын өнүгүүсүнүн негизги багыттары жөнүндө түшүнүктөрү боюнча кээде каршылаш тарапта болуп, күрөш жүргүзгөн саясий күчтөр эсептелет. Биринчи вариантта өтө көп санда жана өзгөчө катаалдык менен коомдун түзүлүшүнүн туура модели деп аталган жаңы формасын курууга чакыруу менен коштолгон маданияттын бар болгон объектилери бузулган төңкөрүштү караса болот.

Мамлекеттин жана коомдун андан аркы өнүгүүсүнүн жолу тууралуу түшүнүктөрүндөгү каршылыктардын жыйынтыгы айкын түрдө саясий митингдерди, иш таштоолорду, пикеттерди жана имарттарды, автоунааларды, эстеликтерди жана башкаларды вандализм актысына дуушар кылган публикалык массалык протесттик кыймылдардын башка формаларын билдиришет. Бирок маданияттардын, мамлекеттердик, саясий топтордун ачык конфлик же кагылышуу учурларында вандалдык аракеттерди жасоонун массалык же топтук формаларынан сырткары коом үчүн тааныш болгон объектиге бир адам тарабынан жасалган индивидуалдык вандализм да бар.

Вандализм убакыттын өтүүсү менен белгилүү динамикага ээ болгондугун жана коомдо анын өнүгүүсүнүн белгилүү тарыхый мезгилинде басымдуулук кылган ошол социалдык процесстерге ылайык түрүн өзгөрткөндүгүн белгилеп кетүү зарыл. Бирөөнүн маданиятынын объектилерин жок кылуу же булгоо анын басылып алынуусу же филогенездин баштапкы этаптарындагы кулга айлануусу логикалык түшүндүрүүгө ээ болуусу мүмкүн, анткени көп учурда сырткы объективдик жагдайлар менен байланышкан. Айлана чөйрөнү жана анын элементтерин цивилизациянын өнүгүүсүнүн заманбап этабында бузуу же өз алдынча өзгөртүү бул процесстин ички индивидуалдык инсандык детерминанттарын издөөгө болгон изилдөөчүлөрдүн көңүлүн бурат, ал эми алардын субъективдүүлүгүнө байланыштуу вандализмдин маңызын

түшүнүүгө болгон көптөгөн теорияларды жана ыкмаларды жаратат. Андан сырткары вандализм узак убакыт бою илимий кызыкчылыктардын өз алдынча объектиси болгон эмес, ал инсандын девианттык аракеттеринин коштогон формасы, ээнбаштыктын бир түрү катары каралып келген. Акыркысы бул феномендин комплекстик жана илимий негизделген түшүнүктөрүнүн жоктугуна алып келип, түрдүү өлкөлөрдө көп миллиондук чыгымдарга алып келет жана бүгүнкү социалдык реалдуулуктагы оордошкон каршылыктардын бар болуусуна алып келүүдө.

Коомдун баалуулуктары алардын коомдук маанилүүлүгүнө жараша даражасы боюнча белгилүү иерархиялык түзүмдөргө бөлүнүп, аз жана көбүрөөк жогорку тартиптеги баалуулуктарга бөлүнөт. Ошого байланыштуу кол салуу зыян тийген коомдук мамилелердин маанилүүлүгүнө жараша көбүрөө коомдук кооптуулукка ээ. Булгоо түрүндөгү кылмыштык аракеттер коомдук адептүүлүккө кол салат жана коомдук транспорттогу же башка коомдук жайлардагы мүлктү бузуу менен мүлктүк мамилелерге кол салат.

Тигил же бул аракеттерди криминалдаштыруунун критерийлеринин бири болуп конкреттүү ыкма менен жасалган жана ошого байланыштуу коомтуу кесепеттерге алып келген баалуу коомдук мамилелерге кол салууну билдирет. Аракеттердин кылмыштуулугун аныктоодо бул шарттарды жалгыз гана алардын жыйындысында гана эске алуу зарыл. Бир эле объектиге таасирдөө, мисалы, мүлктүк мамилелер, түрдүү жолдор менен – мүлктү уурдоо же бузуу – тийиштүү кесепеттердин орун алуусуна алып келет, жана жыйындысында бул кол салуулардын коомдук кооптуулугунун түрдүү даражаларын аныктайт. Кылмыштык кесепеттердин коомдук кооптуулугунун көрсөткүчтөрү фактылык зыяндуулугунан көз каранды. Башка сөздөр менен, кесепеттер жалпысынан белгилүү объектиге тийгизген (коомдук мамилелердин

баалуулугу) маңыздуу зыян менен (зыяндын сандуу мүнөздөмөсү) мүнөздөлүүсү милдеттүү. Ошондуктан мындай зыянга алып келбеген маанилүү коомдук мамилелерге таасирдөө адамдын аракеттеринин коомдук кооптуулукка ээ эместигин билдирет.

Мүлктүн жол кылынуусу, бузулуусу же булгануусу жасалган кол салуунун мүнөзү боюнча айырмаланып, предметтердин белгилүү белгилеринин азаюусу же жоголуусу түрүндөгү түрдүү кесепеттердин орун алынуусуна алынып келүүсү мүмкүн. Албетте, коомдук кооптуу аракеттердин жазык укуктук мүнөздөмөсү үчүн бардык кесепеттерди эмес, коомдук кооптууларын гана эске алуу маанилүү. Кылмыштын кесепеттеринин түрлөрүнүн ичинен материалдык жана моралдык түрлөрү белгиленет. Өз кезегинде материалдык кесепеттер мүлктүк жана физикалык, ал эми моралдык кесепеттер психологиялык, адептик, саясий, уюштуруучулук болуп бөлүнөт.

Вандализмдин кесепеттери тууралуу кеп кылып, коркунучтун, паниканын, ишенимдүүлүктүн жок болуусу – бул коомдун иштөөсүнүн зарыл болгон шарты болуп эсептелгендигин белгилеп кетүү зарыл. Буга чейин белгиленгендей бузуулар маңыздуу түрдө инсандын эмоционалдык абалына болгон чөйрөнүн таасирин өзгөртөт. Булгоо формасындагы вандализмдин жасалуусу зыяндын, залалдын олуттуулугун аныктоо жөнөкөй эмес болгондугу анык. Имараттардын же башка курулуштарды булгоодо бул предметтердин жалпы көрүнүшү бузулат, алардын эстетикалык сапаттарына белгилүү залал тийгизилет. Мазактоочу мазмундагы жазуулар жана сүрөттөт заманбап вандалдар тарабынан борбордук көчөлөрдөгү, аянттардагы имараттарга жана курулуштарга гана эмес, ошондой эле адамдар жашаган үйлөргө, көп учурда чоң эмес көчөлөрдө жайгашкан социалдык маданий чөйрөнүн объектилери болгон – мектептерге, китепканаларга, музейлерге жана башкаларга жазылат. Күн сайын мындай жазуулар жана сүрөттөрдүн алдынан балдар өтүп, алардын

аң сезимине бул жазуулардын же сүрөттөрдүн таасири биздин көз карашыбыз боюнча маңыздуу зыян деп эсептелиши мүмкүн. Анткени жаш баланын аң сезими жалпы жашоонун аныкталган эрежелерин сактабоо менен калыптанса, анда ал чоңоюп мындай жүрүм турумду ченем катары кабыл алат.

Көп учурда бирдиктүү бузуулар чоң мааниге ээ эмес, бирок алар чогулуп отуруп чоң маанилүү зыян тийгизет. Кыйыр каржылык чыгымдар тийгизилген зыянды андан да чоңойтот. Вандализм социалдык кесепеттерди чакырат. Бузуулар көп деңгээлде шаардык чөйрөнүн инсандын эмоционалдык абалына болгон таасирин өзгөртөт. Айлана чөйрөнүн кээ бир көрсөткүчтөрү адамдарды кооптуулук жана стабилсиздик менен байланыштыргандыгы баарыбызга белгилүү. Сынган терезелер, орой жазуулар жана сүрөттөр, бузулган телефондор, таштандылар жана башкалар социалдык деградациянын көрсөткүчү, социалдык көзөмөлүн алсыздыгынын белгиси катары кабыл алынып, тынчсыздануу, коркуу жана корголбогондук сезимин жаратат[17, 118б.]. Тартипсиздик жана көңүлдүн чөгүү сезими мындан аркы деструктивдик аракеттерге түрткү жаратып, жаңы бузуулардын мүмкүнчүлүгүн жогорулатат. Кээ бир изилдөөчүлөр чөйрөнүн деградациясы инсандын идентификациясын өзгөртүп, төмөнкү социалдык статус менен ассоциация жараткандыгы тууралуу көз караштарын айтып кеткен. Вандалдар тарабынан мүлкү бузулган адамдар зомбулук кылмыштарынын жабырлануучусу болуунун жогорку коркунучуна ээ. Ошондой эле жабырлануучуларда өч алуу каалоосу пайда болгондугун жана жалпысынан жаштарга шектенүү сезимдери күчөгөндүгүн кошо айтып кетебиз. Вандализмдин кээ бир түрлөрү (мисалы, кээ бир улуттук топтордун атына даректелген маданий символдордун бузулуусу, жазуулар) социалдык конфликтинин келип чыгуусуна алып келүүсү мүмкүн. Вандализмдин мындан да маанилүү кесепети болуп

деструктивдик аракеттер кийин күчөтүлгөн формада кайталангандыгы эсептелет. Бул вандализмдин келечектеги инсандын агрессивдик аракеттеринин оор формаларын камтыган түрдүү кооптуу түрлөрүн камтыгандыгын билдирет[18, 44-46б.].

Бүгүнкү күндүн адамынын жашоо турмушу тууралуу сөз кылып отуруп, вандализмдин анын ажырагыс чөйрөсүнүн бир бөлүгү болгондугун белгилеп кетүү зарыл. Баары бир адамдардын коому шаар имараттарынын, бардык дубалдарында, подъезддерде, жарнамалык щиттерде өзүнүн тажрыйбалык курчтугун көрсөткөн деструктивдик аракеттеринин көйгөйлөрүн байкабагандыгы вандализмдин жок болуусуна түрткү жаратпай, тескерисинче анын көрүнүштөрүн оордотот[19, 212б.]. Бүгүнкү күндө вандализмдин түрдүү формалары адамдын активдүүлүгүнү көптөгөн чөйрөлөрүнө киришип, материалдык чөйрө менен чектелбейт. Бул антикоомдук аракеттердин бекитилүүсүнө, мындай жүрүм турумду улантуу тууралуу ишеничтердин пайда болуусуна вандалдык активдүүлүктүн майда формаларына көзөмөлдүн жана тийиштүү чаралардын жоктугу алып келет. Ошондуктан бүгүнкү вандалдар биздин коомдун продуктусу болуп эсептелет, анткени коомчулук өсүп келе жаткан муундун тарбиялануусунун көйгөйлөрүн чечүүгө каалоосу жок, социалдык карама каршылыктардын жоюлуу жолдорун издебейт, деструктивдик аракеттерди алдын алуу боюнча жаш балдар менен гана эмес, ошондой эле чоң адамдар менен да иш жүргүзбөйт. Ошого байланыштуу коом бул көйгөйгө өзгөчө көңүлдүн бурулуусунун зарылдыгын түшүнүүсү маанилүү, себеби сырткы чөйрөнүн деформациясы ички руханий, психологиялык чөйрөнүн бузулган учурунда гана мүмкүн болуп эсептелет.

Бузуучу аракеттердин мотивдери. Вандализм коомдук аң сезимде максатсыз, маанисиз, мотиви жок жүрүм турум катары түшүнүлүп келет. Ошентип адамдын деструктивдик ишмердүүлүгүнүн объектиси болуп

көпчүлүк учурда аны курчаган айлана чөйрө жана маданияттын предметтик дүйнөсү каралат. Адамдын айлан чөйрөгө багытталган деструктивдик ишмердүүлүгүнүн негизги формалары болуп экологиялык кылмыштуулук, экологиялык терроризм, экоцид жана вандализм эсептелет. Экологияга болгон аадмдын ишмердүүлүгүнүн деструктивдик кесепеттери заманбап техногендик цивилизациянын экономикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү менен көп деңгээлде шартталып, бул учурда деструкция ишмердүүлүктүн негизги максаты болуп саналбайт.

Бүгүнкү күндө айлана чөйрөнүн бузулуусунун масштабы адамдын вид катары жашап келүүсүнө коркуնуч жараткандыгы менен аныкталат жана адамдын деструктивдик ишмердүүлүгүнүн негативдик кесепеттерин азайтууга багытталган иш чаралардын комплексин тез арада өткөрүү зарылдыгын жаратат. Чыгармачылык жана деструкция көп көрсөткүчтөрү боюнча жалпы жаратылышка ээ болгондугуна байланыштуу адамдын деструктивдик аракеттеринин негативдик кесепеттерин төмөндөтүү аны куруу, жасоого болгон багытын өзгөртүү менен ишке ашырса болот. Деструктивдик ишмердүүлүк кеңири таратылууга ээ болбошу үчүн коомдо социалдык тепкич боюнча өзүн реализациялоо жана көтөрүлүү шарттары түзүлүүсү, индивиддин деструкцияга эмес, чыгармачылык өзүн реализациялоого багыттаган баалуулуктардын системасы кеңири колдонулуусу милдеттүү. Бузуучулук ишмердүүлүктүн негативдик кесепеттерин азайтуу үчүн адамдын жаратылышында орун алган энергия өзүнүн колдонуусун талап кылып, ишке ашканда куруүга же бузууга багытталат. Бул кесепеттер коомдон гана эмес, адамдын өзүнөн да көз каранды.

Вандализм коомдук аң сезимде максатсыз, мотиви жок аракет катары көрүнүшкө ээ болуп туруп, абсурддук, акылга жатпаган же патологиялык, башкача айтканда маанисиз аракеттер катары аныкталат. Атайын изилдөөлөрдө адилеттүү белгиленгендей, бул көз карашка каршы

далилдерди айтып кетсе болуп, вандализмдин көрүнүштөрүн мүлктүн жаратылышында, анын бузулган учурунда, же күнөөлүүнүн аракеттери менен байланышкан түрдүү маанидеги жана себептердин топторунда байкаса болот. Вандализм, башка түрдүү аракеттер сыяктуу, тийиштүү түрткүнүн жок болгон учурунда ишке ашпайт.

Кээ бир авторлор вандализмдин маңызын негативдик социалдык көрүнүштөн бүгүнкү вандализмдин түрлөрүнө чейин изилдеп, ошондой эле мындай түрлөрүн белгилешет: экономикалык, саясий, улуттук, айыл чарбалык, культурологиялык жана мүрзөлүк вандализм. Ошону менен бирге жашынын жана калктын категориясын жана катышуучулардын санын эске алуу менен чоң кишилердин жана жаш балдардын, спорттук жана студенттик, индивидуалдык жана топтук вандализмди айтышат. Мындан ары вандализмдин көрүнүштөрүнүн көптүгүн талдап, анын мындай негизги белгилерин атап кетишет: бузуунун маанисиздиги, искусствонун чыгармаларын, башка адамдардын жашоосун жеңилдеткен жалпы колдонуунун предметтерин жана жагдайларын (лифттер, транспорттогу отургучтар жана башкалар) бузууга энергиянын багытталгандыгы, бирөөнү тууроо, топтогу бири бирине жугуу механизминин эсебинен башкалардын мындай аракеттерди жасоо мүмкүнчүлүгү. Бул белгилерге ошондой эле вандализмдин күнөөлүүнүн өзүнүн чөйрөсүндө өзүн көрсөтүү аркылуу ишке ашкан ишмердүүлүктүн өзгөчө түрү болгондугу да кирет[20, 217-218б.].

Юридикалык адабияттарда вандализмдин башка түрлөрүнүн классификациясы белгиленет: - тиричилик вандализми, башкача айтканда үй бүлөдө, кошуналар арасында, кичи социалдык топтордун ортосундагы конфликттердин жыйынтыгында келип чыгат (бул учурда агрессия жабырлануучудан аны менен байланышкан мүлккө багытталат); - эпатаждык вандализм, башкача айтканда өзүн ишке ашыруу мотивдери менен жасалган коомдогу жүрүм турумдун, тартиптүүлүктүн

нормаларына каршы жасалган аракеттер. Вандализмдин эпатаждык формасы жашы жетелектердин арасында өзгөчө көп кодонулгандыгын белгилеп кетүү керек; - криминалдык вандализм, материалдык объектилерди өзүнө пайда көрүү максатында же башка кылмыштык ишмердүүлүктү ишке ашыруу процессинде же башка кылмыштардын изин жашыруу үчүн бузуу кирет; - идеологиялык вандализм, мамлекеттик символикага, маданияттын, саясаттын эстеликтерине жана белгилүү ишкерлерине, Совет армиясынын баатырларына кол салуу менен байланышкан; террористтик вандализм, идеологиялык вандализм менен көп учурда кошулуп, жардыруу жана өрттөөнү жасоодо белгилери аныкталат; - мамлекеттик-атка минерлердин вандализми, тийиштүү мамлекеттик органдардын эскертүүсүкө карабастан коруктардын зоналарында кылымдык дарактарды өз алдынча кесүүдө жана алардын жайына өздөрүнүн жеке үйлөрүн курууда, сууларды атайын суулар менен булгоодо, атмосфералык абаны өндүрүштүк ишканалар менен бузууда көрүнүштөрү байкалат[21, 25-27б.].

Вандализмди баалоо көйгөйлөрү жетиштүү түрдө татаал. Эреже катары коом вандалилһзмдин мамлекетке, муниципалдык жана жеке менчикке тийгизген маңыздуу зыянды байкабай келет, анткени укук бузуунун бул түрү боюнча статистика элдик чарбачылыктын тармактары, региондор, өз алдынча шаарлар арасында жайылып кеткен жана үзгүлтүктүү мүнөзгө ээ; анда жоголгон пайданын эске алынуусу жок, вандалдардын аракеттеринин айынан жарандардын кандайдыр бир чөйрөдөгү же кандайдыр бир физикалык локациядагы керектөөчүлүк, экономикалык, иштиктүү активдүүлүгү төмөндөйт.

Андан сырткары вандализмдин коомдук кооптуулугу бул аракеттердин жасалуусунун чоң зыяндыгы менен гана эмес, ошондой эле бузуу элементтери менен девианттык ченемдик эмес же укук каршы аракеттердин кабыл алынган модели андан кийин оор формаларына ээ

болуп, коомдук кооптуу кол салуулар менен коштолуусу мүмкүн. Албетте өспүрүм тарабынан жасалган вандалдык аракеттердин бирдиктүү учурлары эреже катары өзгөчө жагдайлардын айкалышы, кырдаал факторунун аракеттери болуусу мүмкүн. Бирок вандализмдин бирдиктүү факты, анын жазаланбагандыгы, анонимдүүлүгү көп учурда кийинки вандализм актынын жасалуусуна алып келет. Ошого байланыштуу калктын вандалдык активдүүлүгүн чагылдырган статистика коомдун социалдык чыңалуусунун индикатору болуп, өзүн жалпы дүйнөлүк масштабда аныктайт.

Вандализмдин коомдук кооптуулугу үйрөнүлөн вандалдык аракеттердин модели андан кийин оор формаларына ээ болот. Албетте аталган кылмыштык аракеттерди жасоодо күнөөлүү кандай коомдук мамилелерге зыянын тийгизгендигин түшүнбөйт, бирок айланасындагы белгилүү өзгөрүүлөрдүн болуусун алдын ала билет. Анын ичинде, булгоонун натыйжасында имараттардын же курулуштардын эстетикалык түрүн бузулуусун, жана ошондой эле бузулууга дуушар болгон мүлктүн сапатынын начарлоосун алдын ала билет.

Коомдук транспортто же коомдук жайларда мүлктү бузуу формасындагы кылмыштык кол салуунун өзгөчөлүгү анын жасалуусу үчүн жазык жоопкерчиликке тартуу үчүн мүлктүн тигил же бул пайдалуу сапатынын жок болуу түрүндөгү кесепеттердин орун алуусу зарыл. Ошону менен биргеликте күнөөлүү үчүн коомдук кооптуу кесепеттердин орун алуу даражасы өтө бийик. Жаны жок предметтерге таасирдөө күчү орун ала турган зыяндын сапаттуу жагын аныктайт. Аракеттерди жасоо менен адам предметте ал кандай түрдө болуусун баалайт жана божомолдойт: биринчи бүтүн мүлк таасирдөөнүн натыйжасында начар жагына өзгөрүүгө дуушар болот – ал бузулат. Натыйжасы кылмыштын объективдүү жагын түздөн түз жасоодо көрүнөт. Жыйынтыктын түшүнүлүүсүнүн жетиштүү түрдө жогорку даражасына карабастан

күнөөлүү өзүнүн каалоолорун ишке ашыруу менен аракеттерин аягына чыгарат. Башка сөздөр менен белгилүү кылмыштык жыйынтыкка алып келген түшүнүлгөн аракеттер үчүн зарыл болгон бардык аракеттерин жасайт. Адамдын анын аракеттеринин коомдук кооптуу кесепеттеринин орун алуусунун даражасынын өзгөчө түшүнүсү, аларга умтулуусу аракеттердин бул түрүнүн түз ниетте жасалуусун түшүндүрөт.

Анын ичинде мүлктүк зыян тийгизүү күнөөлүү үчүн кылмыштык максатты түзбөгөндө жана ал ачуулугун чыгарууга, өзүнө көңүл бурууга, досторунун алдында мактанууга умтулганда анын аракеттери баары бир түз ниет менен мүнөздөлө. Күнөөлүү аракеттерди жасоо менен мүлктүн бузулуусу түрүндөгү кесепеттердин орун алуусун түшүнөт, эгерде ал мындай натыйжага умтулбаганда, анда өзүнүн ниетин акырына чейин чыгармак эмес.

Айтылган ошондой эле коомдук транспортто же башка коомдук жайларда мүлктү бузуу түрүндөгү кылмыштык аракеттердин мотиви болуп жеке мотивдер да эсептелет. Ээнбаштык мотивдердин башталуусу күнөөлүүнүн ой пикири боюнча адилеттүү болгон кызгануу, өч алуу, таарынуунун таасири астында башталат. Бирок кийин пайда болгон адамдагы эмоциялар айланадагы адамдарга, адептик принциптерге баш ийбөөгө каалоосун чакыруусу маанилүү. Акыркы шарттар аракеттердин мындай психикалык сезимдери менен шарталып, коомдук колдонуу үчүн максатталган мүлккө кол салууну түшүндүрүүсү зарыл. Ошого байланыштуу вандализм катары өч алуу, кызгануу, көрө албастык, жактырбоо сыяктуу белгилүү жеке мотивдер менен билдирилген мүлктүн бузулуусу эсептебеш керек. Мүлккө кол салуу буга чейин көрсөтүлгөн белгилер менен мүнөздөлбөгөндө жана конкреттүү адамга анын менчигине таасирдөө аркылуу зыян тийгизүүгө умтулгандыгын тастыктайт. Ошондуктан коомдук транспортто же коомдук жайдагы мүлккө зыян тийгизү түрүндөгү кол салуунун мотивдери үчүн моралдын

ченемдери менен аныкталган тартиптерге баш ийбөө жана ошону менен өзүнүн маанилүүлүгүн билдирүү, кылмыштык жол менен өзүн көрсөтүү мүнөздөө. Позитивдик жол менен өзүн билдирүүгө жөндөмдүк жоктугу аны акталган эмес, аморалдык аракеттердин жасалуусуна алып келет.

Вандализм катары башка адамдардын же коомдук менчиктин объектилерине маңыздуу зыян тийгизген жыйынтыктарга алып келген аракеттерди, башкача айтканда менчик же бузулган же аны мурунку абалга кайтып келбеген өзгөрүүлөргө алып келген аракеттерди түшүнүү зарыл. Ошентип адистер вандалдык активдүүлүктүн пиги өспүрүмдүк жашка туура келет, ошону менен биргеликте биз мындай түрдөгү аракеттерге жакын болгондугун онтогенездин эрте мезгилинде байкаса болот. оюнчуктарды бузуу жана максатка багытталган айлана чөйрөнүн объектилерине бузуучулук таасири менен байланышкан баланын аракеттерин толук өлчөмдө вандализм болуп эсептелбейт, бирок вандалдык аткарылуудан айырмаланат. Мындай өз ара аракеттешүүнүн жүрүм турумдук стратегиясы айлана чөйрөнү жана бала жайгашкан мейкиндикти таануу зарылдыгы менен чакырылган. Көп учурда аларды аткаруу менен бала өзүнүн активдүүлүгүнүн кесепеттерин түшүнбөйт, жана натыйжасын байкап туруп, чын дили менен ойлонот, кайгыланат. Бирок балдардын жана ата энелердин ортосундагы атайын курулган мамилелердин системасы, мисалы ата энелердин мындай аракеттерине оң маанидеги эмоциялык реакциясы материалдык объектилерге болгон мындай мамилелердин бекитилүүсүнө түрткү жасап, чоң жашында вандалдык аракеттерге даярдыгын курууга өбөлгө жаратат. Вандализм бул жерде атайын эмес мүнөзгө ээ жана анын жасалуусунун негизинде таануу керектөөсү жатып, ал эрте жашында сырткы чөйрөгө жана көрүнүштөрдүн жана өзгөчөлүктөрдүн баарын изилдөөгө багытталган.

Өспүрүмдөр алардын девианттык, анын ичинде вандалдык формадагы аракеттердин жайылуусуна байланыштуу көйгөйлүү жаш

Кылмыштан корголуучу объектисин эске алуу менен мындай аракеттер үчүн жоопкерчиликти жөнгө салган нормалар кылмыш-жаза кодекстин түрдүү бөлүмдөрүндө жана главаларында жайгашкан. Мисалы, Австриянын КЖКсында – «Мүлккө каршы кылмыштуу аракеттер» бөлүмүндө, Франциянын КЖКсында – «Бузуу жана кордоо» главасында, Польшанын КЖКсында – «Коомдук тартипке каршы кылмыштар» главасында, Болгариянын КЖКсында – «Мүлккө каршы кылмыштар»

главасында, Данияда – «Коомдук зыян тийгизген түрдүү кылмыштар» жана «Коомдук тынчтык жана тартипке каршы кылмыштар» главаларында, Кытайда – «Коомдук башкаруу тартибине каршы кылмыштар» главасында жана башка бөлүмдөрүндө жайгашып келет. Жогоруда аталгандар имараттардын, курулуштарды, тарыхый жана маданий эстеликтерди жана башкаларды кордоонун, бузуунун объектиси катары түшүнүүнүн бирдиктүү ыкманын жок болгондугуна карабастан чет өлкөлөрдө түрдүү кол салуулардан мүлктү коргоо боюнча кылмыш-жаза-укуктук коргоо камтылып, ишке ашып келгендигин тастыктайт[68 38б.].

Алыскы чет мамлекеттердин кылмыш-жаза мыйзамдарынан айырмаланып, жакынкы чет өлкөлөрдүн мыйзамчыгаруучулугунда вандализм үчүн жоопкерчиликти жөнгө салган өз алдынча нормалар кездешет. Казахстан Республикасынын КЖКсында «Коомдук коопсуздукка жана коомдук тартипке каршы кылмыштар» главасында КЖКнын 258-беренесинде «Вандализм» имараттарды же башка курулуштарды жазуулар же сүрөттөр менен булгоо, же коомдук адептүүлүктүн кордоочу башка аракеттерди жасоо, транспортто же башка коомдук жайларда мүлктү бузган аракеттер үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилиги каралган[69].

Россия Федерациясынын кылмыш-жаза кодексинде Казахстан Республикасынын КЖКсындай эле вандализм үчүн жоопкерчиликти «Коомдук коопсуздукка жана коомдук тартипке каршы кылмыштар» главасында өз алдынча беренеде жөнгө салып кеткен. РФнын КЖКсынын 214-беренесине ылайык, вандализм имараттарды жана башка курулуштарды булгоо, коомдук транспортто же башка коомдук жайларда мүлктү бузууну түшүндүрөт. Кылмыштын бул составынын квалификациялык белгиси болуп ошол эле аракеттерди адамдардын тобу менен, саясий, идеологиялык, расалык, улуттук же диний көз караш менен кандайдыр бир социалдык топко каршы жасалган аракеттер эсептелет[70].

Ушул жагдайга карабастан, чет мамлекеттердин мыйзамдарында коомдук пайдалануу үчүн мүлктү кемсинтүү, зыян келтирүү үчүн жоопкерчиликти жөнгө салууга олуттуу көңүл бурулган деп айта алабыз. Табиятынан вандализмге жакын кылмыштар үчүн жоопкерчилик көпчүлүк өлкөлөрдүн, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн мыйзамдарында белгиленген, ошондуктан биз карап жаткан ченемдин жашоо укугу эл аралык тажрыйба менен дагы ырасталган. Чет мамлекеттердин мыйзам чыгаруучусу имараттарды, курулмаларды мазактоо, ошондой эле коомдук жайлардагы мүлккө зыян келтирүү аракеттеринин жамааттык аталышына этият мамиле жасаарын белгилей кетүү керек.

Беларус Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинде «Коомдук коопсуздукка жана коомдук тартипке каршы кылмыштар» главасында 314-берене «Курулуштарды кордоо жана мүлктү бузуу» жайгашкан. Бул беренеге ылайык, имараттарды жана башка курулуштарды кемсинтүүчү жазуулар же сүрөөтөр менен булгоо, коомдук транспортто же башка коомдук жайларда башка оор кылмыштардын белгилеринин жок болгон учурунда мүлктү бузуу үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылат. БРнын КЖКсында бул норманын көрсөтүлгөн главада жайгашуусу бул кылмыштын объектилеринин бирин адептүүлүк түзгөндүгүн тастыктайт[71].

Молдова Республикасынын КЖКсынын 13-главасында «Коомдук коопсуздукка жана коомдук тартипке каршы кылмыштар» 288-берене «Вандализм» жайгашып, россиялык кылмыш-жаза мыйзамынан айырмаланып, имараттарды жана башка курулуштарды кордоодон сырткары, ошондой эле коомдук транспортто жана башка коомдук жайларда мүлктү бузуу үчүн жоопкерчиликти аныктаган. Молдова Республикасынын КЖКсынын 288-беренеси менен каралган кылмыштын түздөн түз объектиси болуп ошондой эле коомдук тартип эсептелет. Бул

норма боюнча жоопкерчиликти оордоткон жагдай катары тарыхый, маданий же диний баалуулукка ээ болгон мүлккө эки же андан көп киши менен вандализмди жасоосу каралат[72].

Таджикистан Республикасынын кылмыш-жаза кодексинде 25-главада «Коомдук коопсуздукка жана коомдук тартипке каршы кылмыштар» КЖКнын 137 (1)-беренеси «Вандализм» орун алган. Бул берене боюнча имараттарды же башка курулуштарды булгоо, коомдук транспортто же башка коомдук жайларда мүлктү бузган учурунда эгерде бул аракеттер административдик жазалоону колдонгондон кийин бир жылдын ичинде жасалган болсо, анда кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылат. Бул норманын санкциясы алтымыш сааттан жүз жыйырма саатка чейинки милдеттүү иштерди же жүз эсептик көрсөткүчтөн эки жүзгө чейинки айып пулду камтыйт[73].

Армения Республикасынын окшош болгон 25-главасында «Коомдук коопсуздукка жана коомдук тартипке каршы кылмыштар» вандализм үчүн жоопкерчиликти жөнгө салган өз алдынча норма камтылган. КЖКнын 260-беренесине ылайык, вандализм катары имараттарды же башка курулуштарды уяттуу жазуулар же сүрөттөр менен кордоо, коомдук транспортто же башка коомдук жайларда башка оор кылмыштын составы жок болгон учурунда мүлктү бузуу түшүндүрүлөт. Диспозицияда көрсөтүлгөн аракеттерди жасагандыгы үчүн минималдык айлык акысынын элүүдөн жүзгө чейин өлчөмүндө айып пул же алты айдан бир жылга чейин түзөтүү иштерин жасоо же эки айдан ашпаган арест түрүндөгү жоопкерчилик каралган[74].

Жакынкы чет өлкөлөрдүн бардыгынын кылмыш-жаза мыйзамында коомдук колдонууга арналган мүлккө кол салуу үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигин камтыган өз алдынча норма бөлүнүп келбегендигин белгилеп кетүү зарыл. Өзбекстан Республикасында мындай кылмыштар үчүн өз алдынча норма жок. «Бирөөнүн мүлкүн уурдоо менен

байланышпаган кылмыштар» главасында КЖКнын 173-беренесинде «Мүлктү атайын ниетте бузуу» мыйзам менен аныкталган белгилердин орун алган шарттарында мындай мүлккө кол салуу үчүн жоопкерчилик каралган[75].

Эстониянын кылмыш-жаза мыйзамчыгаруучулугу коомдук мүлккө кол салуу үчүн жоопкерчиликтин атайын нормасына ээ эмес. Коомдук колдонууга арналган мүлктү кордоо, бузуу түрүндөгү аракеттерди квалификациялоо суроолорун чечүүдө күнөөлүүнү КЖКнын 144-беренеси мүлктү атайын ниетте бузуу же КЖКнын 195-беренеси бейбаштык үчүн укук колдонуучунун көз карашы боюнча аныкталып, жоопкерчиликке тартылуусу ишке ашат[76].

Латвиянын кылмыш-жаза кодексинде вандализм үчүн жоопкерчиликтин өз алдынча нормасы жок болуп келет. 13-главасында «Мүлккө каршы кылмыштуу аракеттер» 185-беренеси «Мүлктү атайын ниетте бузуу» жайгашкан, ал эми 20-главада «Коомдук коопсуздукка жана коомдук тартипке каршы кылмыштар» КЖКнын 231-беренеси «Бейбаштык» орун алган, ошондуктан вандализм менен байланышкан аракеттер Эстониянын тажрыйбасындагыдай аталган нормалардын бири боюнча квалификацияlануусу мүмкүн[77].

Азербайджан Республикасынын КЖКсында вандализм үчүн жоопкерчиликти жөнгө салган өз алдынча норма жок. Эстония жана Латвиядай вандалдык аракеттер укук колдонуучунун көз карашы боюнча КЖКнын 186-беренеси (Мүлктү атайын бузуу) менен квалификацияланусу мүмкүн. Ошол эле аракеттерди бейбаштык ниетте жасаган учурунда жасалган кылмыш КЖКнын 221-беренеси боюнча «Бейбаштык» квалификацияланууга дуушар болот[78].

Жасалган анализдин негизинде чет мамлекеттердин мыйзамчыгаруучулугунда коомдук колдонууга арналган мүлктү кордоо, булгоо үчүн жоопкерчиликти жөнгө салууга өзгөчө көңүл бөлүнүп

келгендигин белгилеп кетүүгө болот. Вандализмге мүнөзү боюнча жакын кылмыштар үчүн жоопкерчилик жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн мыйзамчыгаруучулугунда аныкталып келет, ошондуктан каралып жаткан норманын бар болуусуна болгон укук эл аралык практика менен тастыкталгандыгы көрүнүп турат.

Алыскы чет мамлекеттердин кылмыш-жаза мыйзамчыгаруучулугунда биздин республикабыздан айырмаланып мыйзамчыгаруучу имараттардын жана курулуштарды жана ошондой эле коомдук жайлардагы мүлктү бузуу түзгөн чогултулган аталмага этияттык менен мамиле кылат. Мисалы, БРнын КЖКсынын 341-беренеси «Курулуштарды кордоо жана мүлктү бузуу» жетиштүү түрдө кыска аталышка ээ, биз тараптан каралып жаткан кылмыштардын кыска аталышына туура келет.

АКШнын кылмыш-жаза кодексинин 250.9-беренеси «Ыйык кабыл алынган предметтерди кордоо» коомдук монументтерди же имараттарды кордоо үчүн жоопкерчиликке тартат. «Балдарга коркунуч жаратпаган мүлктү бузуу, кордоо тууралуу» бөлүмү Франциянын Кылмыш-жаза кодексинин «Мүлктүн бузулуу тууралуу» главасына кирип, коомдук колдонууга же коомдук жайларды кооздоого арналган мүлктү бузууну түзгөн аракеттерди квалификациялап, аларды жоопкерчиликке тартат.

Имараттарды же курулуштарды кордоо жана ошондой эле мүлктү бузуу түрүндө болгон аракеттерди жасагандыгы үчүн жоопкерчиликти жөнгө салуу бөлүгүндө биздин республикабыздын кылмыш-жаза мыйзамчыгаруучулугунун жана чет өлкөлөрдүн кылмыш-жаза мыйзамчыгаруучулугунун жасалган салыштырмалуу-укуктук анализи бул кылмыштардын жасалуусунун ыкмасында, кол салуунун предметинде, атайын ниетте жасалгандыгында жана ошондой эле кылмыштын субъектисинин он төрт жашы боюнча окшоштуктардын көптүгүн көрсөтөт. Кол салуунун объектиси жана жазалоо чараларынын кээ бир

учурларында айырмачылыктар болуусу мүмкүн, башкача айтканда жазанын түрү жана өлчөмү боюнча.

Кол салуунун объектиси тууралуу кеп кылып, Испаниянын КЖКсында каралып жаткан кылмыштын объектисин коомдук тынчтыктын чөйрөсүндөгү мамилелер, Беларус Республикасынын КЖКсында – коомдук тартип жана коомдук адептүүлүк түзүүсү биздин кылмыш-жаза кодексибиз менен окшошуп, ал эми Германиянын КЖКсында – бирөөнүн мүлкө болуп, Франциянын КЖКсында кылмыштын объектисин бирөөнүн мүлктү түзүп келгендигин белгилеп кетүү зарыл.

Каралып жаткан кылмыштардын составынын санкциясынын салыштырмалуу анализи биздин мыйзамчыгаруучулугубуз менен каралган жазалардын системасы жана түрлөрү чөт өлкөлөрдүн мыйзамчыгаруучулугу менен салыштырганда лоялдуулугу менен айырмаланат. КРнын КЖКнын 235-беренесине ылайык вандализмди жасоого күнөөлүү деп табылган кишиге жүз эсептик көрсөткүчкө чейин айып пул же жүз жыйырма сааттан жүз сексен саатка чейин коомдук иштер же алты айга чейин арест түрүндө жазалар колдонулуусу мүмкүн[79].

Буга жакын жана окшош жазаларды Казахстан Республикасынын КЖКсынын 258-беренесинин санкциясы камтып, жүздөн беш жүзгө чейин эсептик айлык көрсөткүчтөрүнүн өлчөмүндөгү айып пул же жүз жыйырма сааттан жүз сексен сааткан чейин коомдук иштер же алты айдан бир жылга чейинки түзөтүү иштерине же бир жылга чейинки эркиндигин чектөө жазалары орун алган.

Таджикистандын КЖКсынын 237 (1)-беренесинин санкциясы алтымыш сааттан жүз жыйырма саатка чейин милдеттүү иштерди же жүздөн эки жүзгө чейин эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пулду камтыйт.

Арменияның КЖКсынын 260-беренеси боюнча минималдык айлык акысынын элүүдөн жүзгө чейинки өлчөмүндөгү айып пул же алты айдан бир жылга чейинки түзөтүү иштери же эки айдан ашпаган мөөнөткө арест болгон жазанын түрлөрүн камтыйт.

Молдованын КЖКсынын 288-беренеси боюнча вандализм актыларын жасагандыгы үчүн беш жүз шарттуу бирдик өлчөмүндө айып пул же жүз сааттан эки жүз саатка чейин акысы эмгек акысы же алты айдан үч жылга чейинки мөөнөткө эркинен ажыратуу түрүндөгү жазага тартылат. Бул берененин экинчи бөлүгү боюнча эки жүздөн жети жүзгө чейинки шарттуу бирдиктин өлчөмүндөгү айып пулга же эки жалдан беш жылга чейинки эркинен ажыратууга жазалануусу мүмкүн.

Голландиянын КЖКсынын 170-беренеси боюнча жазалоо түрмөгө камоону же бешинчи категориядагы айыа пулду (жүз миң гульден өлчөмүндө) өзүнө камтыйт. Франциянын КЖКсы боюнча көрсөтүлгөн преметтерди кордоо же бузуу үчүн үч жылга түрмөгө камоо же үч жүз миң франк өлчөмүндөгү айып пул төлөөгө жазаланат.

Даниянын КЖКсы боюнча көрсөтүлгөн аракеттерди жасоо үчүн күнөөлүү киши үч жылдан ашпаган мөөнөткө жөнөкөй камакка алынат жана жеңилдеткен жагдайлардын бар учурунда айып пул төлөөгө дуушар болот.

Вандализм менен байланышкан аракеттерди жасагандыгы үчүн жоопкерчиликтик жөнгө салуунун чет мамлекеттик тажрыйбасы күнөөлүүлөр тарабынан жасалган аракеттердин чогултуучу аныктамалары келтирилгендигин көрсөттү, кол салуунун предмети ачыкталды жана бул каралып жаткан кылмыштардын белгилерин негиздүү баалоону талап кылгандыгын аныктады. Вандализм менен байланышкан аракеттерди бүгүнкү күндө жасалуусу коомдук тартип чөйрөсүндө мыйзам менен корголгон коомдук мамилелерге зыян тийгизүү үчүн багытталлган адамдын агрессивдик деструктивдик коомдук кооптуу мотивделген

аракеттерин түзгөндүгү белгиленди.

Вандализм менен байланышкан аракеттердин бүткүл дүйнөдөгү кеңири жайылгандыгы жана жогору латенттүүлүгү мындан коомдук кооптуу аракеттердин мыйзамчыгаруучулук тыйылуусуна жана имараттарды жана курулуштарды кордоо, коомдук транспортто же башка коомдук жайларда мүлктү бузуу үчүн жоопкерчиликти кылмыш-жаза кодексинин өз алдынча нормасында жана ошондой эле бир нече беренелеринде камтылгандыгына мүмкүнчүлүк түзүп, аракеттердин бекитилүүсүндөгү, кол салуунун предметтеринин тизмесиндеги жана ошондой эле жогорулатылган көңүлдү тастыктаган жазалардын чараларындага айырмачылыктарды белгилеп, мамлекет тарабынан мындай анти коомдук көрүнүштөргө алдын алуу чараларын мындан ары жакшыртып кабыл алынуусунун зарылдыгын көрсөттү.

# ГЛАВА 2. ВАНДАЛИЗМ МЕНЕН КҮРӨШҮҮНҮН ТЕОРИЯСЫ ЖАНА ПРАКТИКАСЫ

## 2.1. Вандализмдин бүгүнкү абалы жана масштабдары

Вандализм башка коомдук кооптуу кылмыш катары тарыхый жактан өзгөрүүчү коомдук продукт болуп саналат жана анын саясий, социалдык-экономикалык жана маданий-адептүүлүк жашоосундагы процесстерден жана көрүнүштөрдөн көз каранды болуп, адамдын жашоосунун конкреттүү субъективдүү жагдайлары менен айкалышып, коомдук тартиптин чөйрөсүндөгү корголгон коомдук мамилелерге зыянын тийгизет. Бул кылмыш социалдык жашоонун жана ишмердүүлүктүн коомдук кооптуу продукту болуп, коомго зыянын тийгизип, анын үстүнөн көзөмөлдү талап кылып, коом ошол эле чаранын түрүнө толук ээ болгон кылмыштуулуктун үстүнөн көзөмөлдөөнүн жыйынтыктарын шарттаган социалдык чаралардын колдонуусун негиздейт.

Кылмыш-жаза укуктук жылыштардын анализи бул кылмыштуу аракеттердин негизинен социалдык-экономикалык, саясий жана башка шарттардын өзгөрүлүүсү менен детерминациялангандыгын көрсөттү. Ошону менен бирге кээ бир өзгөрүүлөр кылмыш-жаза саясатынын коллизиялык өзгөчөлүктөрү менен байланышкан субъективдик себептер менен чакырылган. Ошону менен бирге кылмыштуулуктун абалы эки түзүмдүүлөрдүн ортосундагы баланс менен аныкталат – коомдун демократиялашуусунун даражасы жана социалдык көзөмөлдүн катуулугу, тактыгы. Күнөөлүүлөрдүн квалификациялануусунун жазалангандыгынын бир эле учурда төмөндөөсүндөгү шарттарда кылмыштуулуктун өсүүсүнүн жалпы тенденциясы интенсивдүү өсүп жаткан кылмыштуулуктан социалдык-укуктук көзөмөлдүн калып кеткендигин криминологиялык маанилүү белги катары баалап, керектүү кылмыш-жаза сот адилеттигинин

гумандашуусуна жооп бербей, кылмыштуулук менен күрөшүүнүн керек эмес алсызданиуусуна алып келди. Дүйнө демократиялашып, бирок бул позитивдик кадам аң сезимдүү тартип менен компенсацияланбай келет[80, 22-23б.].

Кылмыштуулук өзүнүн өтө татаал жолдору, мыйзамдары менен өнүгүп келет. Анын социалдык-экономикалык жана саясий процесстер менен болгон байланышы өтө бекем, бирок линиялык мүнөзгө ээ. В.Н. Кудрявцев белгилегендей көптөгөн себептүү чынжырчалар толугу жана кылдаттык менен изилденген эмес, а башкысы – чечим кабыл алынууда аларга көңүл бөлүнбөйт[81, 31б.]. Кылмыштуулуктун өсүүсүн (кыскаруусун) жаңы шарттар менен байланыштыруу туура эмес. Демократиялык өлкөлөрдө рынок экономикасы менен өздөрүнүн курч криминологиялык көйгөйлөрү куралат. Бардык учурларда, түрдүү саясий оюндарда алар өсүп жаткан кылмыштуулук менен профессионалдык укуктук күрөшүүгө алы жеткендей болуусу, кылмыштык көрүнүштөрдү алдын алуу боюнча реалисттик программаларды системалуу түрдө иштеп чыгуу жана аларды ишке ашыруу жана мыйзамдын так алкагында алардын үстүнөн көзөмөл жүргүзүү абзел[82, 40б.].

Кылмыштуулуктун түрдүү өлкөлөрдө жана территорияларда көрсөткүчтөрүнүн салыштырмалуулугун, алардын көз карандылыгын канааттандыраарлык деңгээлде аныктоо дагы да болсо татаал болуп, көптөгөн шарттардын сакталуусун талап кылат. Мындай шарттардын бирин сандуу көрсөткүчтөрдүн милдеттүү түрдө сапаттуу криминологиялык жана кылмыш-жаза-укуктук анализ менен толуктоо түзөт. Бир өлкөдө кылмыштуулуктун өсүүсүнүн жогорку темпи анын реалдуу өсүүсү менен байланышы мүмкүн, ал эми башкасында – кылмыштардын катталуусун жакшыртуу, укук коргоо органдарына жарандардын ишеничинин жогорулоосу, башкача айтканда латенттик кылмыштардын жокко чыгарылуусунун натыйжасында пайда болгон мамиле менен байланышы мүмкүн.  Жана тескерсинче, кылмыштуулук

төмөнкү деңгээли бир өлкөдө катуу тоталдык көзөмөл менен шартталса, башкасында – полициянын кылмыштарды каттоодон баш тартуусунун кесепети болуусу мүмкүн. Сапаттуу криминологиялык анализ кылмыштуулук менен байланышкан башка статистикалык көрсөткүчтөрдү камтуусу мүмкүн (экономикалык, социалдык жана башкалар) [83, 159-162б.].

Баарыбызга белгилүү болгон жобого ылайык, сандык (бардык жасалган кылмыштык аракеттер), мейкиндик (изилдөө үчүн тандалган территориянын көрсөтүлүүсү менен, мисалы белгилүү облусту) жана убакыттык көрсөткүчтөрдү (убакыттын кесиндиси, мисалы бир жыл ичинде) камтыган кылмыштуулуктун аныктамасын ачыктаган.

Кылмыштуулуктун жана анын абалын объективдүү баалоо реалдуу шарттардагы анын санынын көбөйүүсү же тескерисинче азаюусун эске алуу менен түзүлөт. Ал белгилүү жерде, региондо же (кийрилүүсүнүн масштабына жараша) жалпысынан мамлекеттеги болуп жаткан аракеттерди камтуусу менен мүмкүн боло алат [84, 43б.]. Кесиптик талдоонун деңгээлинде кылмыштуулуктун абалын баалоо үчүн кылмыштуулуктун жана жасалган укук бузуулардын көрсөткүчтөрүнүн жана параметрлеринин пайыздык айкалышуусу негиз катары кабыл алынат. Жашыруун кылмыштуулуктун жалпылануулары изилденет. Ошону менен биргеликте, изилденип жаткан жердеги кылмыштуулуктун чыныгы абалын баалоо үчүн көрсөткүчтөрдүн орун алган өзгөрүүлөрүн байкоо үчүн убакыттын белгилүү кесиндисинин ичинде маалыматтарды тактоо менен алардын өсүүсүн же азаюусун реалдуу эске алынуусу чыгаруу зарыл [85, 143-147б.].

Кылмыштуулуктун абалынын көрсөткүчтөрү жана анын үстүнөн көзөмөл жүргүзүү белгилүү бир жол менен бири бири менен өз ара байланышкан. Бир көрсөткүчтөрдүн толук эместиги жана объективсиздиги бардык көрсөткүчтөрдү бурмалайт. Катталып жаткан кылмыштуулук жана анын үстүнөн белгилүү шарттарда көзөмөл

жүргүзүүнүн жыйынтыгында алардын ортосундагы маалыматтардын кесепетинен тескерисинче болгон корреляциялык көз карандылык пайда болот. Мисалы, кылмыштардын туура эмес каттоосунун натыйжасында кылмыштуулуктун өсүүсүнүн темпин «жайлатуу» же «азайтуу» мүмкүн, ал эми тандалуучу каттоону башкарса (алдын ала ачыкталбай турган кылмыштарды каттабаса), анда катталган кылмыштардын ачыкталгандыгынын маанилүү өсүүсүнө жетишсе болот. Кылмыштарды каттоодогу мындай манипуляциялар укук коргоо органдарына элдин ишеничин жоготууга алып келип, кылмыштар тууралуу арызданууларды төмөндөтүп, кылмыштуулук менен күрөшүүнүн натыйжалуулугун «жакшыртууга» алып келген көрсөткүчтөрдүн пайда болуусун жаратат[82, 283б.].

Вандализмдин өзгөчөлүгү бүгүнкү күндө вандализм актыларында, коомдук колдонууга арналган имараттарды, курулуштарды, мүлктү кордоодо, бузууда байкалган адамдын бузуучу аракеттерге чакырган коомдун өнүгүүсүнүн дестабилдешүүсүндө болуп, бул аракеттерди коомдук кооптуу катары мүнөздөйт. Кыргыз Республикасынын ИИМдин маалыматына ылайык, Кыргыз Республикасындагы коомдук коопсуздукка жана коомдук тартипке каршы катталган кылмыштардын ичинен КРнын КЖКнын 235-беренеси (Вандализм) боюнча кылмыштар 0,07% пайызды түзгөндүгү аныкталган [86]. Айтылган статистикалык маалыматтар вандализмдин так байкалган өсүүсүнүн тенденциясы байкалбайт жана бул абал вандализм актыларынын катталуусунун жоктугунун жана каралып жаткан кылмыштардын маанилүү деңгээлде латенттүүлүгү менен түшүндүрүлүп, булар жалпысынан республикадага вандализмдин маалыматы менен тастыкталат.

Вандализм активдүү аракеттер менен жасалган кылмыштардын катарына кирет жана алардын ыкмалары түрдүү болуп, мындай альтернативалык көрүнүштөргө ээ: имараттарды жана башка курулуштарды кордоо; коомдук транспортто же башка коомдук жайларда

мүлктү бузуу. Ошону менен бирге, имараттарды жана курулуштарды кордоо катары коомдук адептүүлүккө каршы түрдүү аракеттер түшүндүрүлөт. Мындай аракеттерге имараттарда жана башка курулуштарда уяттуу жазууларды жана сүрөттөрдү түшүрүү кирет (адабий эмес сөздөрдү, карикатураларды, сексуалдык мүнөздөгү сүрөттөрдү, фашисттик символикаларды, ал эми жазууларга жана сүрөттөргө ошондой эле кээ бир сөздөр жана тексттер кирет).

Вандалдык аракеттердин жасалуусунун маанилүү белгисин туруктуу же убактылуу мүнөзгө ээ болгондугуна карабастан адамдардын жашоосундагы керектөөсүн канааттандыруу үчүн адамдардын баарлашуу жайлары болгон коомдук жайлар түзөт. Коомдук жайлардын убактылуу жана туруктуу деп бөлүнүүсү адамдардын бири бирин сыйлоо жана коомдук тынчтык адамдардын баарлашуусунда түрдүү көрүнүштөрүндө орун алган коомдун башка өкүлдөрүнүн кызыкчылыктарын эске алуу менен алардын мамилелеринин тартибин мыйзам жөнгө салгандыгы жана коргогондугу менен шарттайт [87, 88б.]. Үзгүлтүксүз колдонууга арналган коомдук жайлар жана аныкталган иштин сааттарында туруктуу функциялоого бекитилген жерлер туруктуу топко киргендигин ачыктап, түшүнүү зарыл. Буларга көчөлөр, бульварлар, аянттар, тепкичтеги клеткалар, подъезддер кирет[88]. Башка тобун ишканалар, социалдык-маданий мекемелер, шаардык транспорттук аялдамалары, коомдук тамактануунун, калктын тиричилигин тейлөөнүн стационардык ишканалары, коммуналдык ишкалар, байланыш мекемелери, поликлиникалар, амбулаториялар, спорттук курулуштар жана парктар кирет. Бул категорияга адамдардын коллективдеринин өндүрүштүк, кызматтык ишмердүүлүгүнө (ишканалар, мекемелер, уюмдар жана башкалар) арналган жайлар жана ошондой эле илимий же окуу жайлары (окуу жайлары, илимий изилдөө мекемелери, лабораториялар жана башкалар) кирет. Коомдук жайларга жетиштүү түрдө кеңири болгон жайлардан сырткары, кирүү мүмкүнчүлүгү чектелген жайларды да

киргизсе болот. Мисалы, адам жашаган көп этаждуу көп батирлүү бир үй бүлөгө таандык эмес үйлөр (мындай жайларда коомдук жайларды подъезддер, лифттер, тепкич аянтчасы).

Вандализмдин коомдук коркунучтуу кесепеттеринин өзгөчөлүгү коомдук коопсуздукка жана коомдук тартипке каршы кылмыштарды жасоодо кол салуу объектиси менен аныкталат. Жазык-укуктук коргоонун ушул объектилерине кол салуунун натыйжасында сан жагынан же өз-өзүнчө аныкталбаган коомдук кызыкчылыктардын кеңири чөйрөсүнө зыян келтирилет. Вандализм болсо, ал көп варианттуу, анткени ал коомдук тынчтыктын бузулушун жана мүлктүк чыгымдарды, ошондой эле кээ бир учурларда социалдык институттардын кадимки иштешинин бузулушун камтыйт.

Аракеттердин өзгөчөлүгү вандализмде коомдогу адамдардын баарлашуусунун жүрүшүндө пайда болгон система катары өз ара байланышкан мамилелерге таасир тиет. Бул мамилелердин маңызы инсанга, анын кадыр баркына кандайдыр бир социалдык топтун деңгээлинде жана өз алдынча бир адамга болгон сый мамилесин билдирүүдө. Коомдогу тынчтыкты колдоо жана сактоо укуктун ченемдери аркылуу жөнгө салынат жана ал аркылуу адамдардын зарыл болгон аракеттеринин жана көптөгөн жарандар үчүн арналган мүлктү тийиштүү колдонуунун эрежелери бекитилет. Менчик жана коомдук адеп-ахлак бузуучулуктун кошумча объектилери болуп саналат.

Коомдук коркунучтуу иш-аракет менен анын натыйжасында келип чыккан кесепеттердин ортосунда себептик байланыш орнотулушу керек.Кылмыштын объективдүү тарабынын белгиси катары себептүүлүктүн жалпы теориясынын негизги жоболору вандализмдин курамына карата колдонулат. Вандалисттик иш-аракет коомдук коркунучтуу кесепеттердин башталышына чейин болушу керек, ал генетикалык, табигый жол менен кесепеттерди жаратышы зарыл, алардын пайда болушунда чечүүчү фактор катары кызмат кылышы керек, жана

айрым учурларда жетиштүү деңгээлде себептик себептерге ээ болушу абзел. Биз иликтеп жаткан курамдын мүнөздүү белгиси - имараттарды жана башка курулмаларды мазактоо түрүндөгү коомдук коркунучтуу актыны жасоо жана бул учурда коомдук коркунучтуу кесепеттердин башталышы иш жүзүндө биригиши мүмкүн.

Вандалдык аракеттер бүгүнкү күндө өзүнүн типтүү маанисинде байкалат жана мезгилдүү түрдүү тарыхый кесиндисинде мамлекеттүүлүктүн калыптануусуна салым кошкон белгилүү ишмерлердин, белгилүү инсандардын эстеликтерин бузууну же булгоону билдирет. Мындай вандалдык мүнөздөгү аракеттер өлкөнүн түрдүү бурчтарында белгиленет. Мисалы, 2012-жылдын май айында Кара-Балта шаарында Маданият үйүнүн жайында аянтчада 40 жылдан бери турган Владимир Лениндин эстелигинин башын кесип, алып кеткен. Монумент алюминийден болуп, ичи бош болгондугуна байланыштуу вандалдар эстеликтин башын гана кесип кетишкен. Кылмышкерлер табылган эмес, бирок эстеликти фотографиялар боюнча калыбына келтиришкен [89].

Вандализм актынын башка мисалын 2012-жылы май айында Бишкек шаарынын борборунда журналист Геннадий Павлюктун эстелигин уурдашкан. Ал толугу менен колодон куюлуп, салмагы 250 кг болгон. Кылмышкерлер түстүү метал кабыл алуу жайына алып барышып, 31 миң сомга сатышкан. Кийинчерээк эстеликти Президенттин иштери боюнча башкармалыгынын фондусунун эсебинен 740 миң сомго калыбына келтиришкен. Ошол эл кылмыштуу топтун катышуучулары 2012-жылдын октябрь айында эки жолу Советтер Союзунун Баатыры учкуч-штурмовик Талгат Бегельдиновдун эстелигин булгалашкан жана Эмгек тактайынын монументинен декоративдик төш белгилерин уурдашкан. Бегельдиновдун эстелигине болгон коло плитасын сатып алуучуларга берүү үмүтүндө уурдап, сата алышкан эмес[90]. Бул учурда кордоо дайыма адептүүлүктүн, диний же этникалык сезимдерди айлана чөйрөдөгү адамдарга терс таасирин тийгизүү менен милдеттүү түрдө байлашуусу тууралуу көз

караш менен макулбуз[91, 9б.].

Вандализм катары инсандын күндөлүк аң сезиминде кабыл алынган маданияттын жана искусствонун эстеликтерине гана кол салуу менен чектелбестен, ошондой эле жалпысынан адепсиз жүрүм турумдар, түрдүү мүлктү кордоо, булгоо, бузуу, көмүлгөн жайларды бузуу, каза болгон адамдардын денесин кордоо, жаныбарлар менен орой мамиле кылуу, жашыл көчөттөрдү жок кылуу түшүндүрүлөт. 2016-жылы мүрзөлөрдө вандализмдин бир нече фактысы орун алган. Чоң-Арыктагы мүрзөлөрдө бир нече монумент жоголгон, алардын ичинде балдарынын ата энелерине, Улуу Ата мекендик согуштун ардагерлерине жасаган эстеликтери да болгон. Кийинчерээк вандалдар эстеликтерди Чүй облусунун талаасына таштап кеткени белгилүү болгон. Аламүдүн районунун Октябрь айылындагы мүрзөлөрдү вандалдар жазууларын боек менен боешуп, кресттерди уурдап кетишкен. Христиан мүрзөлөрүнү кордоо фактысы Чүй облусунун Аламүдүн районунун Арчалы айылында да орун алган[92].

Вандализм тууралуу кеп кылып кетип, анын коомдук тартипти бузууну түзгөндүгү өзүнө бир катар кылмыштады объектилерин чогулткандыгын белгилеп кетүү зарыл. Бул кылмышты жасоодо кылмыш-жаза мыйзамы менен корголгон бул учурларда кошумча болгон башка объектилерге да зыян тийгизилгендиги баарыбызга белгилүү. КЖКнын 235-беренесинин диспозициясына ылайык вандализмди жасоодо кошумча түздөн түз объектилердин катарына мүлк (мүлккө зыян тийгизилген учурда) жана адептүүлүк (кылмыштын предметин кордогон учурда) кирет.

2003-жылы Эркиндик бульварында орнотулган белгилүү кыргыз поэти жана драматургу Жомарт Бөкөнбаевдин бюстун белгисизидер уурдап кетишкен. Кылмышкерлер аларды түстүү металлдарды сатып алуучуларга алып барууга ниеттенген, бирок бюст бетондон жасалып, коло менен тондолгондугуна байланыштуу пайда көрүшкөн эмес. Эстеликти сынган абалда табышып, андан төрт жыл өткөндөн соң так көчүрмөсүн калыбына келтиришкен. Кылмышкерлер түстүү метал саткан

жерге тапшырууну ниеттенишкен, бирок ал ишке ашкан эмес, анткени бюста бетондон жасалып, анын сырты гана коло менен тондолгон. Эстеликти бузулган абалда табышып, андан соң төрт жылдан кийин анын так көчүрмөсүн калыбына келтиришкен. Вандализм жасаган кишилер оор болгон эстеликтерди көтөрүп кете албаса, ага өздөрүнүн кол жазмасын коюшуп, сүрөттөрдү тарткылашат. Дуб паркында орун алган Карл Маркстын жана Фридрих Энегльстин эстеликтери, Аалы Токомбаевдин эстелиги жана башка монументтердин түрдүү сүрөттөлүүсү ишке ашып келген.

Бишкек, Нарын, Ош жана Кыргызстандын башка шаарларындагы парктарда, бульварларда отургучтарды, балдардын аянтчасындагы мүлктөрдү бузушуп, отургучтарды, курулуштардын дубалдарын кордошуп, түрдүү сүрөттөр менен тартышат. Акыркы убакта республикабыздын шаарларында орнотулган арт-инсталляциялардын бузулуу фактылары белгиленип келет. Ошентип Нарын шаарындагы эс алуу паркында «Мен Нарынды жакшы көрөм» арт-инсталляциясы сындырылган жана ошондой эле Бишкек шаарынын борбордук филармониясынын районундагы Жаштар аллеясында орнотулган «Упайлар. Көз караш»» арт-инсталляциясы бузулган. «Тазалык» муниципалдык ишканасынын кызматкерлери арт-инсталляцияны оңдошкон жана тийгизилген зыяндын өлчөмү айтылган эмес.

Мындай байкалган вандализмдин актылары тынчсызданууну жаратат: - борбордун коомдук жайларындагы имараттарга дубалдык эмес уят сөздөрдү жазуу, имараттардагы жана курулуштардагы жазылмалар өзгөчө көңүлдү өзүн бурат. Мыйзам кылмыш-жаза жоопкерчилигин кылмыштын предметтерин кордогон момент менен байланыштыргандыгына байланыштуу, коомдук адептүүлүктү кемсинтпеген дубалдардагы жазуулар жана сүрөттөр кылмыш-жаза-укуктук кылмыш катары каралбашы керек. Аларга мисал катары коммерциялык жарнама, маалыматтык билдирме, саясий же диний

пропаганда, аморалдык мазмуну жок сүрөттөр жана жазылмалар кирет.

Кылмыштардын бул категориясын кароодо жазылмалардын жана сүрөттөрдүн мазмуну гана эмес, ошондой эле аларды жок кылуунун мүмкүнчүлүктөрү жана алардын өлчөмүнө маани берүү зарыл. Вандализмдин составын моралдык нормаларды бузган, бирок маанилүү коомдук реакцияга эсептелбеген (мисалы, оңой оңдолгон цензуралык эмес сөздөр жана адепсиз сүрөттөр, алардын аз адам көргөн же адам жок жерлерге жазылуусу) сүрөттөрдү жана жазылмаларды жазуу кирбейт. Көрсөтүлгөн учурда аракеттер формалдуу түрдө вандализмдин белгилерин камтыгандыгына карабастан, анын маанисинин, таасиринин аздыгына байлайныштуу жана коомдук коопсуз болгондугу менен кылмыштуу эмес болуп табылат. Бул учурларда жасалган аракеттердин мүнөзүнө байланыштуу материалдык жоопкерчилик орун алуусу мүмкүн.

Практика көрсөткөндөй вандализмдин объектиси болуп көп учурда жеке менчикте болгон мүлк орун алууда жана ал анын ээси менен адамдардын конкреттүү эмес тобуна берилет (эс алуу жайларындагы аттракциондор, кафелердин имараттары жана алардын жабдыктары, соода палаталары жана башкалар). Бул учурларда мүлк анын конкреттүү адамга таандык болгондугуна, анын ээсинин ээлик кылуу, колдонуу жана өзүнүн чечими менен иш жүргүзүү укугу менен байланышпай туруп бузулат, ошондуктан бул учурлардагы аракеттерди квалификациялоо суроолору мындай чечүү зарыл: жеке менчикте болгон бирок адамдардын аныкталган эмес кеңири тобуна керектөөчүн канааттандыруу үчүн берилген мүлктү кордоо, булгоо, бузуу вандализм катары квалификацияланаусу керек.

Ошону менен бирге вандализмден баарынан көп транспорт системасынын объектилери жабыркайт жана мындай тенденция көп жерлерде байкалат. Вандализм актыларын мотивдеринин же жасалуу максатына карабастан транспорттого кетирген зыянын калыбына келтирүү өтө чоң чыгымдарды талап кылат. Маршруттук таксилерде, автобустарда,

троллейбустарда, темир жол транспортундагы вандалдардын аракеттери вагондорду жана автобустардын салондорун граффити менен сүрөттөөнү, жыртылган отургучтарды, жылуучу составдардагы эшиктеринин жулунуп алынган кармоочтору, жарыктандырууну жана электр кабельдерин бузуу жана ошондой эле жүрүп жаткан составдарга таш ыргытуу түрүндөгү көрүнүштөргө ээ. Көп учурда вандализмге поезддердин айнек пакеттери жана пассажирдик поезддердин составы дуушар болуп, машинисттердин кароо жана жанындагы терезелердин жана пассажирдик салондордун терезелеринин сындыруусуна алып келип, алардын калыбына келүүсү, мындай кесепеттерди жок кылуу үчүн каражаттардын бөлүнүүсү республиканын бюджетинде байкалат. Вандалдардын укукка каршы аракеттеринин жыйынтыгында келтирилген зыяндын каржылык чыгымдары жана өлчөмдөрү тууралуу расмий жарыяланган маалыматтары жок.

Бизге маалым болгондой чет өлкөлөрдө жыл сайын вандализм актыларын компенсациялоо үчүн миллиондогон акчалай чыгымдар кетирилет. Мисалы, Улуу Британияда вандализм актыларынан зыянды төлөө үчүн үч жарым миллионго жакын фунт өлчөмүндө акча бөлүнсө[93], Австралияда жүрүп жаткан составдардагы граффити өчүрүү үчүн үч миллион австралиялык доллар чыгымдалып, компаниянын транспорттук системасынын башка объектилерин вандалдык актылардан кийин калыбына келтирүү үчүн дагы эки миллиондон ашык австралиялык доллар акчалай төлөмдөр чыгымдалган[94]. Швецияда вандалдык коомдук кооптуу аракеттерден жыл сайын тийгизилүүчү зыян жүз миллион крондон ашык[95, 118-119б.], ал эми АКШда вандализм актылары үчүн жыл сайын эки жүз миңден ашык камалып, жыл сайын тийгизген зыяны бир миллион долларга жакын болсо[96, 36б.], Нидерландыда вандализм актыларына төрт миллион доллар өлчөмүндөгү мүлктөр кордолуп, бузулууга учурайт[97].

Вандализмден тийгизилген коомдук зыянынын жана анын

кесепеттеринин өлчөмүн баалоо татал болгондугун белгилеп, мамлекетке, муниципалдык жана жеке менчиктерге вандализм актыларынын келтирген зыянын коом сезбей келет. Анткени элдик чарбанын тармактары, региондор жана шаарлар арасында укук бузуунун бул түрү боюнча статистика жайылып, үзгүлтүктүү мүнөзгө ээ. Анда көрүлө турган пайданын жоголуусунун катталуусу жок, себеби вандалдардын аракеттеринен жарандардын керектөөчүлүк, экономикалык, иштиктүү активдүүлүгү бардык чөйрөдө төмөндөйт. Вандализмдин коомдук кооптуулугун белгилеп, жасалган кылмыштын жыйынтыгында келтирген зыяндын өлчөмү менен гана аныкталбастан, ошондой эле жакынкы перспективада өзү тууралуу билдирген бузуучулук элементтери менен туура эмес укукка каршы жүрүм турумдун үлгүсүн көрсөтүп, кылмыштуу аракеттердин оор түрүнө айланып, оорураак коомдук кооптуу кол салуулар менен коштолуусу мүмкүн.

Жаш балдар тарабынан вандалдык аракеттердин бирдиктүү актыларын биринчи жолу жасоо, эреже катары, өзгөчө жагдайлардын, абалдык факторунун ишке ашуусунун жыйынтыгы болуп саналат. Ошону менен бирге, вандализм актысынын жалгыз фактылары, анын жазасыз калуусу, анонимдүүлүк көп учурда кийинки вандализм актыларына алып келип, атайын ниетте жасалуусун шарттайт, ошондуктан калктын вандалдык активдүүлүгүнү көрсөткүчтөрүнүн өсүүсүн чагылдырган маалыматтар көптөгөн өлкөлөрдө тастыкталгандай коомдун социалдык туруксуздугунун индикатору катары кызмат кылат.

Вандализмди аныктоодо калктын укуктук деңгээлинин төмөндүгү чоң мааниге ээ. Көбүнчө, вандализм иш-аракеттерине туш болгон жарандар тоскоолдук кылбоого жана бул аракеттерди бастырбоого аракет кылышат. Айланадагы жарандардын кайдыгерлигине кезигип, бузуку өзүнүн иш-аракеттерин улантууга реалдуу мүмкүнчүлүк гана алып тим болбостон, анын жазасыз калуусуна белгилүү бир ишеним пайда кылат жана акыры оздукталбайт. Мындан тышкары, кылмышкердин өзү дагы,

калк дагы көрүлүп жаткан иш-аракеттердин мыйзамсыз экендигин билишпейт.

Буга чейин белгиленгендей, вандализмдин коомдук кооптуулугу үйрөнүлгөн вандалдык аракеттердин типтери андан соң оор формаларынын көрүнүштөрүнө ээ. Мисалы, Кыргызстандын жараны 21-жаштагы Нуртилек Бакиров Вашингтон шаарында жасаган вандализми үчүн камалып, Линкольндун Мемориалындагы колоннада тыйын менен «НУРТ МАЕК» сөздөрүн жазгандыгы аныкталган. Бакиров Н. мүлктү атайын бузуу үчүн айыпталууда. Эгерде аны күнөөлүү деп тапса, анда ага 10 жылга чейин түрмөгө камоо жана жыйырма беш миң доллар өлчөмүндөгү айып пул түрүндөгү жазалар колдонулат[98].

Коомдук транспорттогу же коомдук жайлардагы мүлктү мындай абалга келтирүүдө анын чарбалык баалуулугу маанилүү өлчөмдө түшсө, анда бул аракеттерди бузуу катары түшүнүү керек экендигин белгилеп кетүү зарыл. Бирок ошол эле учурда ал мүлк анын калыбына келүүсүнүн жана оңдолуу шартында кайрадан колдонууга жарактуу болуу шартын эске алуу милдеттүү. Коомдук транспортто же башка коомдук жайларда мүлктү бузуу автобустардагы, трамвайлардагы, поезддердеги жана башка коомдук транспорт каражаттарында отургучтарды бузуу, кинотеатрлардагы креслолорду, коомдук транспорттун аялдамалардагы курулуштарды бузуу көрүнүштөрүнө ээ болуусу мүмкүн.

Коомдук тартип чөйрөсүндөгү жетиштүү түрдө уюшулган эмес статистика коомдук транспортто жана башка коомдук жайларда мүлктү бузуунун массалык формасынын алдында реалдуулукка жакын эмес жана ошондой эле имараттардын жана башка курулуштардын кордолуусунун көп учурлары бул багыттагы орун алган көрүнүштөрдүн чындыкка толук дал келбегендигин тастыктайт. Оор жана өзгөчө оор кылмыштардын ачыкталуусу менен иш жүргүзгөн укук коргоо органдарынын кызматкерлери вандализм актыларынын коомдук кооптуулугунун даражасын толук баалай албай жатат, анткени бул тууралуу вандализм

актыларынын катталган санынын маалыматы жана алардын бардык чөйрөдө жана жерлерде кеңири жайылгандыгы тастыктайт. Ошону менен бирге, укук коргоо органдары тарабынан вандалдык аракеттерге каршылык көрсөтүүнүн жоктугу аларга калктын ишеничинин жоголуусуна түрткү түзөт. 2009-2017-жылдардагы мезгилде Кыргызстанда катталган КЖКнын 235-беренеси боюнча кылмыштардын алтымыш пайызга жакыны вандализм жасаган адамдарды аныктоо мүмкүнчүлүгүнүн жок болгондугуна байланыштуу иштер токтотулган, сегиз пайызы – жактардын жарашуусуна байланыштуу иштер бүткөн, токтотулган кылмыш иштеринин он эки пайызы сотко чейинки процессуалдык иштердин убактысынын өткөндүгүнө байланыштуу бүтүп, козголгон иштердин он эки пайызы гана сотко чейин жеткен.

Биздин маалыматка ылайык, вандализмдин ачыкталуусу жыйырма сегиз пайызды түзүп, вандализм актыларынын жетимиш эки пайызы ачыкталбаган абалда кала берүүдө. Ошентип, вандализм менен байланышкан иштерде белгилүү кызыкчылыктын жоктугу жана пассивдүүлүк байкалып, вандализм жасаган адамдардын аныкталбаган жыйынтыкка алып келген процессуалдык иштердин өндүрүшүнүн алсыз сапаты жана ошондой эле шектелүүчүлөрдүн издөөсүнүн жана тергөөдөн жашынган шектелүүчүлөрдү кармоонун жоктугу жогорудагыны далилдейт.

Ошондой эле жасалган вандализм актыларынын саны менен ачыкталган кылмышкерлердин санынын ортосунда айырмачылыктар бар болгондугун белгилеп кетүү зарыл. Бардык иштер сотко чейин жетпейт. Буларга себеп болуп квалификациянын төмөн деңгээли, алдын алуу иликтөө органдарынын жетишсиз иш алып баруусу эсептелет. Бул маалыматтар дагы бир жолу латенттүүлүктү (көпчүлүк учурда искусстволук латенттүүлүк), вандализм актыларын тергөөдөгө деформацияны жана кылмыштардын башка түрлөрүнө каршы вандалдык аракеттерди жасаган күнөөлүү адамдарды табуудагы тийиштүү

түзүмдөрдүн кызыкчылыгынын жоктугун тастыктайт.

Ички иштер органдарында резонанстык оор же өзгөчө оор кылмыштардын ачыкталуусу боюнча көрсөткүчтөрдү берүү боюнча расмий түрдө талаптардын жок болгондугуна карабастан жылдын жыйынтыгы боюнча мыкты бөлүктү аныктоодо тийиштүү бөлүктүн белгилүү мезгилде ишин жүргүзүүдө эске алынуусун белгилейбиз.

Жакшы алдын алуучулук иштин жыйынтыгы катары вандализмдин көрсөткүчтөрүнүн төмөндүгү, анын динамикасынын азайгандыгы болуусу мүмкүн, бирок ошол эле учурда, тескерисинче, мындай кооптуу аракеттер менен практикалык бөлүктөрдүн күрөшүү боюнча ишинин алсыздыгын, орун алган вандализм актыларын толугу менен катталбоосун, башкача айтканда мындай кылмыштарды каттоодон жашыруусун (жасалма латенттүүлүк) да белгилөөсү мүмкүн. Реалдуу кылмыштуулук латенттик кылмыштуулукту эске алганда катталган кылмыштуулукту бир нечеге алдыга өтөт жана катталбаган кылмыштар катталган кылмыштардан ашып кетүүсү мүмкүн экендиги тууралуу көз караштар да айтылып келген [99, 139б.].

Жашыруун кылмыштуулуктун масштабы, эреже катары, эч качан так аныкталган эмес. Кээ бир эл аралык баалоолор боюнча катталбаган, арыздалбаган кылмыштар 60 пайызды түзүп, жасалган кылмыштардан көп. Кылмыштардын белгилүү түрлөрү боюнча бул көрсөткүч көп чектердин арасында жайгашкан. Кылмыштардын категориясынын категориясынын катуулугуна жана оордугуна байланыштуу, анын жашыруундугунун коэффициенти ошончолук аз болот [100, 57б.].

Латенттүү кылмыштардын жашырылган бөлүгү доминанттык эмес, бирок кооптуу манипуляция менен баалануусу керек, анткени алар карьеристтик, пайда көрүү, же башка жалган кызматтык мотивдер менен жасалып, жарандардын укук коргоо органдарына жана жалпысынан мамлекетке болгон ишеничин азайтат. Латенттик кылмыштуулуктун бул бөлүгүн минимизациялоо арыздалбаган анын бөлүгүн азайтууга түрткү

жаратат. Катталган, бирок алдын ала иликтөө органдарынын жана тергөөчүчүн күнөөсүнөн аныкталбаган кылмыштар катталган кылмыштардын 1-5 пайызын түзөт. Алар окуянын жок болгондугуна жана кылмыштын составы болбогондугуна байланыштуу токтотулуп аяктаган кылмыш иштеринин материалдарына, кээде соттун чечими менен акталган иштерге айланып кеткен. Мыйзамчыгаруучулуктун көз карашы боюнча белгилүү талаптардын сактоодо кылмыштуулуктун бул бөлүгү, анын жашыруун мүнөзүнө карабастан, чындыгында жасалган болуп эсептелет, бирок далилдөөнүн татаалдыгына байланыштуу бул аракеттер жашыруун болуп эсептелет [82, 298-299б.].

Кылмыштардын жасалма латенттүүлүгү кылмыштардын жасалган фактысын жашырган кызматкерлердин аракеттеринин жыйынтыгы болуп саналып бул максаттарды көздөйт: өзү тейлеген территориянын участкасында жагымдуу криминогендик абалды көрсөтүү максатында; вандализмдин өсүүсүнө байланыштуу ага жетиштүү чараларды көрө албагандыгына байланыштуу (жетишпегендик); күбөлөрдүн жоктугунда жасалган, ачыкталуусу оор болгон кылмыштар менен, аларга вандализм да кирет, ички иштер органдарынын кызматкеринин иш жүргүзүүнү каалабагандыгы; ал органдардын кадрдык жана техникалык комплектенбегендиги үчүн; кызматкерлердин алсыз, жетишсиз профессионалдык даярдыгы жана башкалар. Жалпысынан вандализм менен байланышкан кылмыштарды ачыктоо боюнча заманбап талаптарга жооп бербеген төмөн деңгээлди далилдеген бул багыттагы практикалык ишкерлерге белгилүү терс маанидеги мөөр басылат [101, 3б.].

Ошентип, жогорудагынын негизинде кылмыштуулуктун дал ушул түрү менен күрөшүүдө ички иштер органдарынын практикалык бөлүктөрү тарабынан тийиштүү көңүлдүн бөлүнбөгөндүгүн, вандалдык аракеттерге өз убагында чаралардын көрүлбөгөндүгүн анын абалына негативдүү таасирин тийгизгендигин жана анын латенттүүлүгүн белгилегендигине басым жасайбыз. Ошону менен бирге, кызматкерлердин профессионалдык

деңгээли менен кылмыштардын латенттүүлүгүнүн даражасынын ортосунда белгилүү өз ара байланыш бар болгондугун баса белгилейбиз. Оор кылмыштарды ачыктоонун приоритеттүүлүгү жана ошондой эле вандализм актылары менен байланышкан кылмыштарды ачыктоонун каалабагандыгы жана аларды ачыктоого даяр эместиги кээ бир кызматкерлерди аларды каттоодон жашырууга, башкача айтканда жасалма латенттүүлүктү жасоого алып келет.

Вандализм менен байланышкан аракеттердин жасалуусунун жана алардын кесепеттеринин масштабдары тууралуу маалыматтардын жетишсиздиги жана так эместиги иштердин реалдуу абалын анализдөөгө жана бул социалдык көрүнүшкө каршылык көрсөтүү боюнча натыйжалуу чараларды иштеп чыгуу үчүн жакынкы перспективага прогноздоого тоскоолдуктарды жаратат. Айтылган өзүнүн тастыкталуусун катталган кылмыштардын статистикасынын көп эместигине карабастан вандализм актыларынын бардык жерде орун алганда тапты.

## 2.2. Вандализм үчүн мүнөздүү болгон факторлордун социалдык шартталгандыгы

Кылмыш адамдын аракети катары инсандын индивидуалдык сыпаттарынын индивид үчүн сырткы объективдүү абал менен өз ара аракеттешүүнүн жыйынтыгы болуп саналып, андагы коомдук мамилелердин субъектиси конкреттүү аракетчил чечим кабыл алат. Анын натыйжасында ар бир кылмыш бир жагынан бул индивиддин жеке өзгөчөлүктөрү – анын көз караштары, кызыкчылыктары, мотивдер, керектөөсү, максаты жана акыркы жыйынтык катары түрдүү социалдык баалуулуктарга жана укуктук көрсөтмөлөргө жана тыюуларга болгон ориентирлери жана принциптери менен детерминацияланса, экинчи жагынан жеке өзгөчөлүктөр менен өз ара аракеттешип, сырткы, объективдик жагдайлардын жыйындысы менен шарталып, атайын кылмышты, этиятсыздыктан кылмыштык жыйынтыкка алып келген аракеттер же аракетсиздиктерди жасоого чечкиндүүлүктү жана ниеттин пайда болуусуна шарт түзөт. Конкреттүү кылмыштын себептерин жана алдын алуунун маселелерин изилдөө көз карашынан инсандын жеке өзгөчөлүктөрү криминологияны жалгыз гана токтоп, катып калган абалында гана кызыгуу менен чектелбестен, ошондой эле негизинен анын динамикасында – пайда болуусунда жана өнүгүүсүндө, башкача айтканда инсандын адептик түзүлүүсүнүн шарттары менен байланыштуу[102, 155-159б.].

Кылмыштуулук менен кылмыш-жаза күрөшүүнүн салттык ыкмалары делинквенттердин чөйрөсүнө жана инсанга криминологиялык таасирдөөнүн методдору менен толукталуусу милдеттүү. Анткени бүгүнкү күнгө чейин адамдар кылмышкер болуп төрөлгөндүгү же өзүнөн өзү кылмышкер болуусу тууралуу далилдер жок. Бирок укукка каршы жүрүм турумдар коомдук чөйрө менен түзөлүүсү тууралуу тастыктамалар

жетиштүү. Ошондуктан жасалып жаткан кылмыштар үчүн күнөөнүн бир бөлүгүн коом өзүнө алуусу керек жана ошол эле учурда адамдардын адамгерчиликтүү болууга, социалдаштырууга керектүү болгон чараларды көрүүсү зарыл.

Окуялардын туюк ирээттүүлүгү катары туруктуу түрдө өсүүгө жакындуулукту түшүндүрөт жана кылмыштуулуктун белгилүү көзөмөлдөнүүсүнөн арттан калуусу мүмкүн, анткени бул аны менен күрөшүүнүн криминологиялык моделдеринин жыйындысын билдирген аракеттердин алдын алуу багытына ээ болгон иштелип чыккан гумандык аракеттер аркылуу бузулушу мүмкүн. Дүйнөлүк коомчулук негизги эки маселени чечүү менен алектенип келет: кылмыштуулуктун өсүүсүнүн темпин кантип азайтуу жана укук бузуучулар менен адамдардын мамилесин кантип камсыз кылуу. Адамзатынын жүрүм турумунуну мүмкүн болгон чечилүүсү кылмыштардын жасоонун себептеринин шартталгандыгын, иштелбегендиктин орун алуусунун негиздүүлүгүн түшүнүү менен колдонулган кылмыштуулукка каршылык көрсөтүүнүн реалдуу чаралары менен болгон жыйындысында негиздерине тиешелүү болгон чечкиндүү аракеттердин кабыл алынуусун талап кылат. Эгерде андай болбосо, күрөшүүнүн максатын ачыктоодо бардык ишке ашырылып жаткан аракеттер каалаган аяктоочу жыйынтыкка алып келбейт жана бардык жасалган аракеттерди жокко чыгарат. Ошентип, гумандуулуктун жана реалдуулуктун натыйжалуулугун оптималдуу айкалышуусунун шарттарында бири бирине туура келүүсү мүмкүн [82, 117-118б.].

Вандализмди детерминациялаган факторлор тууралуу кеп кылып, коомдук кооптуу кесепеттердин келип чыгуусуна сырткы чөйрөнүн таасирин конкреттөө максатында кылмыштардын таралуусуна түрткү жараткандын бардыгын изилдөөгө дуушар болуусун белгилеп жасалган кылмыштын себептерин жана ага түрткү болгон шарттарды аныктоо менен гана чектелбеш керек.

Акыркы жылдары республикабызда орун алган социалдык-саясий, экономикалык жана башка процесстер кээ бир жарандардын өзүнүн пайдасы үчүн коомдук кызыкчылыктарды сыйлабоого, кордоого түрткү жараткан мамилелердин пайда болуусуна түрткү жаратып, коомдун баалуулуктарына негативдик көрүнүштөрдү чакырып, вандализм факторлорунда өзүнүн чагылдыруусун калтырып, адепти-психологиялык атмосферада өзүнүн таасирин тийгизди.

Керектөөсүн чечүүгө мүмкүнчүлүктүн жоктугу, кызыкчылыктар менен керектөөнүн ортосундагы айырма, алардын канааттандыруу зарылдыгы нервдүүлүк, апатия, агрессия сыяктуу көрүнүштөрдү бекемдеп, калктын көпчүлүк бөлүгүндө нараазычылыкты чакырып, криминалдык абалдын, анын ичинде өзгөчө жаш балдардын арасында басымдуу бөлүгү орун алган коомдун адептүүлүгүнүн төмөндөөсүнө алып келди.

Адилетсиздик, ишке ашпагандык жана жаштардын керексиздик сезимдери баарына алардын байкалуусун талап кылып, протесттик көрүнүш катары көрсөтүү биринчиден имараттардын, курулуштардын бузулуучулук мүнөздөрүнө айланып кетүү менен түшүндүрүлөт. Ошентип аң сезимдүү антисоциалдык көз карашы, адамдарга болгон агрессиянын бузуучулук аракеттерге өсүп кетүүсү вандалдык багыттагы кылмышка айланып кетет.

Бул учурда терең алдаган мотив болуп социалдык адилеттүүлүктү калыбына келтирүү эсептелип, чын эмес эрежелерди жана процедураларды, кээ бир физикалык чөйрөлөрдүн абалын дискриминациялаган экономикалык алмашуудагы дисбалanska жооп катары кабыл алынып, буга мисал болуп телефондук аппараттын иштебегендиги кирет. Бул жерде предметтерди, буюмдарды бузуу эрежелердин бузулуусуна жооп катары, тагыраак айтканда мүлктүн кол тийбестик эрежесинин сакталбагандыгы вандализмди маңызы боюнча

чыныгы же өзү ойлоп тапкан эреженин бузулуусу үчүн өч алуу катары талкуулап, түшүндүрөт.

Бүгүнкү күндө жаштар чөйрөсүндө вандалдык көрүнүштөрдүн топту формалары белгиленип, алар алдын ала сүйлөшүп алышып, бир эле убакытта адамдардын топтору болуп (башка башка жайларда да болуусу мүмкүн), кээде ошол фондо «селфи» менен коштолуп (бул атайын да жасалуусу мүмкүн), вандализм актыларын жасалуусу түрүндө ишке ашып, жаштардын чөйрөсүндө өзүн көрсөтүү же өзүн жарнамалоо максатында аткарылып, вандализм актына мүнөздүүлүгүн көрсөтөт.

Жашы жетелектин антисоциалдык аракеттери, эреже катары, төмөнкү факторлордун таасири менен аткарылгандыгын белгилеп кетүү зарыл: биринчи кезекте – сырткы социалдык чөйрө (өзгөчө микрочөйрө), түрдүү «жашоодогу ийгиликсиздиктерге» индивидуалдык жооп катары шарттаган жаш баланын инсандыгынын индивидуалдык өзгөчөлүктөрү. Ошону менен бирге, ар бир инсан индивидуалдуулукка жана кайталангыстыкка ээ. Анын индивидуалдуулугу коомдо өзүнүн жолу менен куралып, адамдын, үй бүлөнүн, конкреттүү окуу же өндүрүш коллективинин, досторунун тобунун жана тааныштарынын айланасындагы түздөн түз чөйрөсүнүн, бул чөйрөдө басымдуулук кылган байланыштардын жана мамилелерди мүнөзүнүн таасири астында өнүгөт, анткени «индивиддин өнүгүүсү анын түз же кыйыр мамиледе болгон башка индивиддердин өнүгүүсү менен шартталган» [103, 440б.].

Инсандын ичиндеге конфликттердин чечүү жолун жана топтогу белгилүү социалдык статуска жетүүнүн ыкмасын издөөнүн кесепети болгон негативдик факторлордун комплекси жаша жетелектин түзүлүү процессинде десцоиалдаштыруучу таасирге ээ жана конкреттүү жашоодогу учур менен айкалышып, андагы кылмыштык аракеттерди детерминациялоосу мүмкүн.

Жаштар арасында мындай аракеттердин мотивациялык негиздери өтө чоң спектрдеги түрдүүлүккө ээ жана интенсивдүүлүктүн жана

системалуулуктун түрдүү даражасы менен айырмаланып, девианттык, анын ичинде вандалдык, аракеттердин формасында болуусу мүмкүн. Жаш баланын вандализм актылары өзүн, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн, тобундагы ордун жана социалдык байланыш системасынын ага болгон мамилесин үйрөнүүгө багытталган суроолор менен детерминациялануусу мүмкүн болгондугу белгиленет. Вандалдык мүнөздөгү аракеттер алардын жасалуусунун түшүнгөн шарттарында жүрүм турумдун стратегиясынын формасына айланып, жаш баланын аны курчаган дүйнө менен өз ара аракеттешүүнүн жалпы моделине камтылат.

Өспүрүмдүн вандалдык бузуулар менен өткөн аракеттери жана жүрүм туруму өзүнүн багытталган өнүгүүсүнө ээ болгондугун жана жалгыз бой же топ менен жасалгандыгына байланыштуу бөлүнүүсүн белгилеп кетүү зарыл. Жашоо көрсөткөндөй, жаштар арасындагы укук бузуулар көп учурда топтук болуп эсептелет, бирок ага карабастан алардын арасында жалгыз жасагандардын бар болгондугун эске алуу зарыл, анткени алар өзүнүн бузуучу энергиясын аларды курчаган объектилерге жана предметтерга таратып, жеке мүнөздөгү себептерге байланыштуу өз алдынча аракеттерди жасашат.

Ошондой эле жашы жетелектин инсандыгын жагымсыз курулуусуна алардын жашоо жайы боюнча жеке убактысынын канааттандырарлык эмес уюшулуусу таасирин тийгизет. Жашы жетелек кылмышкерлердин жеке убактысынын колдонуусунун анализи алардын жашоо образынын деформациялануусунун себептерин объективдик (материалдык базанын алсыздыгы, жеке убактынысын уюштурууну билбестиги, уюмдардын итеринде координациянын жоктугу) жана субъективдик (антикоомдук элементтердин таасири астында деформациялануу, кандайдыр бир ишмердүүлүккө жашы жетелектер укук бузуучулардын кызыгуусунун жоктугу, кызыкчылыктардын өтө жөнөкөйлүгү жана чачырагандыгы, эрктүүлүк сыпаттарынын алсыздыгы, ишмердүүлүктүн позитивдик

түрлөрүн үйрөнүүгө кыйынчылыктардын туудурулуусу) топторго бөлүнүүсүн көрсөттү[104, 123б.].

Жеке убактысын ийгиликтүү колдонуу үчүн жашаган жайы боюнча жакшы ушулган иш чоң мааниге ээ. Анткени дал ушул жеке убакыттын учурунда оюн аянтчаларынын, клубдардын, оюн үчүн материалдардын жана башка шарттардын жок болгон учурунда өзгөчө жеңил түрдө кылмыштуу жолго түшөт[105, 53б.].

Укукка каршы аракеттердин изделүүсүнө кымбат баалуу жеке убактысын өткөрүүгө буюмдар, кызыкчылыктар өзгөчө түрткүнү жаратат. Ошого байланыштуу, өзүнө өзү калтырылган жашы жетелектер бош убактысын белгилүү бөлүгү антикоомдук багыттагы инсандарды камтыган формалдык эмес топторунда убактысын өткөрүшөт. Пайда болгон вакуумду антимаданият, баарын уруксаттын жана моралдык эркиндиктин психологиясы, жаштык субмаданият ээлеп, жаш балдардын инсандыгынын социалдашуусунун альтернативдик формасы болуп, өздөрүнүн жеке мүнөзү боюнча формалдык топтордо бул керектөөчүн канааттандыра албагандыгынын кесепети болуп саналат[106, 88б.].

Коомдун өнүгүүсүнүн бүгүнкү этабында массалык маалымат каражаттары маалымат алмашууда, дүйнөнүн түрдүү региондор арасында байланыш түзүүдө, өсүп келе жаткан муунга билимдерди жана тажрыйбаларды берүүдө, аларга жогорку адептүүлүк жана моралдык нормаларды үйрөтүүдө күндөн күнгө өсүп келе жаткан чоң ролду ойноп келет.

Байланыштын электрондук каражаттары, интернет тармагынын мааниси өзгөчө өсүп келе жатат. Бирок түрдүү суроолор боюнча каалаган маалыматын алууга болгон мүмкүнчүлүктүн жеңилдиги, биздин оюбуз боюнча, аз эмес коптуулукту өзүнө жашырып турат. Массалык маалымат каражаттары, өзгөчө электрондук түрү, асоциалдык жашоону, анын ичинде өсүп келе жаткан муунга, пропагандалоо үчүн экстремисттик жана

кылмыштык топтор менен колдонулуп келүүчүнүн коркунучтары өсүп келет (анын реалдуулугун практика тастыктап келет).

Биздин көз карашыбыз боюнча, Кыргызстандагы бүгүнкү масаалык маалымат каражаттары, коммуникация каражаттары, түрдүү басылмалар заманбап маданияттын керектүү бөлүгү болуп туруп, ошол эле убакытта негативдик тенденцияларга, анын ичинде өзгөчө жашы жетелектердин арасында, түрткү жаратып келгендиги өтө курч маселелердин бири болуп саналат. Зомбулук культун, инвдидуалдуулукту, баңгиликти, порнографияны, атрибутикана жана мистиканы, контрмаданияттын башка көрүнүштөрүн жана процесстерин пропагандалаган маалыматтардын жаш муундарга болгон таасиринин өсүүсү өзгөчө көңүлдү талап кылат.

Кээ бир китеп басылмаларында жардыруу жабдыктарын, ок атуу куралдарын жасоонун ыкмалары сүрөттөлүп, кантип туура жана натыйжалуу жардырууну уюштуруу, имараттарды же курулуштарды бузуунун кандай жолдору эффективдүү болгондугун айтып, ал эми булар жаштардын асоциалдык энергиясын вандализм актыларына багыттайт.

Бүгүнкү күндүн социалдык көрүнүшүн жана ошондой эле вандализм актыларынын бирин кандайдыр бир объектилерди бузууга максатталган гаджеттер үчүн иштелип чыккан мини-оюндар (жөнөкөй соккуларды үйрөтүүдөн, татаал инженердик объектинин эң натыйжалуу жардыруусу үчүн динамиттин жайын ийгиликтүү коюга чейин) түзүп, туура эмес жүрүм турумдун өнүгүүсүнө негиз түзүп, адептүүлүктүн чектеринин жок болгондугуна жана бузууга көнүүнүн өнүгүүсүнө байланыштуу вандалдык аракеттерди жасоого даярдыкты пайда кылат.

Жаштардын формалдуу эмес бирикмелеринин социалдык протестинин агрессивдик багытын изилдеп, вандализмдин көрүнүштөрүнүн себептери катары жаш балдар арасына бүгүнкү күндө мамлекет тарабынан толук эмес түрдө көңүл бөлүнүп келгендиги түшүндүрүлөт. Анын кесепетинен орун алган субмаданият туура эмес аракеттердин түрдүү негативдүү көрүнүштөрүнө, анын ичинде

алкогольдун жана баңги заттарынын, аларды алууга оңой мүмкүнчүлүккө байланыштуу, колдонуу формасында, өтүүсү баарыбызга белгилүү.

Жашы жетелектердин дүйнөгө болгон курулбаган көз карашы, жашоо тажрыйбасынын жоктугу жана ошондой эле чоңдордун көзөмөлүнүн жоктугу (үй бүлө мүчөлөрү, педагогикалык коллектив жана башкалар) психологиялык тууроо жана топтогу жуктуруу механизми менен пайда болгон асоциалдык энтузиазмга берилүүсүнө шарт түзүп, вандализмге жакын болуусуна түрткү жаратып, инсандын деградация процессин тездеткен факторлордун (үй бүлөдөгү, теңдештери менен мамилелердеги ийгиликсиздик жагымсыздык, жашоо шарттарынын жетишсиздиги) аз эмес ролу белгиленет.

Көп учурда экстремисттик маңыздагы топторго биригишип, түрдүү ыкма менен өздөрүн көрсөтүшүп, жеке символикасын, адепсиз мүнөздөгү жазылмаларды, кемсинткен лозунгдарды, сүрөттөрдү калктын массалык орун алган жайларында ишке ашырышып, шаардык, муниципалдык же жеке менчик эч бир себептерсиз бузулат. Мындай асоциалдык топторго жекелик сезими  өтө курч өнүккөн жаштар өзгөчө көп тартылып, өзүн бардыгынын жана досторунун арасында көрсөтүү, теңдештер арасында өзүнүн статусун көтөрүү, күчүн, шамдагайлыгын, баатырдыгын, коомдон көз карандылыгын, анын нормаларын жана эрежелерин сыйлабастыгын, жашы жетелектер тарабынан чоңдугун жана эрдигин көрсөтүү мотивдери көздөлөт.

Бул жерде милдеттүү түрдө байкоосун, жооп берүүсүн ишке ашырууга аракете каларып, ага өзүнүн алдында, айланасынын алдын абалын көтөрүүгө мүмкүнчүлүк берип, бул жашы жетелектин базалык керектөөсүн бузгандыгы үчүн чондордон өч алууда аткарылууда. Бул себептерге ошондой эле үй бүлө ичинде «адилетсиз» конфликттик мамилелерден өч алуу, ата энелердин сезимдерин басымдык жасап, өзүнүн максатына жетүү да кирет. Кээде мындай көрүнүштөр үйдөн кетүүгө, селсаяктыкка, мектепте сабактардан качууга же билим алуудан баш

тартууга, алдоогон, субмаданияттык девиацияга (сленг сөздөрүн колдонууга, тыртыктарды жана татуировкаларды жасоого) жана граффити менен алектенүүгө алып келет. Бул учурда жашы жетелектин жалгыздыгы аны менен сүйлөшүүнүн туура эмес ушулгандыгынын жыйынтыгы болуп эсептелип, анын кесепетинен жашы жетелек өзүнүн реалдуу фищикалык, психологиялык, моралдык жана ошондой эле материалдык колдоосуна ээ болгон баарлашуунун дефицитин компенсациялайт[107, 39б.].

Баарыбызга белгилүү болгондой, кылмыштардын коомдук кооптуулугу маанилүү даражада аракеттердин жалгыз өзү же топто жасалгандыгынан көз каранды. Жашы жетелектердин кылмыштуулугунун өзгөчөлүгү анын топту мүнөзүндө. Жашынын, психологиялык же жеке өзгөчөлүктөрүнө карап, негативдик мүнөздөгү топтук жүрүм турум – бул жашы жетелектер үчүн норма жана эрежеге каршы келбейт.

Ошону менен жашы жетелектердин кылмыштуулугунун арасында топтук кылмыштардын көрсөткүчү (кылмыштардын түрүнө, жаш категорияларына жана территориалдык бөлүнүүсүнө жараша) бир нече жолу чоңдор арасындагы кылмыштуулуктун ичинде ушундай көрсөткүчтөн ашкандыгы түшүндүрүлөт.

Жашы жетелектердин тобу менен жасалган укукка каршы аракеттеринин натыйжасында коом дуушар болгон социалдык кесепеттер жалгыз кылмышкерден тийген зыяндан көбүрөөк болгондугу шексиз. Жаш балдардын топтук кылмыштарынын жогорку импульсивдүүлүгү, катаалдыгы, интенсивдүүлүгү жана ситуативдүүлүгү кылмыштардын бардык түрүнүн кесепеттерин оордотот жана чоң жаштагы калктын укукка каршы аракеттердеги байкалган көрүнүштөн да чоң деңгээлге алып келет[108, 105б.].

Бирок, вандализмди жашы жетелектер арасындагы деликвенттүүлүктүн түрү катары кароо туура эмес. Жаштар жүрүм турумдун маданиятына чоңдордон үлгү алуу менен үйрөнүшөт жана белгилүү ички жана сырткы көз карандылыктын жетишкендиктерин,

баалуулуктарын гана үйрөнүү менен чектелбестен, ошондой эле индивидуалдуулуктун баалуулуктарын, тең мүмкүнчүлүктөр коомун, өзгөрүүлөр коомунда жашоого даярдыкты, муундардын чоңоюусун, өз алдынча чоң жашоого кирүүсүн, эмгектин рыногуна чыгуусун жана белгилүү социалдык тажрыйбаны чогултууну колдоо түзгөн негизги маданий жылыштын негизги фактору болгон жүрүм турумдун образынан жаштар көп позитивдүү аракеттерге үйрөнүшөт.

Объективдүү процесстер, коомдун бөлүнүшү жалпысынан кылмыштуулукка дагы, айрыкча вандализмге дагы белгилүү из калтырат. Кылмыштуулук калктын жакырдануусу менен тыгыз байланышта, анткени жарандардын аз камсыз болгон жана аз камсыз болгон категориясындагы жарандардын бай адамдарга карата ачуусу жана агрессиясы күчөөдө.

Бул айрыкча жашы жете элек вандалдарга мүнөздүү, алар мүлккө зыян келтирүү жолу менен (соода дүкөндөрүндөгү, кафелердеги терезелерди талкалап ж.б.) муктаждыктарды канааттандыруу мүмкүнчүлүгүндөгү теңсиздикке наразычылыгын билдиришет. Улам-улам вандализмге саясий окуялар, мисалы, массалык жүрүштөр түрткү болот; демонстрациялар жана толкундануулар. Улуттар аралык кастыкты жана жек көрүүчүлүктү козутуу бузукулук аракеттерди жасоодо көбүрөөк байкалууда.

Өлкөдөгү саясий кырдаалдын өзгөрүшү үйлөрдүн жана тосмолордун дубалдарындагы жазуулардын жана чиймелердин санына жана мазмунуна олуттуу таасирин тийгизди. Жарандардын ылайыктуу категориясына карата коомдук көрө албастык сезиминин жайылышы, башка улуттун өкүлдөрүнө карата кайдыгерликти, моюнга алууну үгүттөө, жалпы жана укуктук маданияты төмөн саясий кырдаалга наразы болуу, бул түздөн-түз бузуучу кылмыштар үчүн түрткү болуп калат.

Акылы, ою менен өзүнө дүйнөсүн элестетүү менен өспүрүмдөр чоңдордцн жүрүм турумунан үлгү алып, белгилүү өлчөмдө алардын

манерасын кайталап, жашоо образын кабыл алат, ошого байланыштуу алардын социалдык жаштык жетишилбегендигине байланыштуу курчаган чөйрөнүн таануу боюнча билими калыптанат. Аларга таандык болгон мүнөздө алар кабыл алынган жашоонун уюшулуусун, көз карандысыздыгын, ойлонулган активдүүлүгүн, жана ошондой эле өзүнүн кабыл алынуусун жана сыртта болгон өзгөрүүлөрдү билдирет.

Өлкөнүн өнүгүүсүндөгү өзгөрүүлөр, коомдун жаңы абалын киргизүү же анын иштеп жаткан абалын өзгөртүү жаштардын активдүүлүгүнөн, алардын баалуулук кызыкчылыктарынан жана аракеттеринин багытталгандыгынан көз каранды болуусу мүмкүн. Буюмдардын аныкталган тартиби, түзүлүштүн эрежелери жана жүрүм турум образдары, коомдогу жыйынтыктарга аз чыгым менен жагымдуу жетүү, алар кабыл алган түшүнүктөр өлкөнүн келечегин алдын ала аныктайт, ошол себептен жаңы талаптарга ылайык өзгөрүүлөрдүн ишке ашырылуусунун сапаты жана анын тездиги аныкталат.

Билимдин коммерциализациялашуусуна байланыштуу аны алууга, жумуш ордунун жок болгондугуна байланыштуу жумушка орношууга мүмкүнчүлүктүн жок болуусу теңсиздик, толук түрдөгү нормалдуу жашоо үчүн перспективанын жоктугунун сезимдеринин пайда болуусуна алып келип, адилетсиздик курчталган сезимдерин чакырып, руханийликтин жоктугуна, адептүүлүктүн ориентирлеринин төмөндөөмүнө, жаш балдардын дүйнөгө болгон көз караштарынын бузулуусуна, моралдык нормалардын криминалдык баалуулуктар жана принциптер менен орун алмашуусуна, агрессияга алып клеип, анын жыйынтыгында вандализмдин детерминанттары толук комплексте ишке ашып, коомдук менчиктин объектилерине маанилүү зыян тийгизилет, башкача айтканда алар бузулууга учурайт же алардын баштапкы абалына келүүсү мүмкүн болбогондой деңгээлде өзгөртүлүүгө дуушар болот [109, 57б.].

Ошентип, мамлекеттин ишмердүүлүгүнүн буга чейинки мезгилдерине караганда жашы жетелектердин кылмыштуулугу бүгүнкү

күндө коомго кооптуу мүнөздү тийгизип келет. Социалдык деформациянын көрүнүштөрү коомдук жашоонун бардык чөйрөлөрүнө кирип, коомдук чөйрөгө көнүүгө даяр эмес адамдарга тарбиялык таасирдөөнүн жетишсиз түрдөгү эффективдүү системасын менен шартталган татаалдыктарды жаратууда.

Калктын маанилүү бөлүгүнүн жашоо деңгээлинин төмөндөөсүнө, жашоонун көнүмүнүн жана адептик-баалуулук ориентациянын өзгөрүүсүнө, үй бүлөдөгү психологиялык климаттын начарлоосуна жана анын тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүнүн алсыздануусуна, балдарга болгон агрессиянын күчөөсүнө алып келип, балдардын социалдык жетимдигинин жана көзөмөлсүздүгүнүн, маргиналдык жаштардын чөйрөсүнүн кеңейүүсүнүн жана жашы жетелектердин кылмыштуулугунун өсүүсүн шарттаган себептерге кирет[108, 92б.].

Ошентип, жаштар тарабынан жасалган топтук кылмыштардын жогорулатылган импульсивдүүлүгүн, катаалдыгы, интенсивдүүлүгү жана ситуативдүүлүгү мындай кылмыштардын кесепеттерин жетиштүү түрдө көп деңгээлде оордотот. Тез арада формалдык эмес биригүүлөрдүн жеңилдиги, топтук баарлашуу адаты, конфликттик учурларга болгон жогорулатылган кызыкчылык, өзүн реалдаштыруу зарылдыгы, оргиналдуулукка жана уникалдуулукка умтулуу, белгилүү өзгөчө критикалык жагдайларда идеялык, адептик жана укуктук баалуулуктардын туруксуздугу убакыттын кыска мөөнөтүнүн ичинде жашы жетелектердин антикоомдук аракеттеринин атайын түрткү менен чакырылган кылмыштарынын кооптуулугун бир нече жолу көбөйтүүгө алып келүүсү мүмкүн. Ушунун баары негативдик кесепеттерди калктын чоң категориясынын укукка каршы аракеттеринин жыйынтыгында пайда болгон зыяндан бир нече жолу жогорку деңгээлге алып келүүсү мүмкүн[110, 472б.].

Чоң жаштагы адамдар тарабынан жасалган вандалдык аракеттер жетиштүү түрдөө кээде орун алган көрүнүш, анткени күнөөлүү адамды эч

бир себепсиз мындай аракеттерге чакыруу өтө көп кыйынчылыктарды жаратат. Айлана чөйрө менен өз ара аракеттешүүнүн мындай стратегиясы көнүмүштүү баалуулуктардын, жашоо образынын массалык протесттерге (коомдук көз караштөы билдирүүнүн ыкмасы катары) алып келген трансформацияланнуусу менен байланышып, маргиналдык же кылмыштык коомчулукта камтылган материалдык чөйрөнүн объектилерин бузуу же ассоциалдык жана антисоциалдык аракеттерди жасоо формасына ээ болуусу мүмкүн. Албетте бул учурда вандализм тууралуу кеп болбойт, анткени чоң адам өзүнүн тандоосун терең ойлонуулардын жыйынтыгында жасайт.

Вандалдык багыттагы коомдук кооптуу аракеттер баалуулук ориентациялардын жана түшүнүктөрдүн өзгөрүүсүнүн жыйынтыгы болуусу мүмкүн, башкача айтканда инсандын ички жүрүм турумунун жөнгө салуусунун, социалдашуу процессинин деформациясы социум үчүн негативдүү болгон адамдардын жүрүм туруму менен ассоциацияланып, инсанды кыйроосуна алып келген, укук бузуучуга жана аны курчагандарга бузуучу мүнөзгө ээ болгон мыйзамда бекитилген нормалардын бузулуусун түшүндүрөт.

Бирөөнүн же коомдун менчигине олуттуу зыян тийгизген адамдардын аракеттери жана жоруктарынын жасалуусунун себептер көп учурда социалдык болуп эсептелип, вандалдардын анча көп эмес пайызы психоневрологиялык же идеологиялык мүнөздөгү терең орун алган жеке себептер бонча айлана чөйрөдөгү объектлерди бузуу, кордоо же булгоо актыларын жасашат. Ошону менен бирге, укук бузуучу аракеттер сырткы жагымдуу шарттарда гана көрсөтүлүү менен токтолбостон, анын чөйрөсүнүн контексти жана социалдык абалдарды кабыл алуунун тажрыйбасынын өзү адамдын жүрүм турумдун деструктивдик моделин үйрөнүүгө жана аны күнүмдүк жашоодо ишке ашырууга түрткү жаратат.

Адамдын ар бир коомдук аракеттери, анын ичинде вандалдык, багытталгандыктан баштапкы көз карандылыкка ээ жана деструктивдик

активдүүлүк учурларында ал тараптан кабыл алынган тажрыйба реалдуу жашоосунда так ошондой кайталанып, вандалдык аракеттерге тыюу салган ички барьерлерди алып таштоо процесси жөнүндө айтууга негиз түзөт. Ошого байланыштуу чоң кишиге вандализм тактикалык каражат катары орун алуусу мүмкүн, эгерде ал буга чейин башка адамдарда девианттык жүрүм турумдун бул түрүнүн кодонуусун байкаган болсо.

Бул жерде девианттык аракеттердин мындай формаларынын жайылгандыгынын жана бекитилгендигинин адамдын аракеттерине болгон социумдун таасирин баса белгилеп, тарбия жана социалдашуу болгон социалдык байланышуунун жана мамилелердин системасына инсанды интеграциялоонун маанилүү багыттарынын конкреттүү коомдун өнүгүүсүнүн тарыхый моментинде орун алгандыгын толук баалабоонун мүмкүн эместиги тастыкталды. Бул багыттардын окшоштугу аныкталган буюмдардын тартиби, жүрүм турумдардын обрузы жана алардын эрежелери жана коомдук түзүлүштөгү биринчи кезектүүлүгү белгилүү убакыт кесиндисин ээлейт, жана туруктуу коомдук байланыштардын бар болуусу талап кылып, бул мамилелердин уюшулуусунун формасынан көз каранды болот.

Ошону менен биргеликте, коомдо зарыл катары кабыл алынган жүрүм турумдардын тарбиялануусу жана кабыл алынуусу жаштардан күтүлүп жаткан аракеттерге ийгиликтүү жетүү үчүн психологиялык багыттын бар болуусун талап кылат. Ошондуктан, инсандын баалуулуктарынын чөйрөсүн түзүү жана өнүктүрүү социалдашуунун жана тарбиялоонун чогуу жыйындысында ишке ашуу шартын талап кылып, алардын биринчиси социалдык адекваттык жашоо ориентирлеринин трансляциясын кабыл кылса, экинчиси – маалымдоодон инсандык мааниге жана аларга мамиле кылууга өтүү үчүн керектүү шарттарды түзөт.

Кабыл алынбаган катары орун алган мамилелерге жана түзүлүшкө туура келбеген аракеттердин жана жүрүм турумдун образын түшүнүү зарыл, анткени алар кабыл алынган өз ара мамилелердин жана адептик

баалуулуктардын түшүнүгү менен туура келбейт. Алар жашоо ишмердүүлүгүнүн чектери, процесстердин, мамилелердин жана инсандын каалоолору менен бири бирине туура келбейт. Мындай кабыл алынбаган жүрүм турумдун аракеттеринин терс белгиси катары анын өзүнүн маңызы боюнча бузуучу, негиздерди бузуучу мүнөзү менен түшүндүрүлөт. Мындай тандоочулук багыт инсандын мүнөзүнүн, билимдүүлүгүнүн деңгээлинин жана аң сезимдүүлүгүнүн мүнөздөмөсүнө жараша инсан үчүн гана эмес (физикалык жана психикалык маалыматтарына ылайык), ошондой эле орун алган кесепеттери боюнча адамдар арасында да кооптуу болуп эсептелет.

Адамдан баалуулуктарды жок кылууга түрткү берүү анын кастык касиетине байланыштуу. Бул бузулган баалуулукту белгилүү маданиятка идентификациялоо, ал кылмышкердин аң-сезиминде андан ары жашоого укугу жок деп көрсөтүлгөн; четке кагылган маданияттын эң маанилүү белгилерине карата деструктивдүү тенденциялар басымдуулук кылган адамдын нааразычылык субмаданиятына таандык болушу; бузуучулардын иш-аракетин алардын аң-сезиминде тартиптин жана адеп-ахлактын душман түрлөрүн мүнөздөгөн нерселердин бардыгына багыттоо менен көрсөтүлөт. Алар жек көрүндү маданиятты кандайдыр бир жол менен эске салган жана, балким, биринчиден, анын жаратуучулары болгон адамдарды желмогуз катары көрсөткөн нерселердин бардыгын жок кылууга же каралоого даяр; бузуучулардын зыяндуу жүрүм-туруму негизинен кыйыр мүнөздү ташыйт. Ал тарабынан жок кылынган мүлктүн чыныгы маданий баалуулугу бузуку үчүн эч кандай мааниге ээ эмес, анын акылында орун жок экендигин баса белгилөө керек.

Өспүрүмдөр орун алган чөйрө дагы тарбиялык мүнөзгө ээ болгондугун белгилеп кетүү зарыл, анткени алар өз ара баарлашып аракеттерге, жүрүм турумга, ойлонууга, бири биринин жашоо образына таасирин тийгизет. Ошол себептен алар баары сактоого милдеттүү болгон өздөрүнүн эрежелерин иштеп чыгышат, антпесе, мындай эрежелерди

сактабагандар бул коомчулуктан куулуп кетүүсү мүмкүн.

Ошону менен бирге бул процесстин (башка адамдар менен идентификацияלануу-интеграциялануу жана башкалар менен өзүнүн жеке уникалдуулугун-дифференциациялануусун издөө) маанилүү түзүмүн ачык байкалган эмоционалдык боектордун базасында психологиялык, мультивариантттык классификация менен алмашкан дифференциациясынын система түзөт.

Оң көз караштагы баарлашуу тобун кеңейтүү жана коомдогу болуп жаткан мамилелер менен жакын болуу индивиддердин кызыкчылыктарын, алардын айланасындагы адамдар менен болгон мамилесин изилдөө жана салыштыруу жолу менен чыгарылган жашоодогу максаттардын баалуулугун жана аларды аныктап билүү көз карашы менен тажрыйбага ээ болуу көз карашы менен жаш адам үчүн пайдалуу болуп эсептелет. Инсан орун алган чөйрө анын өзгөчөлүктөрүн белгилейт, анын айырмалоочу белглерин жана өз алдынчалыгын көрүүгө мүмкүнчүлүк түзүп, коомдогу мамилелердин таасири менен көрсөтүлөт.

Мындай өз ара аракеттешүүлөр инсанды процесстердин жана көрүнүштөрдүн ирээттүлүгүнүн тажрыйбасынын көз карашы боюнча, анын ичинде уюштуруучулук моменттер боюнча, өзгөртөт жана байытат. Ушунун баары вандалдык инсанды баалоодо, анын алсыздыгынын даражасын жана бузуучулук аракеттерге жакын болуусунун өнүгүүсүнүн себеби катары терс аракеттерди кабыл алууну аныктоодо маанилүү болуп эсептелет.

Бул терс социалдык көрүнүшкө каршы туруу үчүн төмөнкүдөй стратегиялар белгиленет: мүмкүнчүлүктөрдү жок кылуу деструктивдүү иш-аракеттерге тоскоолдуктарды жаратуудан жана мотивдерге жана максаттарга таасир этүүдөн турат. Биринчи стратегияны колдонууда, анын жеке сапаттарын өзгөртүү менен мүлктү жок кылуу мүмкүнчүлүгү жок кылынат, ал эми экинчи стратегия коомдогу ченемдерди түшүндүрүп, адамдын аң-сезимине таасир этүүгө мүмкүндүк берет.

Орун алган абалдан тез чыгууга бирөөнүн мүлкүнө этияттык менен болгон мамиле кылууну билбеген жаштар муктаж, анткени алар маданий тарыхый курулуштарган болгон бекитилген мамилелерди четке кагат, жалпыга колдонуу жайларындагы объектилерди бузууга багытталган өзүнүн бузуучулук агрессивдик аракеттерин белгилейт.

Жасалган вандализм актыларынын кылмыштык латенттүүлүгүнө түрткү түзгөн маанилүү криминогендик фактор укук коргоо органдарында айтылбайт же белгисиз бойдон калуусу же ички иштер органдары тарабынан тийиштүү жооп болбогондугунун айынан тийиштүү укуктук баага ээ болбогондугу эч бир шексиз түрдө калгандыгы белгиленет. Ошону менен укук коргоо ишмердүүлүгүндөгү жетишсиздиктер байкалып, вандалдык кылмыштуулуктун башкы детерминанттары катары кабыл алынып келет.

Бул чөйрөдөгү көйгөйлөргө коомдук тартип чөйрөсүндөгү кылмыштуулукту, анын ичинде вандализм актыларынын жасалуусун, алдын алуу боюнча кабыл алынган программалардын тийиштүү каржылануусунун жоктугу кирет. Мындан сырткары кабыл алынган мыйзамдардын жана башка нормативдик актылардын ишк ашыруу механизмдери жетишсиз жөнгө салынган жана алсыз түрдө иштеп келет.

Коомдук кооптуу аракеттер, бузуу жана зыян тийгизүү багытында айырмачылык белгилерге ээ болгон вандалдык аракеттер менен байланышкан аракеттерди аныктоодогу кыйынчылыктардын бар болуусуна көрсөтүү зарыл. Вандализм менен боюнча иштердин өндүрүшү менен иш жүргүзгөн кызматкерлердин вандализмди ачктоого болгон каалоосунун жана кызыкчылыгынын жоктугу бул аракеттерге катышкан адамдардын аныкталуусундагы татаалдыктарды жаратат. Ачыктоодогу мындай каалоонун жоктугу кылмыштык аракетердин башка түрлөрүнө таандык эмес болгондугу кызыктуу.

Бул кылмыштын түрү көп учурда күбөлөрдүн жок учурунда жасалат, ал эми андайлар бар болсо, алар вандализм акты тууралуу

тийиштүү органдарга вандализм фактысы боюнча укуктук тартип органдарына кайрылууга кызыктар болбогондугуна, аны жасаган адамдар тарабынан өч алуусунан корккондугуна жана ошондой эле укуктук тартип органдарынын бул кылмышты ачыктоосун болгон ишеничтин жоктугуна маалыматтарды бербейт. Айтылгандын уландысына тиешелүү укуктук тартип органдарынын кызматкерлеринин кылмыш иштерин козгоодон баш тартуу, ойлоп тапкан себептер менен кылмыштын составынын жок болгондугуна байланыштуу кылмыш иштерин токтотуу боюнча аракеттери вандалдык аракеттердин латенттүүлүгүнө алып келет.

Вандализм менен күрөшүүдө болгон кызыкчылыгынын жоктугу, коомдук коопту аракеттердин бул түрүнүн үстүнөн көзөмөлдүн, вандализм актыларын ачыктоо боюнча профессионалдык иштин жана ошондой эле белгилүү территорияда бекитилген ички иштер органдарынын кызматкерлеринин алдын алуучулук иш чараларынын жок болгондугу, коомчулук менен байланыштын үзүлгөндүгү вандалдык аракеттердин жайылуусуна адекваттык түрдө чагылдырылып, күнөөлүү адамдарды жазаланбай калгандыгы менен стимулдап, келечекте ушундай жол менен калктын көзүндө мамлекеттин авторитетинин сынгандыгына түрткү жаратып жүрүүгө шарттарды түзүп берет.

## 2.3. Вандализмдин өзгөчөлүктөрү жана анын башка чектеш коомдук кооптуу кылмыштардан чектөө

Түрдүү формадагы менчикке таандык болгон объектилерге вандалдык кол салуу үчүн жоопкерчиликтин мурунку мыйзамчыгаруучулукта жок болгондугуна байланыштуу ага окшош болгон башка аракеттердин айырмалоочу өзгөчөлүктөрдү так аныктоо тууралуу суроолор түрдүү болуусу мүмкүн.

Өлкөдөгү орун алган негативдүү социалдык-экономикалык, саясий жана идеологиялык процесстер коомдук коопсуздукка жана коомдук тартипке каршы кылмыштардын, анын ичинде вандализмдин, санынын өсүүсүн чакырган салттуу эмес детерминанттардын пайда болуусуна түрткү жаратып, социалдык көрүнүш катары коомдогу өзгөрүүлөргө жооп берип, коомдун тынчтыгынын жана укуктук тартибинин түрдүү бузулуу формасында протест белгисине ээ.

Коомдук тартипти камсыздоо көйгөйлөрү коомдук мамилелердин стабилдүүлүк абалы, инсандын социалдык-укуктк коргонуусу, мыйзамдуулук менен тыгыз байланышта. Коомдук мамилелер чөйрөсүндө жасалган вандалдык аракеттер кылмыштык жүрүм турумдун актылары катары жалпы эрежелерден сырткары болот, анткени мыйзам менен каралган нормаларды бузат. Ошол эле убакта социалдык, социалдык-психологиялык жана башка психикалык көз караштар менен каралган күнөөлүү аракеттер жалгыз гана мыйзамчыгаруучулуктун нормалары менен гана сиңирилип калбайт. Ошого байланыштуу вандализмдин изилденүүсүнүн жана ошондой эле бул социалдык феномендин коомдук байланыштырынын тийиштүү социалдык көйгөйлөрүнүн изилденүүсүнүн маанилүүлүгү аныкталат.

Мындан сырткары коомдук мамилелердин кылмыш-жаза-укуктук

жана социалдык коргоонун объектиси катары баалуулук мүнөздөрүн талдоо талап кылынат. Ошону менен бирге, вандализмге таасирин тийгизген негативдик социалдык көрүнүштөр комплексинде каралуусу милдеттүү. Бул жерде анын социалдык шарттары жана социалдык кесепеттерине өзгөчө көңүлгө татыйт. Вандализм жасаган адамдар дайыма коомдон көз каранды жана ага жана башка адамдарга өзүнүн таасирин тийгизет.

Экономикалык мамилелер, жашоонун материалдык шарттары коомдук жашоонун базиси катары алдыңкы орунду ээлейт, анткени жаңы рыноктук мамилелер өлкөдө болгон экономикалык реформалар менен тыгыз байланышта. Адамдардын жашоосунун бул фактор менен тыгыз байланышта болгондугуна карабастан, кылмыштардын коомдун экономикалык базисинен түздөн түз чыгарылуусу жеңилдетүү катары кабыл алынуусу керек.

Бир жактан кылмыштар менен, экинчи жагынан материалдык жашоонун, адамдардын ишмердүүлүгүнүн шарттарынын ортосунда инсандар арасындагы мамилелерди өткөөл болгон маанилүү чөйрөсү орун алып, алардын эске алынуусусуз мыйзамченемдүү аракеттердин, анын ичинде кылмыштуу иштердин, негиздүүлүгүн аныктоо кыйынчылыктарды жаратат. Дал ушул өзгөртүлгөн мамилелердин тамырында инсанга каршы кылмыштардын көпчүлүк бөлүгү аткарылат.

Мындай кылмыштар социалдык өз ара байланыштардын системасында каралганда бул шарттын жок болгон учурунда кылмыштын жок болуусу аныкталган жана бардык кылмыштарга алардын жасалуусунун мотивдерине жана ыкмаларына карабастан жайылган кылмыш-жазалуу аракеттердин коомдук мамилесинин изилденүү талабы маңыздуу жана милдеттүү шартты түзөт.

Коомдун кылмыштуулукка каршылык көрсөтүүсү экономикадагы криминалдык көрүнүштөрдүн социалдык кемчиликтерди жараткан учурунда өзгөчө байкалат. Кылмыштуулуктун социалдык-экономикалык

тамырлары, анын коомдук булактары дал ушул жерде жайгашкан. Ошону менен бирге кылмыштуулуктун негизги таянычы – экономикадагы криминалдык көрүнүштөр менен жана активдүү өнүгүп келе жаткан маргиналдашуу процесстери менен шартталган социалдык деформация. Мындай деформация коомдун өнүгүүсүндө негативдик мамилелер, анын ичинде криминалдык белгилер, ашып кеткенде пайда болот.

Вандалдык аракеттердин коомдун жашоосундагы көрүнүш катары ордун аныктоо менен алардын коомдук көйгөй катары кызмат кылгандыгын белгилеп кетүү зарыл. Вандализмди изилдөөнүн ыкмасы анын өнүгүү, өзгөрүү процесстерин коомдук мамилелердин жана тийиштүү карама каршылыктардын контекстинде орун алган социалдык өзгөрүүлөргө болгон анын жообу катары формаларын үйрөнүүнү түшүндүрөт.

Социалдык шарттар өзгөрүлгөндө, вандализм актылары да өзгөрүп, коомдун өнүгүүсүнүн тийиштүү шарттарына ылайыктуу анын сапаттуу жана башка көрсөткүчтөрү да өзгөрүүгө дуушар болгондугун белгилеп кетүү зарыл. Ошону менен бирге ар бир кылмыш вандализм сыяктуу өзүнүн өнүгүүсүнүн логикасына ээ.

Вандализм криминологияда укуктук тартиптин чөйрөсүндө коомдук мамилелерге маанилүү коркунучтардын бири катары каралат. Дал ушул менен вандализмди алдын алуу концепциясы тыгыз байланышта болуп, өзүнүн тийиштүү өнүгүүсүнө ээ болуусу абзел, анткени имараттарды, курулуштарды жана жалпысынан коомдук тартипке бузуу аракеттерин жасоонун коркунучунун контекстинде интерпретацияланат. Анын өнүгүүсү тийиштүү теоретикалык иштелмелердин зарылдыгы, күнүгө өсүүчү практиканын керектөөсү менен тыгыз байланышта.

Вандализмди алдын алуунун натыйжалуулугун көтөрүү коомдук тартиптин күчтүү корголуусу жана кылмыштык кол салуунун бул түрүнөн коомдук жайларда мүлктүн корголуусу менен байланышта болгондугу бүгүн бизге айкын көрүнүп турат.

Биз жасаган изилдөө вандализмдин белгилери чектеш кылмыштык аракеттердин белгилери менен болгон окшоштуктары анын квалификациялануусунда белгилүү кыйынчылыктарды жана баш аламандыктарды чакырып, мүмкүн болгон катачылыктарды жок кылуу максатында вандалдык аракеттерди башкаларынан чектөөнү жүргүзүү үчүн бул белгилерди аныктап, аларды көрсөтүүнүн зарылдыгы пайда болду. Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин сурамжылануусу вандализмдин башка кылмыштардан бөлүүчү критерийлерин түшүнүүдөгү так критерийлердин жетишсиздигине байланыштуу вандализм менен байланышкан аракеттерди квалификациялоодо белгилүү кыйынчылыктарга кездешкендигин көрсөтүп, респонденттердин суралгандыгынын жыйынтыктары тастыктап, ага ылайык суралгандардын отуз пайызына жакыны вандалдык аракеттердин башка чектеш коомдук кооптуу аракеттерден бөлүүдөгү кыйынчылыктарды белгилеген.

Укук колдонуучунун алдында пайда болгон биринчи суроону күнөөлүү адамдын аракеттерин квалификациялоого мыйзамдын туура тандалган нормасынын аныкталуу, башкача айтканда туура квалификациялоо суроосу түзгөндүгүн көрсөтүү керек. Ал эми анын кесепетинен мыйзам менен каралган жазаны туура аныктоого шарт түзөт. Бул учурда коомдук кооптуу аракетти жетиштүү түрдө так квалификациялоо адилеттүү жазанын гаранты катары кызмат кылат. Ошондуктан, кылмыштуу аракеттерди туура квалификациялоо максатында окшош белгилерге ээ болгон кылмыштардын ортосундагы чектердин аткарылуусу негизги маселени түзгөн окшош жана чектеш кылмыштардын составдарынын чектөө зарылдыгын ишке ашыруу керек.

2019-жылдын январь айынан тартып Жоруктар жөнүндө жаңы кодекс[53] күчүнө киргендигин эске алуу менен кылмыш-жаза кодексинен вандализм составы жоруктар мыйзамына которулган, ошондуктан салыштырууда 1997-жылдагы КЖКнын анализденип жаткан составына [79] жана параллелдүү түрдө 2017-жылдагы жаңы КЖКга [54]

кайрылабыз. Салыштыруунун алдынан вандализм үчүн жоопкерчилик Жоруктар тууралуу кодексте 120-беренеде жөнгө салынып, ага ылайык мамлекет тарабынан корголуучу тарыхый, маданий эстеликти же болбосо табигый объектти коомдук адеп-ахлакка доо кетирген жазуулар, сүрөттөр же башка ыкма менен булгоо, буга тете эле транспортто же башка коомдук жерлерде мүлктү бузуу үчүн жоопкерчилик ишке ашуусун эске салуу зарыл [53].

КЖКнын (1997-жылдагы) 235-беренеси имараттарга же башка курулуш жайларга коомдук адеп-ахлакка одоно шек келтирген уят сөздөрдү жазуу, коомдук транспорттогу же башка коомдук жайлардагы мүлктү бүлүндүрүү үчүн жоопкерчиликти камтып кеткен.

Ошентип Жорук жөнүндө кодекстин 120-беренеси менен каралган вандализмдин предмет 1997-жылдагы кылмыш-жаза кодексинин тийиштүү предметине караганда маңыздуу жана имараттарды же башка курулуш жайларды, коомдук транспортту же башка коомдук жайларды камтыйт.

Биздин көз карашыбыз боюнча кылмыштардын составынын конструкциясы боюнча коомдук транспортто жана башка коомдук жайларда мүлктү бузуу түрүнө вандализмге жакын болгон составды бирөөнүн мүлкүн бузуу менен коштолгон бейбаштык түздү. Өздөрүнүн белгилери боюнча бул кылмыштын түрлөрү негизги түздөн түз объектиси боюнча бири бирине туура келип, алардын кылмыштык аракеттери күнөөнүн тикелей ниетинин формасы, вандализмдин жана бейбаштыктын мотивдерин бейбаштык себептер жана ошондой эле адамдардын белгилүү социалдык топторуна болгон жек көрүүчүлүгү же душмандыгы эсептелет.

Коомго сыйлабоо бейбаштын аракеттеринде учурга дуушар болгон күнөөлүү адамдын бейбаштык көрүнүштөрүнөн жабыркагандардын, башкача айтканда башка адамдардын укуктарына жана эркиндигине кол салган коомдук кооптуу аракеттери менен түшүндүрүлөт. Ошону менен бирге бейбаштык аракеттер коомдук мүнөзгө ээ болуп, коомдук тартиптик

коргоо чөйрөсүндөгү мамилелерге каршы багытталуусу абзел. Бул бейбаштыктын милдеттүү түрдө коомдук жайларда, көп адамдардын чогулган орундарда жасалуусун түшүндүрбөйт. Ал бир адамга каршы болуусу жана күбөлөрдүн болбоосу да мүмкүн.

Күнөөлүү адамдын кылмыштын аткарылуу жагдайларына, коомдук тартиптин бузуу механизминде анын ордун аныктоодогу мамилеси маанилүү.  Буга чейин айтылгандай бейбаштыктын объективдүү жагы зомбулукту колдонуу же аны колдонуу коркунучу же бирөөнүн мүлкүн бузуу менен коштолгон коомдук ченемдерди орой бузууну камтыйт.

Вандализмди жасоодо эреже катары элге жалпылык абалы жок, же күнөөнүн ниетин камтыбайт. Изилденип жаткан составдын объектилик жагынын белгисин кароодо, биз вандализмдин кор кылуу, бузуу формаларынын көп бөлүгү башка адамдар жок болгон учурларда кечки же түнкү сааттарда (89% жакын учурларда) жасаганын белгиледик.

Кордоого тарыхтын, маданияттын же жаратылыш объектилеринин эстеликтери, ал эми бузууга болсо коомдук транспорттор же башка коомдук жерлердеги мүлктөр дуушар болушат. Ошондуктан вандализмдеги кол салуулар өзгөчө механизмдеги жасалган деп мындай мүнөздөлөт: жыйынтыгында мүлктөргө болгон таасири пайда алып келүүчү сатып алуучулардын коэффициентинин түшүп кетүүсү түрүндөгү өзгөрбөгөн натыйжаларды алып келет. Ошого байланыштуу көрсөтүлгөн укук бузуулардын күнөлүүнүн кыймыл аракетинин аныктоочу критерийи мүлктөрдүн мамилесине тийгизген зыяны болуп эсептелинет.

Мүлктөрдү бузуу түрүндөгү кылмыш жосундарынын предмети коомдук транспорттордогу же башка коомдук жерлердеги мүлктөр, ал эми бейбаштыктын предмети башка бирөөнүн мүлкү болуп саналат. Көрсөтүлгөн кол салуу түрүндөгү предметтер маданий, эстетикалык, тарбиялоочу же тарыхый баалуулук өзгөчөлүгүнө ээ болбоосу мүмкүн жана анын башкы багышталгандыгы – белгилүү фунцияларды аткарууда. Тигил же бул учурларда да башка бирөөнүн мүлкү таасирге дуушар болуп,

башкача айтканда күнөлүүгө тийиш эмес нерселер. Вандализм тарыхтын, маданияттын же жаратылыш объектилеринин эстеликтери кордоо, коомдук транспорттор же башка коомдук жерлердеги мүлктөрдү бузуу жолу менен гана жасалат.

Бейбаштыктын жана вандализмдин составын коомдук кооптуу кыймыл аракетинин узактуулугун жана интенсивдүүлүгүн камтыган, жасалган зыяндын жыйынтыгында коомго келтирген натыйжалардын көлөмүнүн даражасына карата айырмалоо керек.

Жалпысынын вандализм жана бейбаштык үчүн мейкиндик болуп саналат, башкача айтканда кылмыш жасоо жерлери болуп коомдук жерлер эсептелинет. Ошону менен бирге кылмыш жасоо ыкмалары өздөрүнүн составы менен айырмаланат. Вандализм бир гана имараттарды жана башка курулуштарды кор кылуу, коомдук транспорттордо же башка коомдук жерлерде мүлктөрдү бузуу жолу менен жасалат. Бейбаштык кыймыл аракетин жасоодо курал жарак же мындай түрдөгү колдонула турган предметтер колдонулат.

Мындан сырткары вандализмди жана бейбаштыкты жасоодо мүлктөргө зыян келтирүү менен бирге, субъект мүлк ээсине да зыян келтирүүгө аракет кылат. Бирок анын кыймыл аракети өзүнүн барктуулугун демонстрациялоо боюнча каалоосун, жалпы кабыл алынган эрежелерге урматсыздык, айланасындагыларга оройлук көрсөтүүсүн жүйөлөйт. Башка сөз менен айтканда мындай кыймыл аракеттер бейбаштык ниети менен жасалат.

Вандализмди жасоодо бир гана коомдук тартип бузулбоодо, аны менен бирге мүлккө да зыян келтирилүүдө. Ошого байланыштуу, вандализм жана бейбаштыктын кошумча объектилери боюнча да чектөөлөрдү киргизүү керек. Мындай объектилер вандализмде менчик ээси жана коомдук адеп ахлак, ал эми хулиганчылыкта адамдын ден-соолугу, абийири жана кадыр-баркы эсептелинет. Вандализм үчүн

кошумча объектилер түздөн түз мүнөзгө ээ болуп, бейбаштык үчүн факультативдүү мүнөзүн көрсөтөт.

Айтылган нерселер, кол салуудан анализденип жаткан укук бузуулар окшош механизмдүү материалдык дүйнөсүндөгү объектилер менен башкы образы менен өзгөчө мотивдүү асоциалдык кыймыл аракети менен айырмаланып жыйынтыктоого мүмкүнчүлүк берет[111, 122б.].

Жогоруда көрсөтүлгөн жыйынтыктоого негиз берип, вандализмдин мааниси, ошондой эле бейбаштыкта мүлктөрдү бузуу объектиси болуп негизги түздөн түз көрсөтүлгөн мындай кыймыл аракеттер мүлктүк мамилелер деп саналат.

Вандализмде адептүүлүк мамилелерине зыян тийгизилүүсүнүн мүмкүн экендигин белгилеп кетүү зарыл, ошондуктан алар негизги объектиге (коомдук тартипке) кошумча катары кабыл алынуусу мүмкүн. Ошол эле учурда ээнбаштыкта кандайдыр бир мүлккө зыянт тийгизүү боюнча аракеттер менен коштолгон коомдук тартипке тийгизилген зыян үчүн жоопкерчиликке тартылат. Ошого байланыштуу коомдук тартип жана коомдук адептүүлүк бейбаштыктын кошумча объектиси болуп көрсөтүлөт.

Биздин көз карашыбыз боюнча, коомдук транспортто же башка коомдук жайларда мүлктү бузууну бейбаштыктан чектөө үчүн бул аракеттердин субъективдик жагын мүнөздөгү белгилердин салыштырмалуу анализин жүргүзүү чоң мааниге ээ. Алардын экөөн тең жасалуусу – коомго, адептүүлүктүн талаптарына сыйлабоосун көрсөтүүнүн ыкмасы, ал эми күнөөлүүнүн аракеттери айланадагыларга чакыруу болгон учурда бул кылмыш өзүн башкаларга каршы коюу, аларга орой мамиле кылуу каалоосу менен шартталат.

Субъект жалпы чектердин ичинде өзүнүн аракеттеринин маанисин, айланасында орун алган жагдайларды (публикалык же андай эместигин) түшүнөт, ошондуктан анын аң сезиминде анын аракеттеринин коомдук кооптуулугу тууралуу көз караш орун алат. Укук бузуучу өзүнүн белгилүү мүлктү бузуу түрүндөгүаракеттеринин коомдук кооптуу кесепеттерин

жана анын тийгизген зыянын алдын ала көрөт. Эки учурда тең күнөөлүүлөр каалаган, умтулган кесепеттердин болуусуна аракет кылышат. Ошого байланыштуу бейбаштык жана вандализм жалгыз гана тикелей ниетте жасалат.

Бул укук бузууларга бейбаштик мотивдер мүнөздүү болуп, алар айланасындагылардын көз карашы боюнча ачык эле негизсиз болуп саналат. Жеке жек көрүүчүлүк мамилелер менен көрсөтүлгөн мотивде мүлккө кол салууну КЖКнын 266-беренеси боюнча квалификациялоого мүмкүн эмес, анткени күнөөлүү конкреттүү кишиге анын менчигине таасирдөө аркылуу зыян тийгизүүгө умтулат.

Кызгануу, тарынуу, өч алуу сыяктуу күнөөлүүнүн ою боюнча адилеттүү биринчи пайда болгон сезимдер коомдук көз карашка чакырык көрсөтүү, адептүүлүк нормаларын сыйлабоо ниетине алйнган учурлар бөтөнчө шарттарга кирет.

Чектөөлөрдү жасоодо коомдук транспортто же башка коомдук жайларда мүлктү бузуу менен бейбаштыктын ортосундагы өзгөчөлүктөр ниеттин багытында орун алып, бул составдардын калган элементтерин аныктайт. Ошонун себебинен вандализмди жана бейбаштыкты чектөөдө субъективдик жактан кол салуунун объективдүү шарттарын так изилдөө маанилүү жана анын негизинде адамдын кандай жагдайларын билгендигин же түшүнгөндүгүн, ошол моментте эмнеге умтулгандыгын аныктоо абзел.

Коомдук тартипти бузуу ниетине ээ болуп, субъект ачык аракеттерди жасап, өзүнө көңүлдү бөлдүрүп, конфликттин пайда болуусуна дуушар кылат. Бул учурда күнөөлүү аталган жагдайларды түшүнөт жана ойлогон максатына жетүүгө умтулат. Адам мүлккө кол салуу менен жашыруун түрдө күбөлөрдүн жок болгондугун билет жана анын жасаган кылмышынын кесепеттерин белгилүү бир убакыт өткөндөн соң адамдардын байкоосун каалайт.

Коомдук транспортто же башка коомдук жайларда мүлктү бузуу

түрүндөгү кылмыштык кол салуу жана майда бейбаштык көпчүлүк учурларда күнөөлүүдө белгилүү, ойлонулган, логикалык жактан негизделген жана пайдалуу максаттын жок болгондугу аталган составдарды бириктирет.

Көп учурда мындай аракеттер максатсыз, маанисиз көрүнүш катары мүнөздөлөт. Максаттын негизделбегендигине карабастан ал толук түрдө так багытка ээ – коомго чакырык жасоо. Тигил жана бул учурларда адам бир эле нерсеге умтулат – түрдүү ыкма менен ишке ашкан деструктивдик аракеттер аркылуу өзүн көрсөтүү. Мүлктү жашыруун бузууда адам коомдогу өзүн алып жүрүү эрежелерин бузуп, коомго, цивилизацияга чакырыкты «тымызын» жасоого умтулуп, коомдук тартипти бузуу менен коштолгон ачык кол салууда ал айлансындагы адамдардын тынчтыгын бузуу үчүн конфликттин пайда болуусун атайын ишке ашырат. Анализделип жаткан нормалардын максаты боюнча айырмачылыктарды акыркы жобо аныктайт.

Имараттарды же башка курулуштарды кордоо түрүндөгү кылмыштык кол салууну уят сөздөр менен коштолгон бейбаштыктан айырмалоодо өзгөчө кыйынчылыктар жок. Тагыраак айтканда, кордоо катары имараттарда же курулуштарда уяттуу жазылмаларды, адамдын намысын жана адептүүлүгүн кордогон сөздөрдү жазуу жолу менен аткарылган аракеттер түшүндүрүлөт. Цензуралык эмес сөздөрдү айтуу түрүндөгү бейбаштык башка жарандардын катышуусунда коомдук жайларда сөгүнүү сөздөрүн айтуу, кыйкыруу менен мүнөздөлөт. Анын кесепетинен көрсөтүлгөн аракеттер биринчиден жасалуу жолу менен айырмаланат.

Мүлктү атайын ниетте жок кылуу жана зыянга учуратууну вандализм менен чектерин аныктоодо ошондой эле бул кылмыштардын составынын элементтеринин объективдик жана субъективдик белгилеринин өзгөчөлүктөрүнө көңүлдү бөлүү зарыл. Вандализмдин тектик объектиси болуп коомдук коопсуздук жана коомдук тартиптин

мазмунун түзгөн коомдук мамилелер эсептелип, тике объектисин коомдук тартип түзөт.

Биз жүргүзгөн изилдөөлөр 1997-жылда кабыл алынган КЖКнын, 2017-жылдагы Жоруктар жөнүндө кодекстин жана КЖКнын күчүнө кирген мезгилин өзүнө камтыйт. Буга чейин жогоруда белгиленгендей, талданып жаткан аракеттердин курамындагы орун алган өзгөчөлүктөрдү жана өзгөрүүлөрдү аныктоо максатында эки Кылмыш-жаза кодекстери жана Жоруктар жөнүндө кодекси боюнча параллелдүү түрдө салыштыруу жүргүзүү маанилүү кызыкчылыктарга ээ.

Вандализмди 1997-жылдагы КЖКнын 174-беренеси (Мүлктү атайылап жок кылуу же зыянга учуратуу) жана 1997-жылдагы КЖКнын 175-беренеси (Тарых жана маданият эстеликтерин, жаратылыш объекттерин атайылап жок кылуу же бузуу) менен каралган составдар менен салыштыруунун алдынан 2017-жылдагы Кыргызс Республикасынын КЖКсында аталган эки состав мыйзамчыгаруучу тарабынан 2017-жылдагы КЖКнын 210-беренесине (Бөтөн мүлктү жок кылуу же бузуу) бириктирилип, ага ылайык олуттуу зыян келтирген бөтөн мүлктү жок кылуу же бузуу, ошого тете мамлекеттин коргоосуна алынган тарыхый эстеликти же жаратылыш объекттин жок кылуу же бузуу үчүн жоопкерчилик камтылган [54]. Бул жагдай жогорудагына тастыктап, ошого байланыштуу жасалган анализдин актуалдуулугу аныкталат.

1997-жылдагы КЖКнын 174-беренесинде каралган кылмыш боюнча тектик объекти болуп мүлктүк мамилелери эсептелсе, тике түрүн – менчик түзөт. Эки учурда тең кылмышкердин аракеттери дайыма конкреттүү мүлккө каршы багытталгандыгы шексиз. Бирок жок кылуу же зыянга учуратуу белгилүү менчикке зыян тийгизүүнүн каражаты болуп эсептелет. Ал эми вандализм жасалган учурунда бардык эле мүлк бузулбайт жана коомдун көңүлү менен колдонгон же коомдук колдонууда болгон түрүнө гана тиешелүү болуп, алардын мындай абалы вандализмдин негизги багытталгандыгы коомдук тартипти бузгандыгы менен шартталат.

Ошону менен бирге, кордоого же бузууга дуушар болгон предметтер 1997-жылдагы КЖКнын 235-беренесинин диспозициясында мындай тикелей көрсөтүлгөн – алар имараттар же башка курулуштар, коомдук транспорттогу же башка коомдук жайлардагы мүлктөр. 1997-жылдагы КЖКнын 174-беренесинин диспозициясы бул кылмыштын жасалуусунда кылмыштык таасирдөөгө дуушар болгон предметтерди түздөн түз көрсөтүүсүн камтыбайт.

Каралып жаткан кылмыштарды алардын жасалуусунда мүлккө зыян тийгизүү фактысы бириктирет. Мүлккө кол салуу гана вандализм актында өзүнүн статусун аныктоо, көтөрүүнүн ыкмасы болуп, ал эми бирөөнүн мүлкүн атайылап жок кылуу же зыянга учуратууну жасоодо – кореттүү менчик ээсине зыян тийгизүүнүн каражаты болуп эсептелет.

Жалпыга колдонуу үчүн арналган транспортто же башка жайларда вандалдык аракеттерди окшош болгон, бирок менчикке кол салган аракеттерден чектөөнү аракеттердин эмнеге багытталгандыгынан, мындай аракеттердин себебинен, тийгизилген зыяндын өзгөчөлүктөрүнөн жана анын өлчөмүнөн жүргүзүү зарыл. Укуктук практиканын талдоосу боюнча вандализмдин жасалган учурундагы терс таасир катары мамлекеттик же муниципалдык менчикке тийгизилсе, мүлктү атайын жок кылуу же зыянга учуратуу менчиктин бардык түрүнө багытталган. Бирок ошону менен биргеликте курулуштарды кордогон учурда ал курулуш жеке менчик болуп эсептелген учурда бул кылмыш 1997-жылдагы КЖКнын 235-беренеси боюнча квалификацияланаусу абзел.

1997-жылдагы КЖКнын 235-беренеси менен жөнгө салынган мүлккө зыян тийгизүү түрүндөгү кол салуунун жана 1997-жылдагы КЖКнын 174-беренеси менен каралган кылмыштардын предметин бирөөнүн мүлкү түзөт. анализделип жаткан кылмыштарды квалификациялоо жана чектөө үчүн таасирдөөгө дуушар болгон мүлктүн менчишинин формасы маанилүү эмес.

Изилденип жаткан кылмыштардын составдарынын ортосундагы

айырмачылыктар материалдык дүйнөнүн объектисинин функционалдык максатында болуп, коомдук колдонууга арналган жана коомдук жайларда жайгашкан бузууга дуушар болгон предметтердин менчигинин таандыгына карабастан 1997-жылдагы КЖКнын 235-беренеси боюнча квалификациялоо абзел. Ал эми кеңири колдонууга арналбаган жеке менчиктеги мүлктү анын жайгашуусуна карабастан 1997-жылдагы КЖКнын 174-берене боюнча квалификацияланат.

Ошондой эле объективдик жагын мүнөздөгөн белгилер боюнча изилденип жаткан кылмыштардын составдары айырмаланат. Мүлктүн бузулуусу түрүндөгү кылмыштык аракеттердин объективдүү жагы мыйзамчыгаруучу тарабынан башка терминологияны колдонуусуна карабастан мүлктү жок кылуу же зыянга учуратуу составына жакын болуп эсептелет. 1997-жылдагы КЖКнын 235-беренесинин диспозициясында мүлктүн бүлүндүрүүсү көрсөтүлсө, 1997-жылдагы КЖКнын 174-беренесинде – анын жок кылынуусу же зыянга учуроосу көрсөтүлүп, биздин оюбуз боюнча жок кылуунун түрүн түзөт.

Орчундуу зыянды тийгизүү вандализмдин составынын диспозициясынын милдеттүү белгиси катары каралган эмес. Ошондуктан мындай кесепеттердин орун алуусу коомдук транспортто же башка коомдук жайларда мүлктү бузуу түрүндөгү кол салуу жыйынтыгында бул аракеттердин мүлктү жок кылуу же зыянга учуратуу үчүн кошумча квалификациялоо суроосунун чечилүүсүнө таасирин тийгизет. Анткени 1997-жылдагы КЖКнын 174 жана 235-беренелери боюнча квалификациялоо үчүн белгилүү материалдык зыяндын тийгизилүүсү түрүндөгү кесепеттердин бар болуусун талап кылат жана эки анализденип жаткан кылмыштын составдары конструкциясы боюнча материалдык болуп эсептелет.

Кылмыштын жасалуусунун ордун мүнөздөгөн объективдүү жактын белгиси мүлктү жок кылуу түрүндөгү кол салууну квалификациялоо үчүн милдеттүү. Баарына белгилүү болгондой вандализм учурунда болсо

коомдук транспортто же башка коомдук жайлардагы мүлк ошондой белги болуп саналат. Коомдук тартип зыян тарткан эмес, адамдын аракеттеринде мүлктү жок кылууга болгон багытталгандык орун алган учурларда кеп башка объекти жөнүндө болуусу мүмкүн. Бул түзүм үчүн милдеттүү белги катары биз алган маалыматтарга ылайык анын жасалуу жайы кабыл алынбагандыгын белгилеп кетүү зарыл.

Белгилериндеги мүнөздүү айырмачылыгын субъективдик жагын кылдаттык менен бөлүүдө аныктаса болот. Бирөөнүн мүлкүн атайын жок кылууну же зыянга учуратууну жасоо менен күнөөлүү анын аракеттери менен кандай зыян тийерин билет, бирок ошону менен бирге анын кесепеттеринин кайрылбагандыгын гана эмес, анын орчундуу зыян тийгизилеринин мүмкүнчүлүгүн да сезет.

Адамдын зыяндын маанилүү эместиги тууралуу ката божомолу түрүндөгү баалуулук белгисине көрсөтүү туура эмес, анткени ал аракеттердин кооптуулук даражасына таасирин тийгизбейт жана аны эч бир жагдайларда азайтпайт.

Ошону менен биргеликте, кыйыр ниетте эрктик мааниге ээ болгон түзүмү адамдын изилденип жаткан кооптук аракеттерди ишке ашырып, мыйзамда конкретүү көрсөтүлгөн коомдук кооптуу кесепеттеринин болуусун каалабоосу мүмкүн, бирок алардын болуусун мүмкүн экендиги менен макул же аларга кош көңүл мамиле кылгандыгы менен мүнөздөлөт. Бирөөнүн мүлкүн атайын жок кылуу же зыянга учуратуу түрүндөгү кылмыштуу кол салуу орчундуу зыян тийгизип, тикелей жана кыйыр ниетте жасалуусу мүмкүн[112, 39б.].

Коомдук транспортто же башка коомдук жайларда мүлктү бузууну жасоодо (1997-жылдагы КЖКнын 235-беренеси) күнөөлүү өзүнүн аракеттеринин мүнөзүн түшүнөт жана мүлктүн колдонуучулук пайдалуулугунун коэффициентинин жоголуусунун болбой тургандыгын алдын ала көрө билет. Ошону менен бирге, күнөөлүү көрсөтүлгөн кесепеттердин орун алуусунун мүмкүнчүлүгүн көрө албайт, анткени

мүлктүк зыян тийгизүү түрүндөгү коомдук кооптуу кесепеттердин болуусунун ыктымалдыгынын даражасы күнөөлүү үчүн өтө жогору.

Жансыз предметтерге таасирдөө келип жаткан зыяндын сапаттуу жагын аныктайт, ошондуктан адам мүлктүн белгилүү сапаттарынын жоголуусунун сөзсүз болгондугун сезет жана анын натыйжасы кылмыштын объективдик жагын аткаруу учурунда түздөн түз көрүнөт. Күнөөлүү адам өзүнүн каалоолорун ишке ашырып, жыйынтыктын жогорку даражада болуусуна карабастан түшүнүп турган керектүү аракеттерин аткарууга бардык чараларын көрүп, белгилүү кылмыштык жыйынтыкты алып келет.

Күнөөлүү адам кылмыштык жыйынтыкка кош көңүл мамиле кылуусу мүмкүн, бирок, биздин оюбуз боюнча, мүлктү бузуунун фактынын өзүнө эмес, анын айланадагыларга кандай таасирин тийгизүүсүнө кош көңүл мамиле кылат. Коомдук транспортто же башка коомдук жайларда мүлктү бузуу түрүндө кылмыштык кол салуу жалгыз гана тикелей ниетте жасалуусун жогоруда айтылган тастыктайт.

Бизге белгилүү болгондой, аракеттердин мотивин жана максаттарын мүнөздөгөн белгилер боюнча 1997-жылдагы КЖКнын 174 жана 235-беренелер боюнча чектөөлөрдү жүргүзүү маанилүү. 1997-жылдагы КЖКнын 235-беренеси боюнча каралган кылмыштын субъектиси болуп 14 жашка чыккан киши (Жоруктар жөнүндө кодекстин 120-беренеси боюнча – 16 жаш), ал эми КЖКнын 174-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык жасалган кылмыштар үчүн – 16 жашка чыккан, ал эми КЖКнын 174-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык – 14 жашка чыккан (2017-жылдагы КЖКнын 210-березенин 1-бөлүгү боюнча – 16 жашка чыккан, ошол эле березенин экинчи бөлүгү боюнча – 14 жашка чыккан) киши эсептелет. Бул учурда менчик ээсине орчундуу зыян тийгизген бөтөн мүлккө зыяндын максатка ылайыктуу тийгизген он беш жаштагы балага кылмыш-жаза иликтөөсүн токтотуу логикалык эмес, анткени мүлккө болгон кол салуу эч кандай негизделген жан пайдалуу болгон максатты күнөөлүү көздөбөйт. Ошого

байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинин 120-беренесинде вандализмди жасоого кылмыш-жаза жоопкерчилигин 16 жаштан баштап аныктоо туура болуп эсептелет.

Вандализм составы тарых жана маданият эстеликтерин, жаратылыш объекттерин атайылап жок кылуу же бузуу жана өлгөн адамдын денесин жана алар көмүлгөн жерди мазактоо үчүн жоопкерчиликти жөнгө салган кылмыштардын белгилери менен окшоштуктарга ээ. Жасалган изилдөөнүн жыйынтыктары бул кылмыштардын составдарын квалификациялоодо жана чектөөдө практикалык бөлүктөрдүн кызматкерлери тарабынан эч кандай кыйынчылыктар кездешпегендигин тастыктады.

1997-жылдагы КЖКнын 263-беренеси (Өлгөн адамдын денесин жана алар көмүлгөн жерди мазактоо) менен каралган кылмыштын составы Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексине көчүп, орун алды. КРнын Жоруктар жөнүндө кодексинин 131-беренеси боюнча (Өлгөн адамдын денесин жана анын мүрзөсүн мазактоо) үчүн жоопкерчиликке тартылат [53]. 1997-жылдагы КЖКнын 175 жана 263-беренелери боюнча каралган кылмыштардын составдары, биздин көз карашыбыз боюнча, объективдик жана субъективдик белгилердин окшоштугу менен түшүндүрүлгөн вандализмдин составына атайын болуп эсептелгендигин белгилеп кетүү зарыл.

Имараттарды же башка курулуштарды кордоо түрүндөгү кылмыштык кол салуунун объектисин коомдук тартип, ал эми 1997-жылдагы КЖКнын 175-беренеси боюнча – менчик мамилелери, 1997-жылдагы КЖКнын 263-беренеси боюнча коомдук адептүүлүк түзөт. Ошону менен бирге, бул объектинин кылмыштардын ар бир түрүнө өзүнүн өзгөчөлүктөрүнүн болондугун белгилеп кетүү керек. Кордоо түрүндөгү кылмыштарды жасоодо көп даражада эстетика сезимдерине, ар бир адамдын намысына сый мамиле кылуу, ар бир адамдын сулуулукка жана гармонияга, белгилүү предметтерде камтылган адамдык эмгекке

умтулуу чөйрөсүндө коомдук адептүүлүктүн нормаларына тиешесин тийгизет.

Маданий жана тарыхый мурас жана ошондой эле жаратылыштын өзгөчө манилүү жана баалуу объектилеринин кол тийбестиги 1997-жылдагы КЖКнын 175-беренеси менен коргоого алынып, ал эми өлгөнлөрдүн эстеликтерине жана алардын көмүлгөн жайына сый мамиле кылуунун камсыздалуусу 1997-жылдагы 263-берене менен сакталат. Жогорудагынын натыйжасында көрүлгөндөй, анализделип жаткан нормалардын ортосундагы негизги өзгөчөлүктөр жогоруда көрсөтүлгөн составдарда так көрсөтүлгөн кол салуунун предметтеринин айырмачылыктарында.

Вандализмдин составында кордоо түрүндөгү кылмыштык кол салуунун предметин имараттар, башка курулуштар, ал эми мүлктү бузуунун предметин коомдук транспорттогу жана башка коомдук жайлардагы мүлк түзөт. Тарых жана маданият эстеликтерин, жаратылыш объекттерин атайылап жок кылуу же бузуунун предметин тарых жана маданият эстеликтери, жаратылыш комплекстери, мамлекет тарабынан коргоого алынган объектилер жана ошондой эле тарыхый же маданиц баалуулукка ээ болгон предметтер же документтер түзөт.

Практикалык мааниге имараттарды же башка курулуштарды кордоо түрүндөгү кол салуу менен тарыхтын жана маданияттын эстеликтерин жок кылууну түшүндүргөн кылмыштык аракеттердин ортосунда салыштырмалуу анализ ээ. Ошону менен бирге, корголууга алынган эстеликтер кылмыштын составында болуп, жалпы түрдө зодчествонун чыгармасы катары көрсөтүлсө, анда алар имарат болуп эсептелип, башка бардык скульптуралык курулуш – башка курулуш деп эсептелип, ошол эле учурда бул эстеликтер башка коомдук жайлардагы мүлккө кирбейт.

Буга чейин белгиленгендей, ыйгарым органдардын чечими менен мамлекет тараптан корголуусу үчүн атайын реестрге киргизилген тарыхый же маданий баалуулукка ээ болгон эстеликтер өзгөчө статуска ээ. Ошого

байланыштуу 1997-жылдагы КЖКнын 235 жана 175-беренелери менен каралган кылмыштардын ортосундагы айырмачылыктар мындай болуп байкалат: биринчи учурда таасирдөө жөнөкөй имараттарга жана курулуштарга багытталса, экинчисинде – өзгөчө статуска ээ болгон имараттарга жана курулуштарга каршы аракеттелет.

Ошентип, 1997-жылдагы КЖКнын 235-беренеси боюнча мамлекеттин коргоосунда болбогон жана тарыхый же маданий баалуулукту түзбөгөн эстеликти кордоону квалификациялоого болот. Тарых же маданият эстеликтерине аларды кордоо түрүндө кол салууга кылмыш-жаза-укуктук баа берүүдө белгилүү кыйынчылыктар жаратылууда. 1997-жылдагы КЖКнын 175-беренеси боюнча мамлекет тарабынан корголгон объектилерди жок кылуу же зыянга учуратуу үчүн жоопкерчилик каралып, ал эми кордоо зыянга учуратуунун бир түрүн түзөт, анткени мындай аракеттердин жыйынтыгында эстеликтердин эстетикалык кебетеси бузулуп, бүтүндүгү сакталат. Ошондуктан бул учурда вандализм үчүн күнөөлүүнү жоопкерчиликке кордоо эстеликтин бузулуусуна алып келбеген учурда тартууга болбойт[113, 594 б.].

Бул учурга тиешелүү бир катар авторлор маданий баалуулуктар вандализмдин предмети боло алгандыгын билдирип, кордоонун чегин кол салуунун натыйжасында бузулбаган зодчествонун чыгармасы менен токтотот[114, 179б.].

Ар бир эстелик жалпы түрдө имаратты же курулушту түзөт жана ошол себептен мындай аракеттерди вандализмдин составы менен квалификациялоо эч кандай негизге ээ эмес, анткени 1997-жылдагы КЖКнын 175-беренеси (2017-жылдагы КЖКнын 210-беренеси атайын норма болуп эсептелип, кол салуудан өзгөчө предметти коргойт. Имараттарды жана башка курулуштарды кордоо түрүндөгү кол салуу конструкциясы боюнча кылмыштын формалдуу составын түзөт.

Тарыхтын жана маданияттын эстеликтерин жок кылуу же зыянга учуратуунун составы конструкциясы боюнча материалдык, анткени 1997-

жылдагы КЖКнын 175-беренесинин диспозициясына ылайык көрсөтүлгөн аракеттерди жасагандыгы үчүн күнөөлүүнү жоопкерчиликке тартуу үчүн эстеликтин физикалык сапаттарын кемиткен түрүндөгү кесепеттердин орун алуусу талап кылынат.

Анализденип жаткан кылмыштардын составдарын алардын жасалган жайы, орду боюнча чектөөдө имараттарды же башка курулуштарды кордоо түрүндөгү кол салууга анын коомдук жайларда жасалуусу мүнөздүү болсо, ал эми тарыхтын жана маданияттын эстеликтерин, жаратылыштын объектилерин атайын жок кылуу же зыянга учуратуу үчүн бул белги эч кандай мааниге ээ эмес. Анализделип жаткан кылмыштардын составынын субъективдик жагы боюнча атайын ниеттеги күнөөнүн формасы менен мүнөздөлөт.

Ошону менен бирге, 1997-жылдагы КЖКнын 175-беренеси боюнча күнөөнүн ниети тике, 1997-жылдагы КЖКнын 135-беренеси боюнча күнөө тике жана кыйыр түргө ээ болот. Вандализм учурунда кылмыштардын мотивдери бейбаштыкта болуп, улуттук, диний, саясий терсаяктык кылуу менен байланышса, тарыхтын жана маданияттын эстеликтерине кол салууда күнөөлүүнүн ниети эстеликтин кандайдыр-бир элементин уурдоого багытталган пайда көздөө мотивдери менен шартталуусу мүмкүн.

Ошентип, жогоруда айтылгандын негизинде тарыхтын жана маданияттын, жаратылыш объектилерин жок кылуу же зыянга учуратуу менен өлгөн адамдын денесин жана алар көмүлгөн жерди мазактоонун ортосундагы чектөө жүргүзүүдө экинчи нормада кол салуунун предмети жетиштүү түрдө так аныкталып, буларды түзөт: өлгөн адамдын денеси, көмүлүү жайлары, мүрзө үстүндөгү курулуштар же өлгөндөрдү көмүү менен байланышкан церемониясын өткөрүү үчүн жана өлгөндөрдү эскерүү үчүн арналган мүрзө имараттары. Ошондуктан кол салуунун предмети боюнча бул нормаларды бөлүүдө өзгөчө кыйынчылыктар жок, анткени кол салуунун предмети күнөөлүүнүн аракеттеринин

квалификациясына таасирин тийгизгендигине байланыштуу анализделип жаткан кылмыштардын составы боюнча объективдик жактан, биздин көз карашыбыз боюнча, чектөө маанисиз болуп эсептелет.

Өлгөн адамдын денесин жана алар көмүлгөн жерди мазактоонун составы боюнча кылмыштын жасалуу ордун аныктоо боюнча өзгөчө кыйынчылыктар жок болуп саналат. Кылмыштын бул составы конструкциясы боюнча формалдык-материалдык жана нормада көрсөтүлгөн предметтерди жок кылуу же зыянга учуратуу боюнча аракеттер белгилүү зыянды тийгизүү түрүндөгү кесепеттердин орун алуу моментинен тартып бүттү деп эсептелип, башка аракеттер алардын аткарылган убактысынан бүттү деп саналат.

Өлгөн адамдын денесин жана алар көмүлгөн жерди мазактоо субъективдик жагынан жалгыз гана тике ниеттеги күнөө менен мүнөздөлөт. Ошону менен бирге бул коомдук кооптуу аракеттердин мотивдери бейбаштык болуп, улуттук, диний, саясий селсаяктык жана башкалар менен шартталат. Бул жерде тарыныч, өч алуу жана ошондой эле пайданы көздөгөн мотивдер болгон жеке мотивдер жокко чыгарылбайт.

1997-жылдагы КЖКнын 283-беренеси «Транспорт каражаттарын же жол катнашын жараксыз абалга келтирүү» (2017-жылдагы КЖКнын 299-беренеси) менен каралган кылмыштан коомдук транспорттогу мүлктү бузуу түрүндөгү кол салуудан чектөөдө биринчинин объектисин жол кыймылынын жана транспорт каражаттарынын эксплуатациясынын коопсуздугу түзгөндүгүн эске алуу керек.

Бул составдын милдеттүү белгиси – транспорт каражатынын бузулуусунун натыйжасында адамдын ден-соолугуна оор жаракат тийгизүү түрүндөгү же ири зыянды тийгизүү түрүндөгү кесепеттердин орун алуусу (2017-жылдагы КЖКнын 299-беренеси боюнча ден соолукка оор жаракаттын тийгизилүүсү). Анткени бул кылмыш атайын ниетте жасалат жана күнөөлүү өзүнүн аракеттеринин кесепеттерине жеңил

ойлуулук же этиятсыздык менен мамиле кылган жана вандализм катары башталган аракеттер мыйзамда көрсөтүлгөн кесепеттердин келип чыгуусун чакырган учурда транспорт каражаттарын же жол катнашын жараксыз абалга келтирүүнүн составы боюнча квалификацияланусу зарыл жана милдеттүү.

Вандализмдин составынын субъективдик жана объективдик белгилери боюнча окшоштуктарга ээ болгон коомдук кооптуу аракеттердин чектеш составдары менен болгон анализи алардын салыштыруучу чектөөдө аныкталган айырмалоочу өзгөчөлүктөрүн белгиленгендигин көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк түздү. Күнөөлүүнүн аракеттерине туура укуктук баа берүү жасалган кылмышты туура квалификациялоого мүмкүнчүлүк түзүп, адилеттүү жазаны аныктап, биздин республикабыздын заманбап кылмыш-жаза саясатына туура келип, ага жооп берет.

# ТЫЯНАКТАР

Жасалган изилдөө төмөнкү тыянактарды жана сунуштарды иштеп чыгууга өбөлгө жаратты:

1. Өлкөдөгү орун алган негативдүү социалдык-экономикалык, саясий жана идеологиялык процесстер коомдук коопсуздукка жана коомдук тартипке каршы кылмыштардын, анын ичинде вандализмдин, санынын өсүүсүн чакырган салттуу эмес детерминанттардын пайда болуусуна түрткү жаратып, социалдык көрүнүш катары коомдогу өзгөрүүлөргө жооп берип, коомдун тынчтыгынын жана укуктук тартибинин түрдүү бузулуу формасында болуусу мүмкүн. Бүгүнкү мезгилде күчөп келе жаткан тарыхый маданий эстеликтерди булгоо, транспортто жана башка коомдук жайларда мүлктү бузуу менен байланышкан мындай аракеттердин социалдык кооптуулугу акыркы жылдары коом тарабынан активдүү талкууга дуушар болгон адамдын бузуучу аракеттеринин формасынын бири болуп саналат, анткени жазык мыйзамы менен корголгон коомдук мамилелерге зыян тийгизүүнү өзүнө камтыйт.

2. Вандализм үчүн жоопкерчилик тууралуу мыйзамчыгаруучулуктун өнүгүүсүнүн жүргүзүлгөн ретроспективалык анализи вандализм түшүнүгүнүн жоктугу мамлекеттин жана укуктун калыптануусунун тарыхый этаптары менен байланышкандыгын көрсөттү. Ошол эле учурда, түрдүү мезгилдеги ченемдик актыларда бир катар беренелердин иштелип чыгуусунун татаалдыгына карабастан, мүлктүн бузулуусу, булгануусу менен байланышкан аракеттер үчүн жоопкерчилик камтылып, кол салуунун объектисинин түшүнүгүнүн жоктугуна байланыштуу окшош курамдуу түрдүү нормаларда камтылган.

3. Кыргыз Республикасынын жазык мыйзамчыгаруучулугунда вандализм түзүмү салыштырмалуу жаңы болуп саналат, анткени

вандализм курамына кирген аракеттер окшош курамдарда болгондугуна байланыштуу узак убакытта ЖКнын түрдүү беренелери менен квалификацияланат. Ошондуктан, бул курамга кирген суроолор, анын элементтери, кылмыштын предмети түрдүү ой пикирилерди, бирдей эмес көз караштарды жаратат.

4. Инсандын деформациясына алып келген социалдык экономикалык чыңалуунун курчугандыгы, адептик руханий, билим берүү маданий жана тарбиялык иштердеги кемчиликтер орун алган заманбап коомдун көйгөйлөрү жаштардын деструктивдүү аракеттеринде байкала баштап, социалдашуунун субъектилери тарабынан көзөмөлдүн жетишсиздигинин шарттарында оордошуп, бузуучу, антикоомдук аракеттердин түрдүү формаларына ээ боло баштады.

Жасалган изилдөө чет мамлекеттерде вандализм актылары менен күрөшүү жалгыз гана уюштуруучулук-алдын алуучулук гана эмес, ошондой эле мыйзамчыгаруучулук чаралар менен да жүргүзүлүп, ага ылайык, коомдук колдонууга арналган мүлккө кол салуу үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигин аныктоо жолу менен ишке ашырылгандыгын көрсөттү. Өзүнө вандализм менен байланышкан аракеттер үчүн жоопкерчиликти мыйзамчыгаруучулук жөнгө салган күрөшүүнүн алдыңкы тажрыйбасын талдоо мыйзамчыгаруучулуктагы кемчиликтерди гана аныктабастан, ошондой эле бул багыттагы ишти жакшыртуу максатында апробацияланган ыкмаларды колдонууну кеңейтүүгө негиз жаратат. Эл аралык тажрыйбаны изилдөө кылмыштуулук менен күрөшүүнүн билимдерин, методдорун жана тажрыйбасын байытууга түрткү жаратуу менен, ошол эле учурда ата мекендик илимдин мүмкүнчүлүктөрүн көбөйтөт.

5. Вандализм менен байланышкан аракеттер үчүн жоопкерчиликтин чет өлкөлүк жөнгө салуусунун тажрыйбасы чет өлкөлүк нормаларда күнөөлүүлөрдүн жасагана аракеттеринин чогултулган аныктамаларын колдонгондугун, кол салуунун предметинин

ачыктагандыгын көрсөтүп, бул аракеттердин тереңирээк негизделүүсүн талап кылат. Вандализм менен байланышкан азыркы мезгилдеги аракеттер коомдук тартип чөйрөсүндөгү мыйзам менен корголгон коомдук мамилелерге зыян тийгизүүгө багытталган адамдын мотивделген агрессивдик деструктивдик коомдук кооптуу аракеттерди түзөт.

6. Вандализм бардык кооптуу аракеттер сыяктуу коомдун натыйжасы болуп, тарыхый өзгөрүүсү болуп саналып, анын саясий, социалдык экономикалык жана маданий адептик жашоосунда орун алган процесстерден жана көрүнүштөрдүн көз каранды болуп, адамдын жашоосунун конкреттүү субъективдүү жагдайлары менен өз ара байланышта болуп, коомдук тартип чөйрөсүндөгү корголуп жаткан коомдук мамилелерге зыянын тийгизет. Бул аракеттер социалдык жашоонун жана ишмердүүлүктүн коомдук кооптуу натыйжасы болуп саналып, коомго зыянын тийгизет жана кылмыштуулуктун үстүнөн көзөмөл жүргүзүүнүн жыйынтыктарын шарттаган жана ага коом жетиштүү түрдө ээ болгон социалдык чаралардын колдонулуусун көзөмөл талап кылат.

7. Кылмыштуулуктун ушул түрү менен күрөшүүдө ички иштер органдарынын практикалык бөлүктөрү тарабынан тийиштүү көңүлдүн бөлүнбөгөндүгүн, вандалдык аракеттерге өз убагында чаралардын көрүлбөгөндүгүн анын абалына негативдүү таасирин тийгизгендигин жана анын латенттүүлүгүн белгилегендигин белгилеп кетүү зарыл. Ошону менен бирге, кызматкерлердин профессионалдык деңгээли менен кылмыштардын латенттүүлүгүнүн даражасынын ортосунда белгилүү өз ара байланыш бар болгондугун баса белгилейбиз. Оор кылмыштарды ачыктоонун приоритеттүүлүгү жана ошондой эле вандализм актылары менен байланышкан кылмыштарды ачыктоонун каалабагандыгы жана аларды биле албагандыгы кылмыштардын башка категорияларына каршы вандалдык аракеттерди жасоодогу күнөөлүүлөрдүн аныкталуусуна түрткү жаратпайт.

8. Вандализм менен байланышкан аракеттердин жасалуусунун жана алардын кесепеттеринин масштабдары тууралуу маалыматтардын жетишиздиги жана так эместиги иштердин реалдуу абалын анализдөөгө жана бул социалдык көрүнүшкө каршылык көрсөтүү боюнча натыйжалуу чараларды иштеп чыгуу үчүн жакынкы перспективага прогноздоого тоскоолдуктарды жаратат. Айтылган өзүнүн тастыкталуусун катталган кылмыштардын статистикасынын көп эместигине карабастан вандализм актыларынын бардык жерде орун алганда тапты.

9. Бүгүнкү күндө социалдык экономикалык көйгөйлөрдү чечүү менен биргеликте, коомдук жайларда жана коомдук транспортто, короодо, подъездде, лифтте, көчөдө, башка коомдук жайларда жүрүм турум эрежелерин үйрөтүүгө багытталган жаш муундар үчүн тарбиялык приоритеттик ориентирлерди издөө жана ошондой эле тез арада чечилүүсүн талап кылган актуалдуу маселе болгон имараттарды кордоону же коомдук мүлктү бузууну алдын алууну өзүнүн вектору катары кабыл алган заманбап жаштардын укуктук индифференттүүлүгүн жок кылуу максатында укуктук тарбия көңүл борборунда болуусу милдеттүү.

10. Вандализм криминологияда укуктук тартиптин чөйрөсүндө коомдук мамилелерге маанилүү коркунучтардын бири катары каралат. Дал ушул менен вандализмди алдын алуу концепциясы тыгыз байланышта болуп, өзүнүн тийиштүү өнүгүүсүнө ээ болуусу абзел, анткени имараттарды, курулуштарды жана жалпысынан коомдук тартипке бузуу аракеттерин жасоонун коркунучунун контекстинде интерпретацияланат.

Анын өнүгүүсү жана ошондой эле тийиштүү теоретикалык иштелмелердин зарылдыгы, күнүмдүк өсүп келе жаткан практиканын керектөөсү менен байланышкан. Бүгүнкү мезгилде вандализмди алдын алуунун натыйжалуулугун жогорулатуу коомдук тартипти ишеничтүү коргоону камсыз кылуу жана бул кылмыштык кол салуулардан коомдук жайларда мүлктү коргоо менен тыгыз байланышта болгондугу айкын.

# КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАРДЫН ТИЗМЕСИ

1. Словарь современного русского литературного языка. [Текст] - М.: Русский язык, 1991. Т. 2. С. 240, 241.

2. Учебное пособие по Особенной части уголовного права. [Текст] – М., 2001. С. 140.

3. Кыргыз Республикасынын жоруктар жөнүндө кодекси. 2017-жылдын 1-февралы № 18. КР 2017-жылдын 24-январындагы №10 Мыйзамы менен 2019-жылдын 1-январында колдонууга киргизген.

4. Учебное пособие по Особенной части уголовного права. – М., 2001. С. 141.

5. **Ожегов, С.И.** Словарь русского языка. [Текст] / С.И. Ожегов – М., 1990. С.73.

6. **Даль, В.И.** Толковый словарь живого великорусского языка. [Текст] / В.И. Даль . - М., 1981. Т. 1. С. 163.

7. **Брокгауз, Ф.А.** Энциклопедический словарь Брокгауза и Эфрона. [Текст] / Ф.А. Брокгауз // https://modernlib.net/books/brokgauz_f_a/enciklopedicheskiy_slovar_v/read_6/

8. **Алетин, Р.А.** Проблемы квалификации вандализма. [Текст] / Р.А. Алетин //Пробелы в российском законодательстве. 2015, №4. С.222-225.

9. **Русаков, А.П.** Уголовно-правовые и криминологические проблемы борьбы с вандализмом [Текст] / А.П. Русаков: Дисс…к. ю. н. - М., 2001. С. 24-25.

10. Уголовное право России. Особенная часть [Текст] / Под ред. В.Н. Кудрявцева, А.В. Наумова. - М., 1999. С.245.

11. **Скороходова, А.С.** Вандализм. [Текст] / А.С. Скороходова // Социологический журнал, 1999. № 3-4.

12. **Донченко, А.** Ненаказуемый вандализм? [Текст] / А. Донченко // Российская юстиция. № 6. 1998. С.21-24

13. **Фронченко, С.И.** Преступления против общественного порядка. [Текст] / С.И. Фронченко– Саратов, 1992. С.25.

14. **Лысак, И.В.** Механизмы и последствия деструктивной деятельности человека. [Текст] / И.В. Лысак– Таганрог, 1997. С.74-76.

15. **Кайзер, Г.** Криминология: Введение в основы [Текст] / Г. Кайзер: Перевод с немецкого / Отв. ред. К.Ф. Скворцов; Пер. В.Д. Балакина. - М., 1979. С. 223.

16. **Евменова, Е.М.** Вандализм: этиология, направление исследования и профилактики [Текст] / Е.М. Евменова // Проблемы совершенствования расследования и профилактики преступлений на современном этапе. - Уфа, 1990 С. 157-158.

17. **Свенсон, Б.** Вандализм - острая социальная проблема //Криминология и уголовная политика. [Текст] / Б. Свенсон - М.,1985. С. 118.

18. **Шурухнов, В.А.** Расследование вандализма. Учебное пособие. [Текст] / В.А. Шурухнов – М.: Изд-во «Юрлитинформ», 2005. – С. 44-46.

19. **Бобнева, М.И.** Социальные нормы и регуляция поведения. [Текст] / М.И. Бобнева - М.: Наука, 1978. С.212.

20. **Пирожков, В.Ф.** Криминальная психология. Психология криминальной преступности. [Текст] / В.Ф. Пирожков - М., 1998. Кн.1. С. 217-218.

21. **Бандурка, А.М., Зелинский, А.Ф.** Вандализм. [Текст] / А.М. Бандурка, А.Ф. Зелинский - Харьков, 1996. С. 25-27

22. **Алауханов, Е.О.** Криминология. [Текст] / Е.О. Алауханов – Алматы, 2008. С.484.

23. **Зимин, А.А.** Правда Русская. [Текст] / А.А. Зимин - М., 1999. С.37-38.

24. **Тихомиров, М.Н., Епифанов, П.П.** Соборное уложение 1649 года. [Текст] / М.Н. Тихомиров, П.П. Епифанов – М., Изд-во Моск. Ун-та, 1961. С. 92-95.

25. **Бенцианов, М.М.** Судебник 1497 года и складывание территории русского государства. Проблемы истории России. Вып.2. Опыт государственного строительства ХУ-ХХ вв. [Текст] / М.М. Бенцианов // http: //elar.urfu.ru /bitstream /10995 /2736/1/pristr-02-02.pdf

26. Устав князя Ярослава о церковных судах. Краткая редакция //Российское законодательство X-XX веков. В 9 т. - Т. I. Законодательство Древней Руси. [Текст] - М., 1984. С. 169, 190.

27. Российское законодательство X-XX веков. Т.1: Законодательство Древней Руси. [Текст] – М., 1985. С. 149, 160-161.

28. Сергеевич В. Лекции и исследования по древней истории русского права. - 3-е изд. [Текст] - СПб., 1903. - С. 436.

29. **Федорова, А.Н.** Система преступлений против собственности по Артикулам воинским 1715 года. [Текст] / А.Н. Федорова // Вектор науки Тольяттинского государственного университета. – Тольятти, 2013. С.385-387.

30. Общая характеристика преступлений против собственности по Уложению о наказаниях уголовных и исправительных 1845года. [Текст] // Вестник Хакасского государственного университета им. Н.Ф. Катанова. Вып.II. Серия 3. История, право. – Абакан, 2002. С.89-90.

31. Понятие и виды преступлений против собственности (сравнительно-правовой анализ) [Текст] // Право и общество. Материалы межвузовской научно-практической конференции. - Абакан, 2001. С.16-24.

32. **Фойницкий, И.Я.** Курс уголовного права. Часть Особенная.

Посягательства на личность и имущество. [Текст] / И.Я. Фойницкий - СПб., 1890. С. 307.

33. Законодательство первой половины XIX века. [Текст]- М., 1988. Т. 6. С. 256.

34. **Алешин, П.И.** Развитие российского уголовного права во второй половине XIX века. [Текст] / П.И. Алешин //Вестник Московского университета МВД России, 2010. №7. С.72-73

35. **Балыбин, В.А.** Уголовное уложение Российской империи 1903 года. [Текст] / В.А. Балыбин: Автореф. дисс… канд. юрид. наук. – Л., 1982. С.36.

36. **Кожоналиев, С.К.** Обычное право кыргызов. [Текст] / С.К. Кожоналиев – Бишкек, 2000. С.111, 125, 159

37. Ереже Токмакского чрезвычайного съезда биев. [Текст] – Верный, 1893. С.34

38. ЦГИАЛ СССР, ф.1396, оп.1, д.400, л.59

39. **Иванова, О.М.** Краткий очерк об истории становления советского уголовного законодательства об имущественных преступлениях (1917-1922 годы). [Текст] / О.М. Иванова //Вестник Московского университета МВД России. - М., 2014, №6. С.125-126.

40. Уголовный кодекс: Научно-популярный практический комментарий. [Текст] - М., 1925. С. 196.

41. Уголовный кодекс: Текст с постатейно систематизированным материалом законодательного и ведомственного характера. [Текст] - М., 1924. С. 676.

42. **Елисеев, С.А.** Преступления против собственности по УК РСФСР 1922 года. [Текст] / С.А. Елисеев // Сибирский юридический вестник, 2004. №1. С.28.

43. **Герцензон, А.А., Меньшагин, В.Д., Ошерович, Б.С.,**

**Пионтковский, А.А.** Уголовное право. Особенная часть. Государственные преступления. [Текст] / А.А. Герцензон, В.Д. Меньшагин, Б.С. Ошерович, А.А. Пионтковский - М., 1938. С.106.

44. Курс Уголовного права. В 5-ти томах / под ред. Г.Н. Борзенкова, В.С. Комиссарова. [Текст] - М.: Зерцало, 2002. Т. 3. С. 393-398.

45. Бюллетень НКВД. 1923. 5 ноября. № 25.

46. **Карницкий, Д., Рогинский, Г.** Уголовный кодекс РСФСР. Пособие для слушателей правовых вузов, школ и юридических курсов. [Текст] / Д. Карницкий, Г. Рогинский. - М., 1936. С. 122.

47. Уголовное право. Учебник для юридических школ. [Текст] - М., 1947. С. 321.

48. Ведомости Верховного Совета Киргизской ССР. [Текст] – Фрунзе, 1982. №24, ст.202.

49. УК Киргизской ССР [Текст]. – Фрунзе, 1984. С.272.

50. **Пионтковский, А.А.** Курс советского уголовного права. [Текст] / А.А. Пионтковский - М., 1970. С. 342.

51. Комментарий к УК КР под ред. Курманова К.Ш. [Текст] – Бишкек, 2003. С.436.

52. Закон КР от 24 января 2017 года N10 с 1 января 2019 года. [Текст] // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111531?cl=ru-ru

53. Кодекс о проступках Кыргызской Республики. Вводится в действие Законом КР от 24 января 2017 года N10 с 1 января 2019 года. [Текст] //// http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111531?cl=ru-ru

54. Уголовный кодекс Кыргызской Республики от 24 января 2017 года N10. [Текст] // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111531?cl=ru-ru

55. **Власов, И.С.** Охрана исторических памятников в Германии [Текст] / И.С. Власов // Правовая охрана памятников истории и культуры в

зарубежных странах. - М., 2005. С. 44.

56. Уголовный кодекс Дании. [Текст] - СПб., 2001. С. 126.

57. Уголовный кодекс Швеции / пер. с англ. С. С. Беляева. [Текст] - М., 2000. С. 97.

58. Новый Уголовный кодекс Франции. [Текст] - М., 1993. С. 133, 134.

59. **Домрин, А.Н.** Охрана памятников истории и культуры в Великобритании // Правовая охрана памятников истории и культуры в зарубежных странах. [Текст] / А.Н. Домрин – М., 2005. С. 29.

60. Примерный уголовный кодекс (США). [Текст] - М., 1969.

61. Уголовный кодекс Бельгии / науч. ред. и предисл. Н.И. Мацнева; пер. Г.И. Мачковского. [Текст] - СПб., 2004. С. 331.

62. Уголовный кодекс Австрии. [Текст] - М., 2001. С. 86.

63. Закон об уголовном праве Израиля. [Текст] - СПб., 2005. С. 188, 190.

64. УК Китайской Народной Республики. [Текст] // https://asia-business.ru/law/law1/criminalcode/

65. Уголовный кодекс Турции. [Текст] - СПб., 2003. С. 324.

66. Уголовный кодекс Республики Болгария. [Текст] - СПб., 2001.

67. **Трещетенкова, Н.Ю.** Охрана памятников истории и культуры в Польше [Текст] / Н.Ю. Трещетенкова // Правовая охрана памятников истории и культуры в зарубежных странах. – М., 2005. С. 83.

68. **Ансель, М.** Методологические проблемы сравнительного права// Очерки сравнительного права. [Текст] / М. Ансель - М., 1991. С. 38.

69. УК Республики Казахстан. [Текст] – Алматы, 2002.

70. УК РФ. [Текст] – Москва, 2008.

71. Уголовный кодекс Республики Беларусь. [Текст] - СПб., 2001.

72. Уголовный Кодекс Республики Молдова. [Текст] - СПб., 2003.

73. УК Республики Таджикистан от 21.05.1998. [Текст] //

http://online.zakon.kz/document/?doc_id=30397325

74. УК Республики Армения от 18.04.2003. [Текст] // https://www.wipo.int/edocs/lexdocs/laws/ru/am/am012ru.pdf

75. УК Республики Узбекистан от 20.08.2015. [Текст] // http://fmc.uz/legisl.php?id=k_ug

76. Уголовный кодекс Эстонской Республики. [Текст] - СПб., 2001.

77. Уголовный кодекс Латвийской республики. [Текст] - СПб., 2001

78. УК Азербайджанской Республики от 30.12.1999. [Текст] // http://www.gender-az.org/index.shtml?id_doc=1147

79. УК КР. [Текст] – Бишкек, 2016. Ст.235.

80. **Кудрявцев, В.Н.** Предисловие к первому изданию. /В кн. Преступность XX века: мировые, региональные и российские тенденции. [Текст] / В.Н. Кудрявцев – М., Волтерс Клувер, 2005. С.22-23.

81. **Кудрявцев, В.Н.** Социальные демографии. [Текст] / В.Н. Кудрявцев – М., 1992. С.31.

82. **Лунеев, В.В.** Преступность XX века: мировые, региональные и российские тенденции. [Текст] / В.В. Лунеев– М., 2005. С.40, 117-118, 283, С.298-299.

83. **Синельников, А.В.** Система критериев оценки деятельности правоохранительных органов и ее криминологическое значение. [Текст] / А.В. Синельников //Вестник Волгоградского гос. ун-та. Сер. 5, Юриспруд. 2011. № 1 (14). С.159-162.

84. **Алауханов, Е.О.** Криминология. [Текст] / Е.О. Алауханов – Алматы, 2008. С.43.

85. **Алексеев, А.И.** Криминология: курс лекций. [Текст] / А.И. Алексеев - М., 1998. С.143-147.

86. Данные МВД Кыргызской Республики.

87. **Караханов, В.Е., Петров, С.В.** Организация комплексного использования сил и средств органов внутренних дел в охране общественного порядка и борьбе с преступностью. [Текст] / В.Е. Караханов, С.В. Петров. - М.: Академия МВД СССР, 1975. С.88.

88. Комментарий к УК КР под ред. Асаналиева Т.А. [Текст] – Бишкек, 2003.

89. Обезглавленный Ленин. [Текст] // https://24.kg/obschestvo /63255_sem_sluchaev_vandalizma_vnbspkyirgyizstane/

90. Украли на металл. [Текст] //https://24.kg/obschestvo/63255_ sem_sluchaev_vandalizma_vnbspkyirgyizstane/

91. **Макаренко, М.М.** Уголовная ответственность за вандализм [Текст] / М.М. Макаренко: Автореф. Дис…канд. юрид. наук. - М., 2006. С. 9.

92. Вандалы на кладбище. [Текст] // https://24.kg/obschestvo /63255_sem_sluchaev_vandalizma_vkyirgyizstane/

93. Железнодорожное граффити. [Текст] // http: //www.networkrail. co.uk/aspx/1022.aspx

94. Parliament of New South Wales Legislative Assembly, 22 January 2009. First Session of the Fifty-Fourth Parliament: Questions and Answers No. 108.

95. **Свенсон, Б.** Криминология и уголовная политика // Сборник материалов советско-скандинавского симпозиума. [Текст] - М.: Институт государства и права Академии наук СССР, 1985. С. 118-119.

96. **Гольдштейн, А.** Физиология вандализма. [Текст] / А. Гольдштейн. - Нью-Йорк, 1996. С. 36.

97. **Хаубер, А.Р.** Голландская перспектива о некоторых последствиях альтернативных санкций [Текст] / А.Р. Хаубер // Преступность, право и социальная сфера. 1991. № 15.

98. Семь случаев вандализма в Кыргызстане. [Текст] //https://24.kg/obschestvo/63255_sem_sluchaev_vandalizma_vkyirgyizstane/

99. **Босхолов, С.С.** Основы уголовной политики: конституционный, криминологический, уголовно-правовой и информационный аспекты. [Текст] / С.С. Босхолов - М., 1999. С. 139.

100. **Звекич, У.** Сравнение с обзорами виктимизации в странах Восточной и Центральной Европы. //Латентная преступность: познание, политика, стратегия. Сборник материалов международного семинара. [Текст] / У. Звекич– М., 1993. С.57.

101. **Макаренко, М.М.** Уголовная ответственность за вандализм. [Текст] / М.М. Макаренко: Дис… канд. юрид. наук. - М., 2006. С. 3.

102. **Евменова, Е.В.** Вандализм: этиология, направление и исследование профилактики // Проблемы совершенствования расследования и профилактики преступлений на современном этапе. [Текст] / Е.В. Евменова - Уфа: Издательство Башкирского университета, 1990. -168 с. С.155-159.

103. **Маркс, К., Энгельс, Ф.** Соч., т.3. [Текст] / К. Маркс, Ф. Энгельс. - С.440.

104. **Игнатенко, В.И.** Основы предупреждения антиобщественного образа жизни и рецидива преступлений несовершеннолетних. [Текст] / В.И. Игнатенко – Рязань, 1996. С.123.

105. **Грибоедов, А.С.** На пути к преступлению (трудновоспитуемые люди). [Текст] / А.С. Грибоедов. – Ленинград, 1928. С.53.

106. **Корженко, А.Л.** Молодежная субкультура как альтернативная форма социализации личности в юношеском возрасте [Текст] / А.Л. Корженко // Вопросы психологии. 2010. № 2. С. 88.

107. **Рогова, Е.Е.** Переживание одиночества подростками с разной

социальной направленностью [Текст] / Е.Е. Рогова // Вопросы психологии. 2002. № 5. С. 39.

108. **Джоробекова, А.М.** Проблемы совершенствования мер борьбы с преступностью несовершеннолетних (уголовно-правовые и криминологические аспекты) [Текст] / А.М. Джоробекова – Б., 2006. С.105, 92.

109. **Ситковская, О.Д.** Психология жестокости и вандализма // Проблемы обеспечения личной безопасности граждан: Труды Академии МВД. [Текст] / О.Д. Ситковская - М., 1995. С. 57.

110. **Алауханов, Э.О.** Преступность несовершеннолетних. Криминология. [Текст] / Э.О. Алауханов – Алматы, 2008. С.472.

111. **Векленко, С.В.** Уголовная ответственность за нарушение общественного порядка из хулиганских побуждений [Текст] / С.В. Векленко: Дис... канд. юрид. наук. -М., 1996. С. 122.

112. Комментарий к Уголовному кодексу Российской Федерации [Текст] / Отв. ред. А.И. Рарог. - М, 2004. С. 39.

113. Комментарий к Уголовному кодексу Российской Федерации [Текст] / Отв. ред. А.В. Наумов. – М., 1999. С. 594.

114. **Лукашук, И.И., Наумов, А.В.** Международное уголовное право. [Текст] / И.И. Лукашук, А.В. Наумов. - М., 1999. С. 179.